63.3 кырг
С 50



Сыдык Смадияров

# ОШ: көчөлөрдө катылган тарых





63.3 кырг
С 50

Сыдык Смадияров

# ОШ:
# КӨЧӨЛӨРДӨ КАТЫЛГАН ТАРЫХ

*Тарыхый очерк*

Биринчи китеп

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487216

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
УНИВЕРСАЛДЫК АДАБИЯТТАР БӨЛҮМҮ

«Турар»
Бишкек – 2022

УДК 94 (100-87)
ББК 63.3 (5 Кир)
С 50

Китеп Ош мамлекеттик университетинин тарых факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен басмага сунушталды жана Ош шаарынын мэриясынын колдоосу менен жарык көрдү.

**Рецензенттери:**
*А. Мурзакметов* – тарых илимдеринин кандидаты, доцент
*С. Арстанов* – тарых илимдеринин кандидаты, доцент

**Смадияров Сыдык.**
С 50 **Ош: көчөлөрдө катылган тарых:** *Тарыхый очерк.* Биринчи китеп. – Б.: «Турар», 2022. – 136 б. + 24 б. вкл. кара, түстүү

ISBN 978-9967-35-151-6

Китепте Ош шаарынын башкы көчөлөрүнүн тарыхы, алардын колониалдык доордогу, кеңеш мезгилиндеги жана эгемендүүлүк жылдарындагы аталыштары, этимологиясы, андагы жайгашкан белгилүү тарыхый эстеликтердин, имараттардын курулуу тарыхы, тарыхый окуялар баяндалат.

Китеп сүйүктүү шаарыбыздын тарыхына кызыкдар жалпы окурмандарга сунушталат.

УДК 94 (100-87)
ББК 63.3 (5 Кир)

ISBN 978-9967-35-151-6

© Смадияров С., 2022

## Алгы сөз

Ош шаары – Борбор Азиядагы эң байыркы шаар. Ал байыркы Рим менен жашташ. Шаарыбыз татаал жана даңктуу тарыхка ээ. 2000-жылдын 4–5-октябрында Оштун 3000 жылдык мааракеси белгиленип, ушул окуяга байланыштуу эгемен Кыргызстандын тунгуч президенти А. Акаевдин токтому менен Ош шаарына «Кыргыз Республикасынын түштүк борбору» деген расмий макам берилген. Ошондон бери 5-октябрь «Шаар күнү» деп кабыл алынып, жыл сайын майрамдалып келүүдө. Шаардын так ортосунан орун алып, өзгөчө көрк берип турган жана анын символу болгон ыйык Сулайман тоо 2009-жылы ЮНЕСКОнун «Дүйнөлүк мурастар тизмесине» кирип, шаардын даңкын дүйнөгө таратты. 2019-жылы Ош шаары ТҮРКСОЙ эл аралык маданий уюму тарабынан «Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору» деп жарыяланып, шаарыбызда бир катар эл аралык маданий иш-чаралар өттү. Мына ушул тарыхый, маданий окуялар шаарыбыздын тарыхын дагы да байытып, дүйнө коомчулугунда анын тарыхына болгон кызыгууну ого бетер жогорулатты.

Шаар – бул анын көчөлөрү. Алардын аталышы (годоним) кайдан чыкты, мааниси эмне? Анда кандай тарыхый окуялар камтылган? Бул суроолорго жооп жазуу – көчөлөрдүн тарыхын жазуу болуп саналат. Ал эми көчөлөрдүн тарыхы – бул шаардын тарыхы, өлкөнүн тарыхы. «Көчө» сөзү биздин тилге перс тилинен кирген. Ал алгач персче «көй» сөзүнө кичирейтүүчү «ча» мүчөсү кошулуп, «көйча» («адамдар турган чакан жай» деген маанидe) деп аталып, бара-бара «көчө» болуп өзгөртүлүп айтылып калган. Тилибиздеги азыркы күндө дээрлик колдонулбай калган «көчө – көй» деген сөз айкалышы да мына ошондон.

Кыргыз жана чет элдик тарыхнаамада Ош шаарынын жалпы тарыхын изилдөө бир топ ургаалдуу жүргөнүнө карабастан, шаардын көчөлөрүнүн тарыхы, алардын аталыштарынын келип чыгышы, мааниси, өзгөрүү себептери азыркы күнгө чейин дээрлик изилдене элек. Биз Ош шаарынын тургуну катары мына ушул боштукту толтурууга аракет жасап, колдо бар материалдарга таянып, ушул китепти жазган болдук. Албетте, бул чакан китеп менен эле коюлган маселе биротоло чечилип калат деген ойдон алыспыз. Ошентсе да китептеги шаардын көчөлөрү жөнүндөгү сунушталган маалыматтар шаар тургундарында, келген коноктордо жана туристтерде кызыгууну жаратып, алардагы шаарыбыздын тарыхы жөнүндөгү маалыматтарды дагы да байытат деген ишеним пикирдебиз.

*Автор*

I бөлүм

# ОШ ШААРЫНЫН КЫСКАЧА ТАРЫХЫ

## 1.1. Ош шаары революцияга чейинки мезгилде

Борбордук Азиядагы эң байыркы шаарлардын бири болгон Ош шаары өз жашоосун мындан үч миң жыл илгери коло доорунун акыркы этаптарында баштаган. Бул илимий тыянакты чыгарууга археологиялык казуулардын натыйжасында Сулайман тоонун түштүк-батыш капталынан табылган «Ош тургун жайы» археологиялык эстелиги мүмкүндүк жаратты. «Ош тургун жайынын» 3000 жылдык жашы радиоуглероддук ыкма менен да аныкталган. Чуст маданиятына таандык «Ош тургун жайы» башка чусттук тургун жайлардан айырмаланып, тектирчелерде орун алган. Мында көптөгөн кызыктуу археологиялык буюмдар табылган, алар айрыкча сүрөттөр менен кооздолгон керамика идиштерине бай болгон. Мына ушул табылгалар, ленинграддык окумуштуу-археолог Ю.А. Заднепровскийдин (мындагы археологиялык казууларды жетектеп алып барган – С.С) «Ош тургун жайына» 3000 жыл болгондугу жана «Ош

тургун жайы» Чыгыш Ферганадагы чуст урууларынын маданий-идеологиялык борбору болгондугу туралуу баалуу эки илимий тыянак чыгаруусуна негиз болду[1]. Ошентип, «Ош тургун жайы» Ош шаарынын башаты (зародыш) болгон, ал кийинчерээк Ферганадагы чоңдугу боюнча 3-орунда турган ири шаардын жаралышына негиз салган[2].

Чыгыш менен Батышты байланыштырган Улуу Жибек жолу иштей баштаган мезгилден эле, башкача айтканда, б.з.ч. II кылымдан – б. з. XV кылымга чейин Ош аталган трансконтиненталдык соода жолунун жүктү которуштуруучу (перевалочный) ири пункту гана болбостон, анын Чыгыш менен Батыш өлкөлөрүн байланыштырган өтмө дарбазасынын да ролун аткарган. Мындай абал, албетте, Оштун гүлдөп өнүгүшүн шарттаган.

Оштун шаар макамын качан алгандыгы илимде аликүнчө аныктала элек. Бул маселе боюнча илимпоздордун арасында бир канча пикирлер бар. Айрым илимпоздор Ош байыркы Давань падышачылыгынын мезгилинде эле (б.з.ч. II к.) шаар болгон, атүгүл анын борбор калаасы да болуп турган деген пикирди айтышса, башкалары Ош эрте орто кылымдар доорунда шаарга айланган деген ойдо турушат. Мисалы, белгилүү илимпоз-синолог Л. А. Боровкова байыркы кытай жазма булактарындагы маалыматтарды изилдеп, анда келтирилген Гуйшаньчэн (кытай тилинде

[1] *Заднепровский Ю.А.* Ошское поселение: к истории Ферганы в эпоху поздней бронзы. – Б., 1997. – С.94; Малтаев К.Ж. Сулайман Тоо древнейший поднебесный храм в Центральной Азии. – Ош, 2000. – С.4.

[2] *Нуридинова Т.* и др. Древний Ош в истории Кыргызстана. – Ош, 2004. – С. 12.



«Ыйык тоонун жанындагы шаар» деген маанини берет – С.С.) шаары азыркы Ош шаарынын ордунда жайгашкан, демек, ал (Гуйшаньчэн) Ош шаары болгон деген пикирин билдирген[1]. Белгилөөчү жагдай, байыркы кытай жазма булагы «Хань шуда» б.з.ч. II кылымдын аягы – I кылымдын башында Хань-Давань согушунун мезгилинде Давань падышачылыгынын борбору кыска мөөнөткө Гуйшаньчэн шаары болуп турган деген маалымат камтылган. Л. Боровкова өзүнүн монографиясында мына ошол Гуйшаньчэн шаары азыркы кайсы шаар болушу мүмкүн деген маселени иликтеп, ал Ош шаары болгон деген тыянакка келген. Шаардын аталышынын «Ыйык тоонун жанындагы шаар» мааниси да муну кошумча тастыктап турат. Анткени байыркы мезгилден эле Фергана өрөөнүндө ыйык тоосу (Сулайман тоо) бар шаар – Ош шаары гана болгон. Ал эми кыргыз археолог-окумуштуусу К. Ташбаева өзүнүн изилдөөлөрүнө таянып, байыркы Давань падышачылыгынын борбору Эрши шаары азыркы Ош шаарынын ордунда жайгашкан. Демек, Эрши шаары бул Ош шаары, анын аталышы «Эрши – Эши – Оши – Ош» болуп, тилдик модификацияга байланыштуу өзгөргөн деген илимий пикирин далилдеп келүүдө[2]. Көңүл бурчу жагдай, байыркы доордогу жазма тарыхый булактарда шаарыбыз өзүнүн азыр-

[1] *Боровкова Л.А.* Запад Центральной Азии во II веке до н.э. – в VII веке н.э. (историко-географический обзор по древнекитайским источникам). – М., 1989. – С.56.

[2] *Ташбаева К.И.* Давань: государственное устройство, этническая принадлежность и хозяйство населения. // Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында.

кы Ош аталышы менен бир да жерде эскерилбегендиги.

Ош шаары азыркы күнгө чейин алып жүргөн өзүнүн «Ош» аталышы менен эрте орто кылымдарга, тагыраагы IX–X кк. таандык араб авторлорунун эмгектеринде эскериле баштайт. Ал эми анын этимологиясына (шаардын аталышынын келип чыгышын, маанисин чечмелөө – С.С.) келсек, бул маселе азыркы күнгө чейин биротоло тактала элек. Учурда Оштун этимологиясы боюнча бир нече элдик (уламыштардын негизинде чечмелөө) жана илимий варианттар бар. «Ош» аталышынын чечмеленишинде элдик варианттар менен илимий варианттар бири-биринен кескин айырмаланышат. Алардын негизгилерине токтололу.

Ош аталышынын келип чыгышын чечмелеген элдик уламыштар ыйык Сулайман тоо жөнүндөгү уламыштар менен тыгыз байланышта айтыларын белгилөө шарт. Мына ушундай уламыштардын бири – Оштун келип чыгышын Библиядагы падыша Соломон менен байланыштырат. Анда мындайча айтылат: «...пайгамбар делген Соломон падыша алдына соко чеккен эки өгүздү салып, аскерлери менен келатыптыр. Ушул тоонун (Сулайман тоо – С.С.) жанына жеткенде «хош!» – «болду жетет» деген экен. Шаар ошондон улам Ош болуп калган дешет»[1]. Ушундай эле маңыздагы уламыштын башка версиясы шаардын аталышынын келип чыгышын мусулмандардын пайгамбары – Азирети Сулайман менен байланыштырат. Мында падыша Соломон Азирети

[1] *Ювачев И.П.* Курманжан датка алайлык кара кыргыздардын канышасы//Кыргыздар: Санжыра. Тарых. Мурас. Салт. Түзгөн Кеңеш Жусупов. – Бишкек, 1991. – 241–294-бб.



ти Сулайман пайгамбар менен гана алмаштырылат. Эл арасында ушундай маңыздагы жөнөкөй элдик уламыш да сакталган. Анда азыркы шаар жайгашкан аймак мурда эгин аянты болгондугу айтылат. Жер айдап жаткан күндөрдүн биринде чарчаган өгүз жатып алып, турбай коёт. Ээси болсо өгүздү тургузуу үчүн: «Хош!», «Хош!» – деп кыйкыра берет. Түрк тилдүү уруулар ири мүйүздүү малды: «Хош!», «Хош!» – деп кыйкырып айдашат. Кыргыздар «Ош» деп айтышат. Уламышта мына ошондон улам бул жер (кийинчерээк шаар) «Ош» деп айтылып калган делет[1]. XX кылымдын башында мааниси боюнча жогорудагы уламыштарга окшош уламамышты орус изилдөөчүсү Л. Зимин жазып калтырган. Бирок бул уламышта башкы каарман – Азирети Адам[2]. Дагы бир уламыш шаардын аталышынын келип чыгышын Орто Азия элдеринде Искендер Зулкарнайн («Кош мүйүздүү Искендер») деген ысым менен белгилүү болгон байыркы дүйнөнүн атактуу аскер башчысы Александр Македонский менен байланыштырат. Анда: «Өзүнүн согуштук жортуулдарынын биринде белгилүү аскер башчы (Александр Македонский – С.С.) аскери менен бир шаарга токтойт. Шаардын кооздугуна таң калган ал анын аталышын сурайт. Бирок жооп ала албайт. Ошондо ал: «Мен эртең менен ойгонгондо эң биринчи эмне сөздү уксам, шаардын аталышы ошол болот дейт да, жатып уктап калат. Эртең менен эрте ойгонгон аскер башчы

[1] *Ахилулла Хайрилулла оглы.* Город Ош и Тахт Сулайман /Приложение к газете «Вакт» / На тюркском языке. – Оренбург, 1913. -№1264.

[2] *Зимин Л.* Мусульманское сказание о городе Оше. – Ташкент, 1913. – С.3.

мал айдап бараткан балдардын: «Хош!», «Хош!» деген, кыйкырыктарын угат. Ага ал сөз: «Ош», «Ош» – деп угулат. Ошентип, шаардын аты Ош болуп калат»[1] – деп айтылат.

Ал эми Ош шаарынын этимологиясынын илимий версияларына келсек, алардын негизгилери төмөнкүлөр:

Ош топониминин келип чыгышы жөнүндөгү эң алгачкы кызыктуу пикирди окумуштуу-географ, академик Э. Мурзаев сунуштаган. Ал өзүнүн «Словарь местных географических терминов» аттуу китебинде «Ош» сөзүн байыркы арий тили (эрз тили) менен байланыштырып, ал «шаар», «шаарча» деген маанини берген деген пикирин айткан.

Белгилүү археолог, этнограф, тарыхчы чыгыш таануучу, Орто жана Борбор Азиянын тарыхы жана маданияты боюнча ири изилдөөчү, Кыргызстандын археология илиминин негиз салуучусу Александр Натанович Бернштам байыркы кытай жазма булактарынын маалыматтарына таянып, Ош топониминин келип чыгышын «Уш» деген сактардын уруусунун этноними менен байланыштырган. Ал минтип жазган: «Юйту деп аталган Алай өрөөнүндө уш уруусу жашаган, анын аталышы азыркы Ош шаарынын аталышында сакталып калган»[2].

---

[1] *Мамытов С. А.* «Ош» сөзүнүн тамыры кайда (Где корень слова «Ош»?)// Все про Ош ... (Из материалов международных конференций «Ош на пороге XXI века: Из глубин истории в цивилизованное будущее. – Ош, 9–12 октября 1997г. и «История и культура Оша и Ошской области в домонгольскую эпоху». – Ош, 1999. – С. 8–10.

[2] *Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Том I. Составители: К. Ташбаева, Л. Ведутова. – Бишкек, 1997. – С. 252.



Жергиликтүү окумуштуу-археолог Кеңешбек Малтаев Оштун этимологиясын Ак-Буура дарыясы, ыйык Сулайман тоо жана байыркы зороастризм дини менен байланыштырган. Ал минтип жазат: «Байыркы жана эрте орто кылымдар доорунда Ош шаарында от храмы, зороастрийлик суунун жана тоонун культу болгондугун X кылымдагы араб авторлору ал-Истахри жана ибн Хаукалдар маалымдашат. Алар Ош шаарынын үч дарбазасы болгондугун жазышат: Дарваза-и Кух (Тоо дарбазасы), Дарваза-и Аб (Суу дарбазасы) жана Дарваза-и Мугкеде (отко сыйынуучулардын храмынын дарбазасы). Кытай булагы «Син Тан шуда» Еча-Йахша шаарында керемет үңкүр-храм бар, анда бир жылда эки жолу отко сыйынышып, курмандык чалышат жана шаардын аталышы, ага (шаарга) кандайдыр бир артыкчылык берүүчү «йахса» термини менен байланыштуу деп айтылат (А.Г. Малявкин), бул маалыматтардан биз Ош шаарын көрүп турабыз. Биздин пикирибизче, Еча-Йахша шаарынын аталышы зороастрийлердин дарыя (суу) кудайы – байыркы Борбор Азияда Вахша, Оахша, Охшо вариантында айтылган Ардзи-Сура, Ардохшо-Анахита аталыштарынан келип чыккан. Бул аталыштар «булганбаган», «берметтей таза», «ыйык» деген маанини берген.

...Мында биз метатезанын натыйжасын көрүп турабыз. Ак-Буура дарыясы байыркы доордо Йахша, Оахшо деп аталган болуу керек. Булардын баары Борбор Азиянын байыркы дыйкандары, анын ичинде Ош тургун жайынын жашоочулары дарыя суусун ыйык туткандыктарынан кабар берет. Ош шаарынын Сулайман тоосунда Бүркүттөр үңкүрү бар (анда

азыр музейдин филиалы жайгашкан), аны биз Син Тан шуда эскерилген керемет үңкүр деп эсептейбиз. Мында зороастрийлердин эң алгачкы суу (дарыя храмы Йахша – Охшо – Ош) жана от храмы болгон болуу керек. Кийинчерээк дарыянын Охшо – Ош аталышы (гидроним) шаардын аталышына өткөн. Автору белгисиз Худуд-ал-Алам (X к.) жана Хавиз-и- Абруй (XIV–XV кк.) чыгармаларында Ак-Буура дарыясы Ош дарыясы деп аталган»[1]. Ошентип, окумуштуунун пикири боюнча, Ош шаарынын аталышы азыркы Ак-Буура дарыясынын, байыркы жана эрте орто кылымдардагы Йахша – Охшо – Ош аталыштарынан келип чыккан.

Эрте орто кылымдар доорундагы араб авторлору Абу-л-Касым Убайдаллах ибн Хордадбек, ал-Истахри, ибн Хаукаль ж. б. Ош шаарын Фергана өрөөнүндөгү көлөмү боюнча үчүнчү шаар деп белгилешет. Алардын берген маалыматы боюнча Ош бул мезгилде сооданын жана кол өнөрчүлүктүн ири борборуна айланган өнүккөн шаар – чеп болгон. Шаардын борборунда шаар башкаруучусу үй-бүлөсү, сакчылары, кызматчылары менен жайгашкан ички сепил – цитадель (кухендиз) орун алган. Андан кийин шахристан жайгашкан, андан соң шаардын үчүнчү бөлүгү – рабат орун алган. Шаардын ички борбордук бөлүгүндө түрмө, тыйын чыгаруучу жай (монетный двор) болуп, шаар эки катар, айрым жерлеринде үч катар бекемделген мунаралары бар сепил-дубалдар

[1] *Малтаев К. Ж.* Вахша, Охшо – Оахшо – Еча (К мифологии города Ош. / «Эхо Оша». 04.01. 1996; Ошское поселение бронзового века: факты и гипотезы. // Все про Ош ... Выпуск I. – Ош, 1998. – С.8–13; Малтаев К.Ж. Сулайман тоо – древнейший поднебесный храм в Центральной Азии. – Ош, 2000. – С. 95–97.



менен курчалган. Бул мезгилде шаардын калкы ислам族 дининде болгондуктан, шаардын борбордук базарында мечит орун алган.

Мына ошол араб географ авторлорунун ичинен Ош шаары жөнүндөгү так жана негиздүү маалыматтарды белгилүү араб саякатчылары ал-Истахри менен Ибн Хаукаль берген. Алсак, 930–933-жж. жазылган «Китаб масалик ал-мамалик» («Мамлекеттердин жана жолдордун китеби») аттуу китептин автору ал-Истахри: «Ош (көлөмү боюнча) Кубага тең. Анда бекемделген кухендиз менен шахристан бар, эмирлердин сарайы жана түрмө кухендизде (жайгашкан). Шахристанда рабад. Рабад дубалдар менен курчалган, дубалдар тоого (Сулайман тоо – С.С.) чейин барат, ага (тоонун башына – С.С.) кароолдор коюлган. Алар түрк аскерлерине байкоо жүргүзүп турушат. Ошто үч дарбаза бар: Дарваза-йи Кух, Дарваза-йи Аб жана Дарваза-йи Мугкеде»[1] деген маалыматтарды берген. Ал эми ошол эле мезгилде жашап өткөн Ибн Хаукаль, жашы улуу замандашы ал – Истахринин суранычы боюнча, анын аталган эмгегин кайрадан иштеп чыккан жана ушундай эле аталыш менен өз эмгегин жазган. Ибн – Хаукальдын эмгеги негизинен компилятивдик мүнөздө болгонуна карабастан, анын эмгегинен жеке авторго таандык баалуу маалыматтарды алууга болот. Мисалы, ал Ош чоң шаар экендигин, Өзгөн анын үчтөн бирине барабар келээрин, Ошто калктуу медина же шахристан (ички шаар) жана эмирдин сарайы менен түрмө жайгашкан цитадель бар экендигин белги-

[1] Восточные авторы о кыргызах: Сборник/Сост., и комм. О.Караева. – Б., 1994. – С.36–38.

лейт. Андан ары ал мединанын (шахристандын) дубал менен курчалып, тоого (Сулайман тоого – С.С.) ыктай жайгашкан рабады бардыгын, тоодо шаардын атырабында жайгашкан, али мусулман динин кабыл ала элек көчмөн түрктөргө байкоо жүрүзүп туруучу кароол жай бар экендигин жазган. Ошондой эле араб географы шаар – чептин үч дарбазасы болгондугун, алар жайгашкандыгына жараша: «Тоо дарбазасы» – «Дарваза-йи Кух», «Суу дарбазасы» – «Дарваза-йи Аб» жана «Отко сыйынуучулардын дарбазасы» – «Дарваза-йи Мугкеде» деп аталгандыгы тууралуу баалуу маалыматтарды калтырган[1]. Ал эми классикалык араб географиясынын акыркы өкүлү Макдиси (ал-Мукаддаси) эрте орто кылымдар мезгилинде Ош шаары калк жыш жайгашкан чоң шаар болгондугун, борборунда мечит жайгашкан чоң базар, ар тараптан адамдар агылып келчү чоң рабад жана кербен сарай орун алып, шаар аркылуу кол менен жасалган бир нече каналдар аркылуу суу агып өтөрүн, негизи Ош сууга бай, жагымдуу ырахаттуу шаар экендигин кошумчалаган.

Ошентип, жазма булактардагы маалыматтарга таянып, эрте орто кылымдардагы Ош бири-бири менен тыгыз байланышта болгон үч бөлүктөн (цитадель (кухендиз), шахристан, рабад) турган Чыгыштын өнүккөн салттуу чеп-шаары болгондугун белгилөөгө болот. Ушул мезгилде шаардын азыркы күнгө чейин сакталган кварталдары (махалля), борбордук базары калыптанып башталгандыгын болжолдоого болот. Балким, шаардын борборунан анын дарбаза-

[1] *Галицкий В., Плоских В.* Старинный Ош. – Фрунзе, 1987. – С. 17.



ларына кеткен көчөлөрү болгондур. Бирок алардын аталыштары жөнүндө булактар маалымат бербейт, ошондуктан аны болжолдоого гана мүмкүн.

XIII кылымда жашап өткөн Жемаль Каршинин берген маалыматында шаардын төрт дарбазасы болгон деп айтылат. Ошондой эле ал Асаф ибн Бурхиянын күмбөзү жөнүндө маалымат калтырган. Араб дүйнөсүнүн «классикалык» географиясынын дагы бир акыркы өкүлү Йакут өзүнүн энциклопедиялык сөздүгүндө Ош шаары тоого ыктай орун алган төрт дарбазасы бар дубал менен курчалган чоң шаар экендигин жазып, андагы белгилүү окумуштууларды жана теологдорду атаган.

X–XII кк. Ош Саманиддер жана Караханиддер мамлекеттеринин курамына кирип турган. X к. Ош саманиддердин бийлиги астындагы мусулмандашкан Фергана өрөөнү менен көчмөн түрктөр чектешкен жердеги шаар болгон. 999-ж. караханид башкаруучусу Наср ибн Али саманиддердин борбору Бухараны алган. Ош эми караханиддердин бийлигине өткөн. Караханиддер доорунда Ош шаары башка шаарлар сыяктуу эле өсүп өнүккөн. Шаарда караханид башкаруучуларынын ысымдары чегерилген тыйын чыгаруучу жай ачылган. Караханиддер доорунда шаар, анын маданияты бир топ өнүккөн. Айткандарыбызды археологдор тарабынан табылган жана Сулайман тоонун чыгыш таманында орун алган шаардык random, шаар калкын таза суу менен камсыз кылган керамика суу түтүкчөлөрү далилдеп турат. Бул эстеликтердин баары археологиялык казуулардын (random) жана шаарда жаңы имараттарды куруу үчүн котлованадарды казуу учурунда табылган.

Бирок ар кандай саясий окуяларга байланыштуу караханиддер доорунда Өзгөн шаарынын саясий жана маданий ролу жогорулаган. Ал батыш Караханиддер мамлекетинин борбору болуп турган. Мында караханид башкаруучулары көмүлгөн. Ош шаары болсо экинчи орунга өтүп калган. Ошондуктан Ошто Өзгөн шаарынан айырмаланып, караханиддер доорунда ири монументалдык архитектуралык эстеликтер дээрлик жокко эсе.

Баарыбызга белгилүү болгондой, монгол чапкыны шаарлардын бүлүнүүсүнө алып келген. Монгол чапкыны мезгилиндеги Ош жөнүндө маалыматтар дээрлик жок. Бирок изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, Ош шаары монгол чапкынынан өтө деле жабыркаган эмес. Бул мезгилде (XIII к. ортосунан тартып) шаар Чагатай улусунун чыгыш аймагына кирген жана андан кийинки эки кылымга созулган мезгилде Ош чагатаиддер династиясынын башкаруусунда болгон.

XV кылымдын экинчи жарымынан тартып Ош шаары Амир Темирдин урпагы Омор шейхтин, ал өлгөндөн кийин анын баласы атактуу З.М. Бабырдын ээлигинде болот. XV–XVI кк. Ош моголдор менен тимуриддердин, тимуриддер менен шейбанилердин ортосунда жүргөн кандуу феодалдык согуштардын күбөсү болгон. Атасы өлгөндөн кийин (1494-ж.) Анжиянда анын тактысын мурастаган 12 жашар Захиреддин Бабыр Ош шаарын, анын абасын, жаратылышын абдан жакшы көргөн. Сулайман тоого чыгып эс алганды адатка айландырган. Башкача айтканда, Бабыр Ошту жакшы билген. Ошондуктан ал өзүнүн мемуардык чыгармасы «Бабур намеде» Ош



шаары жөнүндө жагымдуу эскерүүлөрүн жазып калтырган. Алсак, ал: «Фергана аймагында абасынын тазалыгы жана жагымдуулугу боюнча Ошко теңдеш шаар жок»[1] – деп жазган.

XVI к. аягы жана XVII к. Ош Моголстан мамлекетинин Анжиян вилайетинин Ош түмөнүнө кирген жана өзүнүн айланасындагы кыштактар менен бирге 10 миң аскер коюуга милдеттүү болгон. Бул мезгилде Ош жазма булактарда «бекемделген кыштак (поселение)» деп мүнөздөлөт, б.а., шаардын абалы бир топ начарлаган. Бул, албетте, феодалдык согуштардын кесепети болгон. Шаар мурдагы «ыракаттуу» жана коопсуз жашоосунан ажыраган. Караханиддер доорундагыдай шаарды жакшыртуу (благоустройство) иштери жүргөн эмес, атүгүл шаардын дубалдары да аны душмандан коргой албай калган. Бирок жергиликтүү дин кызматкерлеринин аракети менен Оштун «ыйык жайлары», Сулайман тоо «ыйык» тоо катары Чыгыш өлкөлөрүнө атак-даңкы тарап, кадыр-баркы өсө берген.

XVII к. аягы – XVIII к. биринчи жарымында Ош күч алган кыргыз уруу бирикмелеринин төбөлдөрүнүн административдик борборуна – ордосуна айланган. XVII к. ортосунда Моголстан ханы Абдаллах Кашкардан Ошко эки жолу талоончулук жүрүш жасаган. Кыргыз уруулары Абдаллахка катуу каршылык көрсөтүшкөн. Ошту талап-тонол келе жаткан Абдаллах хандын аскерлерине Кабылан-Көлдө (Алай өрөөнү) Чонкан кушчу жетектеген кыргыздар кол салып талкалаган. Хандын 2000 аскеринен 150 адам

[1] *Бабур.* Бабур-наме (Записки Бабура). – Ташкент, 1982. – С. 18–19.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
УНИВЕРСАЛДЫК АДАБИЯТТАР БӨЛҮМҮ
Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 487216

гана араң качып кутулган[1]. Мына ушул окуядан кийин кыргыз уруулары Чыгыш Түркстанда жана Ферганада олуттуу саясий күчкө айланат.

Калмактардын басып кирүүлөрү Орто Азия калкына, анын ичинде кыргыздарга да кооптуу жашоону алып келген. 1684-ж. калмак ханы Галдан Бошокту Ош шаарына кол салып, талап-тоноп, андан ары Анжиян шаарын алууга аракет кылган. Бирок кыргыздар менен өзбектердин биргелешкен каршылыгына жолугуп, чегинүүгө мажбур болгон. Бул кыргыздар менен өзбектердин чоң ийгилиги болгон. Ошондон кийин Ош шаары өз алдынча болуп калган. Бул мезгилде Ошту кыргыз уруу төбөлдөрү башкарып турган. Алар (кыргыз уруулары) Ошту өздөрүнүн саясий борбору катары кабыл ала баштаган. Башкача айтканда, Ош шаары түштүк кыргыз урууларынын ордо калаасына айланган.

XVIII кылымдын экинчи жарымынан 1876-жылга чейинки аралыкта Ош шаары Кокон хандыгынын курамына кирген. Кокон башкаруучулары Ошту башка аймактарды каратып алууга даярдык көрүүчү плацдарм катары да пайдаланышкан. Ош бул мезгилде соода кербен жолундагы транзиттик ролун да жоготкон эмес. Бул мезгилде Ош шаары ислам дининин Борбордук Азиядагы ири борборлорунун бирине айланган. Сулайман тоо динге ишенгендердин ыйык, сыйынуучу жайы болуп калган. Жергиликтүү дин кызматкерлери Сулайман тоонун ыйыктыгы, ар кандай ооруларга шыпаа болуучу касиеттери жөнүндө түрдүү-түмөн уламыштарды ойлоп таап, аларды ар тарапка жигердүүлүк менен таратышкан. 1913-жылы Ташкенде «Ош шаары жөнүндөгү мусулман баяндары» деген китебин чыгарган Л.Зимин китепте: «Ош шаары алгач Хайр-уль-булдан» (арабчадан которгондо «Шаарлардын мыктысы») деп аталган. Баракух (Сулайман тоосунун XVI кылымга чейинки аталышы – С.С.) тоосундагы мечитке (эл арасында «Ак үй» же «Бабырдын үйү» деп аталган) 366 пайгамбардын буту кирген. Ал жерде окуган эки рекет намаз башка жердеги 400 рекет намазга туура келет» деген сыяктуу ж.б. көптөгөн эл арасындагы уламыштарды келтирген. Натыйжада, Орто Азиянын бардык тарабынан миңдеген адамдар Ошко, Сулайман тоого зыярат кылганы агылып келе баштаган. Бул бир жагынан оштук дин адамдарынын чөнтөктөрүн акчага толтурса, экинчи жагынан шаардын архитектуралык көрүнүшүнө таасир эткен. Зыяратчыларды тейлөө үчүн тоонун түндүк этегинде, азыркы Алебастрова көчөсүнүн атырабында, Шейхтер-Гузар деген жаңы квартал (махалля) пайда болгон. Ал акырындап кеңейип отуруп, XX кылымдын башында Сулайман тоонун түштүк-чыгыш капшытын да ээлеген[1]. Мына ушундай эле себептер менен мечит, карыхана, медреселер курулган. Алсак, 1837-жылдан 1874-жылга чейин, б.а., орустар келгенге чейинки (1876-ж.) 37 жылда эле Ошто 5 медресе, 1856–1876-жж. аралыгындагы 19 жылда 8 карыхана курулган. Ошентип, XX кылымдын башына келгенде, Ош шаарында 154 мечит, 5 медресе, 8 карыхана жана 7 мазар болгон[2]. Мына ушул

[1] Восточные авторы о кыргызах: Сб. ... – С.84–86.



[1] *Исомиддинов З.* Она юртим Киргизистон, Уш... – Б., 2019. – 193-б.

[2] *Захарова А., Иманбердиев Д.* Ош: первые учебные заведения. – Б., 2004. – С. 27–28, 37–38.

көрүнүштүн өзү эле Ош шаарынын XIX кылымда (өзгөчө анын биринчи жарымында жана ортосунда) Фергана өрөөнүндөгү ислам дининин ири борбору катары тез өнүккөндүгүн көрсөтүп турат.

Ош шаарынын Кокон хандыгынын мезгилиндеги тарыхы жөнүндө сөз болгондо, албетте, айтылуу Алымбек датка Асан бий уулунун шаарды өнүктүрүүгө кошкон салымын айтпай кетүүгө болбойт. Кокон хандыгында кадыр-баркы бир топ өскөн Алымбек Асан бий уулу 1831-жылы Кокон ханы Мадалинин колунан датка наамын алат. Ошондон баштап ал суусу түгөнүп, душмандарынын колунан каза тапканга чейин (1862-ж.) хандыктын саясий турмушуна активдүү аралашкан. 1832-жылы Мадали хан Алымбек датканы Анжиян вилаетинин башкаруучусу, беги кылып дайындайт. Ал мезгилде Анжиян вилаетине Анжиян аймагынан башка кыргыз жерлери: Ош, Алай, Ак-Талаа, Жумгал, Тогуз-Торо, Куртка аймактары кирген[1]. Жогоруда белгилегендей, XVIII к. баштап эле, алайлык жана ферганалык кыргыз урууларынын феодалдары Ош шаарын өздөрүнүн ордо калаасы катары кабыл ала баштагышкан. Бул сезим Алымбек даткада да болгон. Алымбек датканын Ош шаарынын маданиятынын өнүгүшүнө, шаардын архитектуралык көрүнүшүнүн жакшырышына, калктын агартуу ишине кошкон салымынын бир олуттуу далили – анын 1853-ж. салдырган Ош шаарындагы Ак медресеси болгон. Алымбектин Ак медресеси революцияга чейинки Кыргызстандагы архитектуралык стили жактан эң кооз жана бай

[1] *Өмүрбеков Т.Н.* Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду: (XIX к. ортосу – XX к. башы). – Б., 2003. – 91-б.



имарат эле. Мында ар улуттун балдары, анын ичинде көптөгөн кыргыз балдары билим алышып, сабатын ачышкан. Аларга Алымбек датка өз каражатынан стипендия төлөп турган. Тилекке каршы, Ак медресе совет мезгилинде, 1946-жылы бийлик тарабынан бузулуп, жок кылынган.

Маркум Маматемин Эркебаевдин маалыматтарына таянсак, Алымбек датка Ош шаарынын калкынын жашоо-тиричилигин жакшыртуу максатында шаарды экиге бөлүп, буркан-шаркан түшүп аккан Ак-Буура дарыясына тогуз көпүрө салдырган экен. Ошондой эле шаардын жана анын айланасындагы калктын негизги чарбасы дыйканчылык болгондуктан, Алымбек датка өз каражатына Ак-Буура дарыясынан тогуз арык – канал чыгарган. Алар: Төлөйкөн арык, Жапалак арык, Жоош арык, Сулайман тоону түптөй айланып аккан Баргы арык (Жаннат арык). Дарыянын оң жээгинде Баба арык (Увам арык), Кыр арык, Анжиян арык. Кара-Суу тараптан Коргошун-Талааны аралай өткөн атактуу Савай арык, Коңурат арык жана Кыдырша арык. Натыйжада, бул аймактар өздөштүрүлүп, калк отурукташкан жайларга айланган. М. Эркебаевдин маалыматына ишенсек, Алымбек датка Ош шаарынын туш-тарабына кетүүчү жолдорду кеңейттирип, аларга таш төшөтүүнү да колго алган. Ал жолдор Оштун Араван, Анжыян, Ноокат, Алай, Өзгөн, Кара-Суу багыттарына кеткен жолдор болгон. Ак-Буура дарыясынын сол жээгиндеги шаардын негизги борбордук көчөлөрү болгон Курманжан датка жана Ленин, ошондой эле дарыянын оң жээгиндеги Масалиев, Шакиров (мурдагы Гагарин) көчөлөрүн түздөтүүнү,

алгачкы таш төшөтүүнү Алымбек датка өзү жетектеген экен[1]. Чындыгында, бул маалыматтар (Ак медреседен башкасы) тарыхый чындыктан алыс, айтылгандарды тастыктаган эч бир тарыхый булактык документ жок. Ал эми шаардын негизги борбордук көчөлөрү болгон азыркы Курманжан датка, Ленин, Масалиев, Шакиров (Гагарин) көчөлөрүнө келсек, алар Алымбек датка бул дүйнөдөн өткөндөн кийин колониалдык жана кеңеш доорунда курулуп, өнүккөн көчөлөр.

1876-жылы Кокон хандыгы кулап, Фергана өрөөнү, анын ичинде түштүк кыргыз жерлери Орус империясынын курамына киргенде Ош шаары жаңы уюшулган окшош аталыштагы уезддин борбору болуп калган. Ош уезди Түркстан генерал-губернаторлугунун Фергана областына караган. Уезддин биринчи начальниги болуп майор Михаил Ионов дайындалып, ал Ош шаарынын европалаштырылышына чоң салым кошкон[2]. Мына ушул мезгилден баштап Ош шаарына орустар келип жайгаша баштаган. Алардын келиши Ош шаарынын жашоосун, архитектуралык көрүнүшүн, маданиятын кескин өзгөрткөн. Шаардын «жаңы (орус) бөлүгү» деп аталган бөлүгү пайда болгон. Жаңы шаардын аймагы азыркы шаардык оорукана жайгашкан райондон башталып, Ак-Буура дарыясынын агымына каршы жогору, түштүк ба-

[1] *Кененсариев Т.* Алымбек датканын татыктуу тарыхый ордун табуу жөнүндө...//Алымбек датка жана анын доору. Кыргыздын чыгаан мамлекеттик ишмери Асан бий уулу Алымбек датканын (1799–1862) 215 жылдык маарекесине арналган жыйнак. – Б., 2016. – 214–232-бб.

[2] Ош глазами русских исследователей (вторая половина XIX– начало XX вв.). Документы. Материалы. Фотографии. Комментарии. – Б., 2003. - С.26.



гытты карап кеткен. Орустар келгенге чейин бул аймак жергиликтүүлөрдүн эгин аянттары, жайыттары, бакчалары болгон. Ал жерлерди орус администрациясы «бош» жерлер деп эсептешип, символикалык акчага сатып алышкан да, шаар курулушун баштаган. Жаңы шаар же шаардын «орус бөлүгү» эски (туземдик) шаардан айырмаланып, пландуу курулган. Жаңы шаарда эң алгач аскер лагери, лазарет, орус офицерлери жашаган примитивдүү барактар пайда болгон. Бирок белгилөөчү жагдай, тарыхый булактар белгилегендей, жаңы шаардын көчөлөрү түз жана кенен болуп, кесилишкен көчөлөр менен шахмат доскасын элестеткен.

Жаңы шаардын курулушуна эки орус офицерлери чоң салым кошкон. Алар – Ошко келип жайгашкан 4-Түркстан батальонунун командири Сергей Топорнин жана Ош уездинин биринчи начальниги Михаил Ионов болгон. 1876-жылы штабс-капитан С. Топорнин Оштогу аскер гарнизонунун биринчи начальниги болуп дайындалган[1]. Мына ушул эки адамдын демилгеси менен Оштун «жаңы (орус) бөлүгүнүн» генералдык планы иштелип чыгып, алардын көзөмөлү астында мындагы негизги объекттердин курулушу башталган. Шаардын «жаңы бөлүгүндө» почтанын жана телеграфтын, аскер госпиталынын жана оорукананын, башталгыч окуу жайынын жана орус-тузем мектебинин, чиркөөнүн жана мейманкананын, офицердик чогулуштун жана кинотеатрдын капиталдык имараттары, ошондой эле жеке менчик үйлөр пайда болгон. Ак-Бууранын эки жээгине тең

[1] *Нурматова С.* Русские в Оше (конец XIX– середина XXвв.): по материалам архивов. – Ош, 2007. – С. 17–19.

чоң парк зонасы, ал эми дарыянын үстүнө, азыркы Токтогул паркынын усту жагына биринчи жолу бетон көпүрө курулган. Өзүнүн пландаштырылуусу, курулган имараттары боюнча Ош шаарынын «жаңы бөлүгү» «эски», «туземдик» бөлүгүнөн кескин айырмаланган.

Эски шаар бул мезгилде негизинен төмөнкүдөй кварталдардан (махалля) турган: Кажаган, Чар-Көчө, Пайчы-Диванбеги, Исийде, Сарай-Көчө, Кыргыз Алыбай, Исиндалик (Жийдалик?), Шейх-тер-Гузар, Токмок-Каражыгач, Шейит-Тепе ж.б.[1] Оренбург шаарынан чыккан мусулман газетасы Ош шаарынын «туземдик» бөлүгүн мындайча сүрөттөйт: «Түркстандын башка көптөгөн шаарларындай эле, Ошто үйлөр ирээтсиз салынган, көчөлөрү тар, тегиз эмес, ийри-буйру»[2].

Революцияга чейинки Ош ислам дининин Фергана өрөөнүндөгү ири борбору гана болбостон, Кытай менен Түркстанды байланыштырып турган ири транзиттик соода борбору аталган. Ош шаарынын үстү камыш менен жабылган базары Орто Азиядагы эң эски базарлардан болгон. Ош Фергана өрөөнүнүн жана Чыгыш Түркстандын ири шаарлары менен тыгыз соода байланышта болуп, шаардын борбордук базары шаар жашоосунун жандуу борборуна айланган. Мында келген адамдар жөн эле буюм-тайым албастан, ар түрдүү маалыматтарды алып кетишкен, чайханада чай үстүндө отуруп, ар кандай соода жана башка келишимдерин түзүшкөн. Ош Россия

---

[1] Ош шаары. Город Ош./ Текстин түзгөндөр: Абдурасулов А., Примкулова А. – Ош, 1994. – С. 8.

[2] *Галицкий В., Плоских В.* Старинный Ош. ... – С.106.



менен Чыгыш Түркстандын ортосундагы соода байланыштарында чоң роль ойногон.

Ошондой эле XIX кылымдын экинчи жарымында – XX кылымдын башында Ош шаары Памирге, Алайга, Кытайга, Индияга кетүүчү илимий экспедициялардын акыркы даярдык көрүүчү же которуштуруучу пункту катары кызмат өтөгөн. Ош аркылуу көптөгөн европалык саякатчылар өткөн. Шаардын өсүп жаткандыгынын дагы бир белгиси, шаар калкынын санынын жана курамынын өсүшү болгон. Алсак, эгерде 1880-жылы шаарда 3307 калк жашаган болсо, 1914-жылы шаар калкынын саны 51701 адамга жеткен[1].

## 1.2. Ош совет доорунда жана эгемендүүлүк жылдарында

Совет доорунда Ош шаары саясий, социалдык-экономикалык жана маданий жактан болуп көрбөгөндөй өнүгүүгө жетишти. Бул тарыхый факт. Мындан бир кылымдан ашык илгери (1917-ж.) Россия империясында дүйнөнү дүңгүрөткөн февраль, андан кийин октябрь революциялары ишке ашып, анын натыйжасында падышачылык монархия кулатылып, совет бийлиги орноп, дүйнөлүк тарыхта социалисттик түзүлүштүн курулушуна жол ачкан. Кыргызстан бул мезгилде Россиянын курамында болгондуктан, аталган саясий окуялар биздин республиканын кийинки саясий, социалдык-экономикалык, маданий өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир эткен.

---

[1] Ошол эле жерде. – 113-б.

1917-жылдын февраль айынын акыркы күндөрүндө Россиянын борбору Петроградда февраль буржуазиялык-демократиялык революциясы ишке ашып, падышалык бийлик кулатылган. Бийликке буржуазиялык Убактылуу өкмөт келген. Өлкөдө кош бийлик орногон. Бул ошол мезгилдеги саясий кырдаалдын өзгөчөлүгү болгон. Падышалык режимдин кулагандыгы жөнүндөгү кабар Пишпекке 3-мартта телеграф аркылуу келет, бирок бул кабар жергиликтүү бийлик тарабынан 10-мартта гана элге жарыяланган[1]. Мына ошол күндөн баштап падышалык чиновниктерди жана жандармдарды кызматтан алуу, камаганын камап, камалбагандарын кызматтан алып, аймактан сыртка чыгарып жиберүү иштери башталат. Падышалык бийлик жана башкаруу органдарынын ордуна убактылуу өкмөттүн бийлик органдары – аткаруу комитеттери түзүлө баштайт. Алардын башында комиссарлар турган. Ошону менен катар Петроград, Москва жана Ташкент шаарларындагыдай эле бул жерде да Советтерди түзүү иштери жүргөн. Кыргызстанда алгачкы советтер март айынын биринчи жарымында жумушчу табы болгон Кызыл-Кыя, Сүлүктү, андан кийин Пишпек, Ош, Токмок, Нарын, Пржевальск шаарларында түзүлгөн. Ошентип, Кыргызстанда да борбордогудай эле кош бийлик орногон. Бирок бул жерде колониалдык эзүүгө каршы турган жана улуттук теңукуктуулукту талап кылган үчүнчү саясий күч да болгон. Белгилөөчү жагдай, Февраль революция-

[1] История Киргизской ССР. – Том II. – Книга первая. – Фрунзе, 1968. – С.353.



сынын натыйжасында өлкөнүн бүткүл аймагында кеңири саясий эркиндик орногон.

Бул болсо өз учурунда, эл массасынын саясий активдүүлүгүнүн жогорулашына алып келген. Кыргызстандын жергиликтүү жашоочулары да саясий күрөштөн четте калбай, өздөрүнүн саясий партияларын, коомдук-саясий уюмдарын, союздарды түзүүгө киришкен. Ошентип, аймакта кош бийлик эмес, үч бийлик, тагыраак айтканда, саясий күчтөрдүн «үч борбору» пайда болгон. Пишпек уездинде жана башка Кыргызстандын административдик борборлорунда 18 саясий уюмдар, коомдук бирикмелер жана топтор түзүлгөн. Алардын катарында жумушчу, солдат жана дыйкандар депутаттарынын советтери, социал-демократиялык топтор, кыргыздардын революциялык-демократиялык «Букара» союзу, улуттук-демократиялык жана диний-улуттук мүнөздөгү «Алаш», «Туран», «Шуро-и-Исламия» саясий партиялары ж.б. болгон[1].

Ал мезгилде Ош шаары уезддин административдик борбору болуп турган. Падышалык бийлик мезгилинде улуттук эзүүдөн өтө жапа чеккен эл жаңы бийлик улуттук эзүүдөн куткарат деп үмүттөнгөн. Бирок андай болгон эмес, Убактылуу өкмөт жана анын жер-жерлердеги бийлик органдары падышалык бийликтин саясатын уланткан. Большевиктер партиясынын таасири бул мезгилде Кыргызстанда, анын ичинде Ош шаарында анчейин болгон эмес. Алсак, социал-демократиялык топ, Ошто 1917-жылдын апрель-май айларында гана түзүлүп, анда меньше-

[1] *Воропаева В., Джунушалиев Д., Плоских В.* История отечества. Краткий курс лекция по истории Кыргызстана. – Б., 2005. – С. 105–107.

виктер басымдуулук кылган. Март айында түзүлгөн «солдаттар депутаттарынын Ош советинин», август айында түзүлгөн шаардын «мусулман жумушчулары менен чайрикерлеринин депутаттарынын Советинин» курамында эсер-меньшевиктер басымдуулук кылышып, алар социалисттик революцияга чакырган большевиктердин саясатына каршы аракеттерди жүргүзүшкөн[1].

Өлкөдөгү, анын ичинде Ош шаарындагы саясий абал өтө оор жана туруксуз болгон. Саясий эркиндик, жаңы бийликтин алсыздыгы «өзүмдү өзүм билем» принцибиндеги саясий кырдаалдын түзүлүшүнө алып келген. Мындай абал шаардагы бийлик серезине саясий шылуундардын келишине ыңгайлуу шарт жараткан. Мисалы, февраль революциясынан кийинки ушундай шартта, Убактылуу өкмөттүн Ош уездиндеги Чукул комиссары (чрезвычайный комиссар) болуп мурдагы 4-рангадагы почта кызматкери И. Сретинский дайындалган[2]. Ошентип, шаардын административдик жана аскер бийлиги Сретинскийдин колунда болуп калган. Шаардын куралдуу күчтөрү да ага баш ийишкен. Сретинский Убактылуу өкмөттүн бийлигин сактап калуу, большевиктерди бийликке келтирбөө багытында тымызын аракеттерди жүргүзгөн. Октябрь революциясынан кийин да Сретинский өзүн большевик кылып көрсөтүп, совет бийлигине ыңгайлашып, мурдагы кызматын сактап калган. Бирок совет бийлигине каршы аракеттерин тымызын уланта берген. Алсак, ал эч кандай зарыл-

---

[1] История Киргизской ССР. – Том II. – Книга первая. ... – С. 54–56.

[2] *Нурматова С.* Русские в Оше (конец XIX– середина XXвв.): по материалам архивов. ... С. 91.



дык болбосо деле Ош горнизонунун артскладындагы куралдарды жана октарду «түрмөдө сактоо коопсузураак» деген шылтоо менен Ош түрмөсүнө котортkон. Кийинки окуялар көрсөткөндөй, Сретинский бул куралдарды түрмөдө отурган Калкожо жана анын бандиттери үчүн алып келгендиги айкын болгон. Натыйжада, 1918-жылдын июнь айында, ошол куралдар менен куралданып алган Калкожо баштаган топ түрмөдө бунт чыгарышкан. Түрмөнү курчоого алган Ош гарнизонунун кызыл гвардиячылары менен Калкожонун ортосундагы куралдуу атышуу эки күнгө созулуп, бандиттердин көбү жок кылынган. Бирок кайра эле Сретинскийдин чыккынчылыгы менен Калкожо 35 адамы менен курчоодон качып чыгып, кутулуп кеткен. Кийин ал (Калкожо – С.С.) саны бир нече жүзгө жеткен басмачылардын куралдуу отрядын түзүп, совет бийлиги менен күрөш жүргүзгөн. Ошол мезгилдеги корбашылардын ичинен эң ырайымсызы жана мыкаачысы Калкожо болгон.

Октябрь революциясы жеңип, большевиктер партиясы жетектеген Советтер бийликке келгенден кийин жер-жерлерде совет бийлиги орной баштаган. Кыргызстанда совет бийлиги 1917-жылдын декабрынан 1918-жылдын июнь айына чейинки аралыкта, негизинен, тынчтык жолу менен орногон. Ош шаардык Совети 1917-жылдын 14-декабрында өзүн шаардагы жана уезддеги бийлик органы деп жарыялаган. Бирок Ош шаардык Советинин курамын большевиктештирүү 1918-жылдын январь айында гана аяктаган. Мына ошол мезгилден баштап Ош шаарында большевиктер жетектеген Совет бийлиги орноп, советтик курулуш башталган. 1918-жылдын

март айында Ошто А. Г. Аношин башында турган большевиктер партиясынын уюмунун уюштурулушу, апрель айынын аягында шаардык советтин аткаруу комитетинин түзүлүшү бул жараяндын ургаалдуу жүрүшүнө өбөлгө жараткан. Ошто совет бийлигин орнотууга жана бекемдөөгө жергиликтүүлөрдөн Осмон Касымханов, Жусуп Алиев, Балта Султанов, Санжар Касымбеков сыяктуу алгачкы большевиктер олуттуу салым кошкон[1]. Совет бийлигинин шаардагы эң алгачкы иш-чарасы профсоюз уюмдары менен биргеликте жеке менчик ишканалардын үстүнөн көзөмөл орнотуу болгон. Аларды улутташтыруу башталган. Эл чарбасындагы советтик кайра куруулар жеке менчик ээлеринин каршылыгын туудурган. Ал куралдуу каршылыкка айланып, граждандык согуш башталган. Ошентип, башка аймактар сыяктуу эле Ош шаарынын жашоосундагы эң оор күндөр башталган. Граждандык согуш шаар экономикасынын бүлүнүшүнө, кымбатчылыкка, ачарчылыкка алып келген. Граждандык согуш жылдарында Ош шаары басмачылардын тынымсыз кол салууларына дуушар болуп турган. Алсак, 1918-жылдын июль айларында Калкожонун басмачылары Оштун айланасында талап-тоноочулук иштерин жүргүзгөн. 1919-жылдын 7–8-сентябрында Монстровдун «Дыйкандар армиясы» менен Мадаминбектин басмачы отряддары биргеликте Ош шаарын курчоого алып, кызыл аскерлердин жан аябаган каршылыгынын мизин кайтарып, шаарды алышкан жана шаардагы совет бийлигин кыска мөөнөткө кулатууга жетишкен. Басмачылардан Ош шаары 25–26-сентябрда гана жардамга

[1] История Киргизской ССР. – Том II. -Книга первая. ... – С. 87–88.



келген Кызыл гвардиянын күчү менен бошотулган. Мына ушул кандуу согушта оштук алгачкы комсомолдордун бири, Ош шаарында жайгашкан Памир чек ара полкунун жоокери, 20 жаштагы Владимир Голубев баатырларча курман болгон. Анын сөөгү өзүнүн суранычы боюнча, азыркы Токтогул атындагы эс алуу багынын чыгыш бурчуна коюлган. 1974-жылы анын бейитине колодон бюст (эстелик) коюлган. Азыркы күндө эстеликтин алдынан өтүп, бакта эс алып жүргөндөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн анын ким экендигинен арийне кабары жок.

1920-жылдын май айында Ошко Түркстан фронтунун башкы командачысы, жердешибиз М.В. Фрунзе келип, Ош чебинде шаардын партактивинин, шаардыктардын, Ош горнизонунун кызыл аскерлеринин митингинде чыгып сүйлөп, Совет бийлигинин милдеттерин түшүндүрүп, карапайым калкты социалисттик курулушка активдүү катышууга чакырган.

Граждандык согуш аяктагандан кийин Ош шаарынын калкы тынч турмушка өткөн. Ал эми советтик бийлик органдарынын алдында шаардын эл чарбасын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү, элдин турмушун оңдоо милдети турган. 1921-жылдын март айында Ош уездинин советтеринин 1-курултайы өтүп, анда граждандык согуш учурундагы бийлик органы – революциялык комитет жоюлуп, анын ордуна Ош уезддик – шаардык аткаруу комитети (ушаарком) шайланган жана жаңы экономикалык саясаттын (НЭП) шарттарында шаардын эл чарбасын өнүктүрүүнүн конкреттүү планы иштелип чыккан. Мурдагы жеке менчик ишканалардын жана кустардык мастерскойлордун негизинде өнөр жай

ишканалары жана кесиптик кооперациялардын ар-
телдери түзүлө баштаган.

Ошентсе да шаардагы өнөр жай курулушу жана башка социалисттик кайра куруулар РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялык областы (ККАО) түзүлгөндөн кийин (1924-ж. 14-октябрь)[1] гана ургаалдуу ишке ашырыла баштаган. Анткени буга чейин Түркстан АССРинин курамында чачыранды болуп келген кыргыз жерлеринин автономиялык область формасында (ККАО) бир бүтүнгө бириктирилиши кыргыз жерлеринин, анын ичинде Ош шаарынын саясий, экономикалык, социалдык жана маданий жактан өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт жараткан. Бул аралыкта Ош шаары округдун (1924–1926-жж.), кантондун (1926–1929-жж.), кайрадан округдун (1929–1930-жж.) административдик борбору болуп турган. Анткени 1926-ж. түзүлгөн кантондук система өзүн актабай, 1929-ж. Жалал-Абад жана Ош кантондору Ош округуна бириктирилген. Ал эми 1930-жылдын августунан Кыргыз АССРи толугу менен райондук административдик башкаруу системасына өткөн. 1939-жылы Ош областы түзүлүп, Ош шаары анын административдик борбору болуп калган[2]. Ош шаарынын мындай саясий макамы анын андан ары өнүгүшүнө оң таасирин тийгизген.

Өткөн кылымдын 20-жылдарынын биринчи жарымында совет өкмөтү Кыргызстандын түштүгүндө жибек өнөр жайын түзүү жөнүндө чечим кабыл алат. Ал мезгилде Ош шаары окшош аталыштагы уезд-

[1] *Смадияров С.* Кыргыз мамлекети автономия жылдарында (1924–1936-жж.). – Ош, 2016. – 28-б.

[2] Ошская область. Энциклопедия. – Фрунзе, 1987. – С. 145.



дин борбору болгон жана Кара-Кыргыз автономиялык областы түзүлгөнгө чейин (1924-ж. 14-октябрь) Түркстан АССРинин Фергана областынын курамына кирген. Ошентип, пилла түрүү фабрикасынын имараттары, жумушчулар шаарчасы курула баштаган. Пилла куртун багуу үчүн тыт плантациясын түзүү маселеси келип чыккан. Бул ишти жетектөө үчүн «Түркжибек» системасында иштеген агроном Смирницкий М. П. Өзбекстандан чакыртылган. Тыт питомниги үчүн Ош шаарынын түштүгүнөн, азыркы эл арасында «Фрунзе рыногу» деген атка конгон кичи базардын түштүк капталынан өткөн азыркы М.Алымбеков көчөсүнөн тартып (колониалдык доордо бул көчө Полевая, Совет мезгилинде М.В. Фрунзе атындагы көчө деп аталган – С.С.), түштүктү карай кеткен азыркы Курманжан датка менен Э.Алиев көчөлөрүнүн ортосундагы талаадан 12 гектар жер бөлүнүп берилген. Буга чейин бул жер жаргиликтүү эл малын баккан талаа болгон.

Ошентип, 1924-жылдын жазында шаардагы жалгыз трактор, «Фудзон-Путиловец», тыт багын өстүрүү үчүн жерди айдап баштаган. Тыт питомнигинин башчысы болуп ошол Смирницкий М.П. дайындалган. Митрофан Петровичтин жогорку билими жок болгону менен, ал көп жылдык тажрыйбага ээ, мыкты агроном болгон. Анын жетекчилиги астында үч жылда Кыргызстандын түштүгүн тыт көчөттөрү менен камсыз кылган, ири мамлекеттик тыт чарбасы түзүлгөн. Бул жерде өстүрүлгөн 2–3 жылдык тыт көчөттөрү түштүк Кыргызстандын бар-

дык колхоз-совхоздоруна сатылып, анда пилла курдун багуу үчүн тыт плантациялары калыптанган[1].

1927-жылы Ошто пилла заводу (грензавод) иштей баштаган. Ал республиканы жана айрым коңшулаш республикаларды пилла курту менен камсыз кылууга эсептелинген эле. Андан бир жылдан кийин (1928-ж.), пилла түрүү (кокономотальная) фабрикасы ишке кирген. Ошол эле жылы нан заводу ишке берилген. 1929-жылы Ош – Кара-Суу темир жол веткасы курулган. 30-жылдары Ош – Хорог автожолу курулуп, Памир автотранспорт тresти ишке кирген. Ошентип, Ош шаары Памир, Алай аймактары менен түбөлүк байланышкан. Бул иш-чаралар Ош шаарынын өнөр жайынын, жалпы эле социалдык-экономикалык абалынын жакшырышына өбөлгө жараткан.

Ошол мезгилдеги совет бийлигинин алдында турган дагы бир чоң милдет – билим берүү системасы, маданият тармагы болгон. Бул багытта да чоң ийгиликтерге жетишилген. Жалпысынан согушка чейинки беш жылдыктарда маданий революциянын милдеттери негизинен чечилген. Жашы чоңдордун сабатсыздыгы жоюлган. Жалпыга милдеттүү башталгыч билим берүү киргизилген. 1940-жылдарга карата Ошто 8 орто жана 5 жети жылдык мектеп, айыл чарба техникуму, медициналык мээрбан эжелердин мектеби, мугалимдер институту (1939-ж. ачылган жогорку билим берүүчү окуу жай – С.С.) иштеп турган. Үгүт маданий бригаданын

[1] *Нурматова С.* Русские в Оше (конец XIX– середина XXвв.): по материалам архивов. ... – С.99–103.



драма кружогунун базасында Өзбек музыкалык драма театры түзүлгөн[1].

Улуу Ата Мекендик согуш (1941–1945-жж.) жалпы совет эли, анын ичинде кыргызстандыктар, Ош шаарынын жашоочулары үчүн каардуу чоң сыноо болгон. Бирок шаардыктар мүңкүрөп калышкан жок. Согуштун алгачкы күндөрүнөн баштап эле Мекенди душмандан коргоо үчүн фронтко өз каалоолору менен кеткен шаар тургундары көп болгон. Жалпы Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында, 1941–1945-жж. Ош шаарынан 14231 адам мобилизацияланган. Алардын согуш талаасынан кайтпай калганы же дайынсыз жоголгону – 3518 адам болгон, б. а., согушка кеткендердин 24,7%ы, же ар бир төртүнчү адам кайтпай калган. 618 адам жарадар же оорукчан болуп кайткан[2]. Шаардын экономикасы кыска мөөнөттүн ичинде согуштук нукка бурулган. Өнөр жайы негизинен фронтко керектүү продукцияны чыгарууга өткөн. Шаардын эмгек коллективдери болсо өндүрүштүк пландарды ашыгы менен аткарып, иш графигин фронттогу кырдаалдай жүргүзүшкөн.

Ош шаарынан фронтко кеткен жоокерлердин төртөө: Фуковский А.В., Немцев И.С., Жумабаев Т., Пичугин Д.Н. көрсөткөн эрдиктери үчүн эң жогорку сыйлык – Советтер Союзунун Баатыры наамына татыктуу болсо, Бадигин М.П. Даңк орденинин толук кавалери болгон. Жалпы 10 миңден ашык оштук

[1] Ош шаары. Город Ош./ Текстин түзгөндөр: Абдурасулов А., Примкулова А. ... – 12-б.

[2] *Абдылдаева А., Абдылдаев Ж.* Ош и ошане в годы Великой отечественной войны // Вестник ОшГУ. – №1. – 2005. – С. 63–65.

жоокерлер СССРдин орден-медалдары менен сыйланышкан[1].

Согуш жылдарында Ош шаарындагы иштеп жаткан өнөр жай ишканалары эле согуштук нукка бурулбастан, жаңы өнөр жай объектилери да ачылган.

Алар: ликер-арак заводу, ГЭС ж.б. болгон. Пилла заводу кыйла кеңейтилген. 1942-жылы Ош пилла түрүү фабрикасы менен Москва областындагы Павлово-Посад шаарынан 1941-жылдын декабрында эвакуацияланып келген Рахманов чыйратуу-токуу фабрикасынын базасында Ош жибек комбинаты түзүлгөн. 1942-жылдын май айына карата комбинат өзүнүн фронттун керектөөсү үчүн эң алгачкы продукциясы – парашют жасоочу материал жана хирургиялык жиптерди чыгарган. Ош жибек комбинаты бир жылда орто эсеп менен 50 миң метрге жакын парашюттук жибек чыгарып турган[2].

Ошондой эле Ош шаарынын эмгекчилери коргоо фондуна көптөгөн акча каражаттарын, Кызыл Армиянын жоокерлери үчүн жылуу кийим, азык-түлүк жана ар түрдүү белектерди чогултуп, жөнөтүп турушкан.

1941-жылы сентябрь айында СССРдин өкмөтүнүн токтому менен оорукчан жана жарадар жоокерлерди тейлөө боюнча Жалпы союздук жардам берүү комитети, ал эми жер-жерлерде республикалык жана областтык жардам берүү комитеттери түзүлгөн. Согуш жылдары Кыргызстандын аймагында эвакуациялан-

[1] *Нурматова С.* Русские в Оше (конец XIX – середина XXвв.): по материалам архивов. ... – С.201–202.

[2] *Абдылдаева А., Абдылдаев Ж.* Ош и ошане в годы Великой отечественной войны ... – С. 63–65.



ган жана кайрадан түзүлгөн 25 госпиталь иштеген. Алардын төртөө Ош областында болгон. 1941-жылдын күз айларында Ош шаарына эң алгачкы жарадар жоокерлер келе баштаган, алар үчүн Эс алуу үйүнөн (Дом отдыха – С.С.) жана мугалимдер институтунун имаратынан орундар бөлүнгөн. 1941-жылдын 5-ноябрында, Ош эс алуу үйүндө 300 орундуу №4108 эвакогоспиталы уюшулган. Госпиталь бардык керектүү медициналык жабдыктар менен жабдылып, анда 1941-жылдын 11-ноябрына карата 238 жоокер дарылануууга жаткырылган жана 123 жоокер дарыланып, айыгып чыккан. Ош №4108 эвакогоспиталынын медперсоналы согуш талаасында жаракат алып келген миңдеген жокерлердин, командирлердин өмүрүн сактап калды. Төрт жыл аралыгында Ош аскер госпиталында 8 миңге жакын жоокер жараатынан дарыланып айыккан, алардын көпчүлүгү кайра фронтко кетишкен.

Шаар жетекчилеринин жана шаардыктардын дагы бир чоң жооптуу милдети, душман убактылуу басып алган жана фронтко жакын аймактардан эвакуацияланып келген ишканаларды жайгаштыруу жана тез арада ишке киргизүү, ошондой эле эвакуацияланып келген адамдарды үй-жай, жумуш менен камсыз кылуу болгон. Бул милдетти да шаар жетекчилери жогорку уюшкандыкта аткарган. Ош шаарына, жогоруда белгилегендей, Рахманов чыйратуу-токуу фабрикасы, Ростов университети эвакуацияланган. Рахманов фабрикасы Ош жибек комбинатынын жаралышына өбөлгө жаратса, Ростов университети Ош мугалимдер институтунун окуу корпусуна (ОшМУнун азыркы кыргыз, орус филоло-

гиясы, педагогика факультеттери жайгашкан окуу корпусу – С.С.) жайгаштырылган. Ал жөнүндө окуу корпусунун кире беришиндеги тактайчадагы жазуу эскертип турат. Ростов университети Ош шаарында, 1942-жылдын сентябрынын аягынан 1944-жылдын май айына чейин болгон. Ош шаарына келери менен эле: «Университеттин профессордук-окутуучулук курамы тез арада окуу процессин уюштурууга жетишип, Ош шаарынын жана областынын коомдук-саясий турмушуна активдүү аралаша баштаган»[1]. Ростов университетинин окумуштуулары аймактын жаратылыш ресурстарын, тарыхын окуп үйрөнүүгө, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого чоң салым кошкондугун белгилөө абзел.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Кыргызстанга батыш райондордон жалпы 138 900 адам эвакуацияланган. Алардын 15 255и Ош областына жана Ош шаарына жайгаштырылган. Андан сырткары 12902 поляк граждандары көчүрүлгөн, алардын 3997си[2] Ош шаарына бөлүштүрүлгөн. Шаарыбызга, 1943–1944-жж. түндүк Кавказдан депортацияланган элдер келген. Аларды да оштуктар жылуу кабыл алышкан. Ош шаарынын партиялык жана мамлекеттик жетекчилигинин уюштуруусунда, шаар калкы бардык эвакуацияланганларды уюшкандыкта кабыл алып, аларды жашоочу жай, отун-суу, кийим-кече менен камсыз кылган. Чоңдору жумушка орнотулган, мектеп жашындагы балдар мектепке, кичинекейлер бала бакчага жайгаштырылган. Миса-

[1] Ош мугалимдер институтунан башталган жол. ОшМУнун 75 жылдык маарекесине арналат.. – Ош, 2014. – 20-б.

[2] Абытов и др. Эвакуированные предприятия и населения в Кыргызстан в годы войны// Вестник ОшГУ. -№1. – 2005. – С. 69–71.



лы, 1942-жылдын февралына карата Ош шаарында комсоставдын 463 эвакуацияланып келген үй-бүлөсү болгон[1]. Алардын 243үнө квартира берилген, 106 үй жана квартира ремонттолгон, 98 үй-бүлө отун менен камсыз болгон. Ушул багыттагы аткарылган иштер боюнча шаардын партиялык комитетинин катчысы, 1943-ж. февраль айында төмөнкүдөй маалымат берген: «Фронтовиктер, Ата Мекендик согуштун майыптары жана эвакуацияланганлар үчүн 1941-жылдын декабрь айында Ош шаарынын эмгекчилери тарабынан 1720 даана ар түрдүү буюм (кийим-кече), 500 кг жүгөрү, 500 кг арпа, 720 миң рубль акча, 74 куб метр отун, 18 тонна көмүр, 337 куб м. козопая жыйналды жана төмөнкүдөй камсыздоо иштери аткарылды:

1) 1943-ж. январь-февраль айларында 375 үй-бүлөгө 337 куб м. козопая, 30 куб м. отун, 18 тонна көмүр берилди;

2) 1942-жылы жашоо шартынын оордугуна наразы 859 арыз түшкөн, 15 миң рубль пособие берилди;

3) 1943-ж. январь айында материалдык жардам сураган 556 арыз түшкөн. 215 үй-бүлөнүн арызы канааттандырылды. Аларга 1158 даана ар түрдүү буюм (кийим-кече), 15 миң рубль акча бөлүндү;

4) Согуштун инвалиддеринен 207 арыз түшкөн, аларга 722 ар түрдүү буюм (кийим-кече) жана 30 миң рубль акча бөлүп берилди;

5) 1943-ж. 1-февралына карата комсоставдын жана кызыл аскерлердин үй-бүлөлөрүнө 352 кварти-

[1] ООСДМА, ф.2, оп.2, иш кагазы 140, 4-барак.

ра жана согуш инвалиддерине 220 комната, 21 квартира берилди;

6) 198 квартира ремонттолду;

7) Фронтовиктердин үй-бүлөлөрүнө яслиден 180 орун, бала бакчадан 260 орун берилди;

8) 1942-ж. декабры – 1943-ж. январында мектеп бут кийими менен 220 бала камсыз болду, андан сырткары Славянск шаарынан эвакуацияланган бала бакчага 256 жуп бут кийим, мектепке чейинкилер үчүн 181 жуп бут кийим берилди.

9) Азыркы күндө 840 даана ар түрдүү буюм, 60 миң рубль акча, 44 куб м. отун калды (бар)»[1].

Жыйынтыктап айтканда, Ош шаары жана оштуктар Улуу Ата Мекендик согушта жеңишти камсыз кылуу үчүн өздөрүнүн олуттуу салымдарын кошту.

Согуштан кийинки жылдарда Кыргызстандын түштүгүндө өнөр жайды ыкчам өнүктүрүү жүргүзүлгөн. Бул аралыкта авторемонт, электр-механикалык, куюу-механикалык заводдору, бут кийим тигүү фабрикасы, ГЭС жана башка ири, орто жана майда өнөр жай ишканалары курулуп, эксплуатацияга берилген.

Өткөн кылымдын 60–90-жылдары Ош ири экономикалык, маданий жана илим-билим борборуна айланган. Натыйжада, Оштун өнөр жай продукциялары бардык 15 советтик республикаларга, ошончо эле чет мамлекеттерге экспорттоло баштаган. 1959-жылы куюу-механикалык жана мотор ремонттоо заводунун базасында түзүлгөн насос заводу ишке берилген. 1975-жылы пайдаланууга берилген Ошто-гу өндүрүштүк пахтадан кездеме токуу бирикмеси

[1] ООСДМА, ф.2, оп.3, иш кагазы 296, 9-барак.



(ОПХБО) шаардын социалдык-экономикалык, маданий өнүгүшүнө зор таасир эткен. Ош шаарындагы совет мезгилинде курулган жана иштеп турган өнөр жай ишканаларынын эң ирилери: Ош жибек комбинаты (1942-ж.), Ош насос заводу (1959-ж.) жана Ош өндүрүштүк пахтадан кездеме токуу комбинаты (1975-ж.) болгон. Оштун өнөр жайынын өнүгүүсү менен катар эле шаар калкынын саны да өскөн. Аны төмөнкү таблицадан көрүүгө болот:[1]

| Жылдар | 1926 | 1939 | 1959 | 1970 | 1974 | 1979 | 1989 | 1991 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Калктын саны, миң адам | 26 | 33 | 65 | 120 | 143 | 163 | 213 | 212 |

1970-жылдарга карата шаардын аймагы 4,5 эсеге кеңейген. Шаардын Черёмушки, Түштүк-Чыгыш, Түштүк ж.б. сыяктуу жаңы кичирайондору пайда болгон. Шаарды өнүктүрүүнүн генералдык планы иштелип чыккан. Совет мезгилинде Ошту өнүктүрүүнүн генералдык планы биринчи жолу схема түрүндө 1940-жылы «Кыргызмампроект» тресті тарабынан архитектор В. Змиевскийдин жетекчилиги астында аткарылган. 1949-жылы ошол эле проектик уюм Оштун топографиялык негизде иштелип чыккан 1-генералдык планын түзгөн. Проекттин авторлору архитекторлор В. Нусов, Л. Куцемелов жана инженер Л. Хворостинская болгон. Бул генпланга ылайык 50–60-жылдары ОшМУнун алдындагы борбордук аянт курулуп, Ак-Буура дарыясынын жээктерин жакшыртуу иштери жүргөн. Дарыянын сол

[1] https://ru.wikipedia.org/wiki/Ош(город_Киргизия).

жээгиндеги борбордук Ленин, Свердлов көчөлөрүнө мамлекеттик имараттар, турак жай кварталдары курулуп, көчөлөр жашылдандырылган. Дарыянын оң жээгинде борбордук көчөлөр катары Жумушчу-дыйкан (азыркы Масалиев көчөсү) жана Гагарин (азыркы Шакиров көчөсү) көчөлөрүн куруу, жакшыртуу иштери жүргөн. Көчөлөрдү асфальттоо, шагыл төгүү иштери ишке ашырылган. 1970-жылы «Кыргызгипрострой» институту тарабынан 220 миң шаар тургунуна эсептелинген Оштун жаңы генпланы иштелип чыккан. Шаар чегинин өзгөргөнүн эске алып, кийинки жылы шаардын генпланына тактоолор киргизилген. Ага ылайык, генплан эки этаптан турган: биринчиси, 227 миң шаар калкына эсептелинген 1990-жылга чейинки план, экинчиси, 290 миң жашоочуга пландаштырылган 2000-жылга чейин эсептелинген план. План боюнча, адамдар жашоочу үйлөр 4–5 кабаттан ашпоосу керек болгон, айрым учурларда гана 9–12 кабатка уруксат берилген. Такталган генплан боюнча проект институту 1985-ж. шаардын борборунун деталдуу планын иштеп чыккан. Ал мезгилде партиянын Ош обкомунун жана облисполкомдун имараттары жайгашкан борбордук аянт шаардын пландаштырылган түзүмүнүн маанилүү бөлүгү – доминантасы катары каралган. Шаардын борбордук зонасынын түндүгүндө шаардык базардын аймагы орун алган, шаар борборунун түндүк-батышында Сулайман тоосун айланта эс алуу зонасын – ири аймакта парк түзүү каралган. Шаар планынын өзөгүн Ак-Буура дарыясы менен Сулайман тоо түзгөн. Шаардын башкы магистралдары катары Свердлов көчөсүнөн (азыркы Ленин) башка,



Ленин (азыркы Курманжан датка), Тельман (азыркы Навои), Гагарин (азыркы Шакиров), Кыргызстан (азыркы Масалиев) көчөлөрү, Юбилейный проспектиси (азыркы Раззаков) каралган. Шаар мына ушул борбордук зонанын айланасында өсүп-өнүгүшү керек болгон. Бирок 1991-жылы союз кулап, республика эгемендигин алып, саясий, социалдык-экономикалык кырдаал кескин өзгөрүп, ал Ош шаарынын андан ары өсүп өнүгүшүнө да өз корректировкаларын киргизди.

Жыйынтыктап айтканда, Ош шаары совет мезгилинде республиканын экономикасында, маданиятында, илиминде орчундуу орунду ээлеген гүлдөп-өнүккөн шаарга айланды. Ош пахтаны, жибек сырьёсун, мөмө-жемиш азыктарын, мал чарбасынын продукциясын кайра иштетүүчү ири экономикалык борбор болуп калды. Шаарда электроэнергетика, металл иштетүү, машина куруу, жеңил жана тамак-аш өнөр жайы, курулуш материалдарын өндүрүү ж. б. тармактар дүркүрөп өстү. Ош шаары областтын админисративдик борбору гана болбостон, ири өнөр жай, маданият, илим жана билим борборуна айланды. Бул тарыхый факт.

1991-жылы СССР кулап, анын курамындагы 15 союздук республикалар, анын ичинде Кыргызстан өз алдынча эгемендүү мамлекет болуп калды. Бул кыргыз элинин көп кылымдык тарыхындагы чоң саясий ийгилик болду. Кыргызстан демократиялык коомду курууга, рыноктук (капиталисттик) мамилелерге өтүүгө багыт алды. Бул жараян алгачкы жылдары көптөгөн татаалдыктар менен коштолду. Туура эмес жүргүзүлгөн приватташтыруу саясаты көп өнөр жай

ишканаларынын жабылышына алып келди. Бул көрүнүш Ош шаарынын экономикасына да мүнөздүү болгон. Ошол приватташтыруу саясатынын натыйжасында, Оштогу совет мезгилинде ургаалдуу иштеп турган өнөр жай гиганттары: Ош жибек комбинаты, Ош насос заводу, Оштогу өндүрүштүк пахтадан кездеме токуу комбинаты (ОПХБО) жабылып калды. Азыр алардын ордунда жеке менчик базарлар ачылган. Мындан башка да көптөгөн өнөр жай ишканалары жеке менчикке берилип, алардын көбү иштебей калса, көбү башка продукция чыгарууга өтүп кетишти.

Бирок акырындап Оштун өндүрүш чөйрөсү жаңы экономикалык мамилелерди өздөштүрүп, көп ишканалар өздөрүнүн финансы-чарбалык ишмердигин жандандырып иштей баштады. Ошентип, жалпы товар чыгаруу боюнча шаардын экономикасында өсүү тенденциясы байкалды. Алсак, 2000-жылдын 1-январына карата Ош шаарында 39 негизги өнөр жай ишканасы иштеп турган[1]. Алар негизинен калкка керектелүүчү товарларды чыгарган. 2000-жылы Ош шаарынын 3000 жылдык маараакесинин белгилениши, ага байланыштуу Оштун Кыргыз Республикасынын ошол мезгилдеги президенти А. Акаевдин жарлыгы менен «Кыргызстандын түштүк борбору» саясий макамын алышы шаардын андан ары өнүгүшүнө өбөлгө жаратты. Белгилөөчү жагдай, эгемендүүлүк жылдарында Ош шаарынын эл аралык байланыштарынын географиясы олуттуу кеңейди. Азыркы күндө Ош шаарынын ишканалары, мада-

[1] *Низамиев А.* Современный Ош: возрождение как центра путешествий. – Ош, 2004. – С. 24.



ният, илим жана билим мекемелери дүйнөнүн көп өлкөлөрү менен кызматташууда. Бул байланыштар шаарда бир катар ар түрдүү профилдеги биргелешкен ишканаларды ачууга шарт түздү.

Экономикадагы каатчылыктарга карабай, Ош шаары илимдеги жана билимдеги, маданияттагы өзүнүн күчтүү позициясын сактап калгандыгын белгилөө шарт. Азыркы күндө Ош шаары маданияттын, илимдин жана билимдин ири борбору десек жаңылышпайбыз. Анткени азыркы күндө шаарыбызда курамында 4 илимий-изилдөө институту иштеп жаткан Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмү, 30 миңден ашуун студент билим алып жаткан, Кыргызстандын ЖОЖдорунун авангарды болуп келаткан, Даңк ордендүү Ош мамлекеттик университети, Ош технологиялык университети, Ош мамлекеттик педагогикалык университети, Кыргыз-Өзбек университети, республиканын борбордук ЖОЖдорунун филиалдары, Россия мамлекеттик социалдык университетинин (РГСУ) филиалы ж. б. илим-билим мекемелери өз ишмердүүлүгүн ийгиликтүү жүргүзүп келишүүдө.

Эгемендүүлүк жылдарында Ош шаарынын архитектуралык көрүнүшү олуттуу өзгөрдү, жакшырды, кооз тартты. Көчөлөр жакшыртылды, жашылдандырылды, заманбап кооз имараттар курулду, эски имараттар реконструкцияланды. Ошентип, Ош шаары азыркы күндө күн сайын архитектуралык көрүнүшү кооз, заманбап, ошол эле учурда тарыхый өзгөчөлүгүн сактаган жаштардын сүйүктүү шаарына айланып бара жатат. Акыркы жылдары курулуп жаткан көп кабаттуу кооз турак жайлар жана башка

социалдык имараттар, «Алымбек датка» улуттук-этнографиялык борбору, Токтогул эс алуу паркы, «Сүйүү» (мурдагы «Мээрим») паркы ж.б. эс алуучу кооз жайлар, өзгөчө ыйык Сулайман тоо, шаарыбыздын кире бериш айлампаларындагы Айкөл Манастын, Барс бек кагандын, Алымбек датканын жана башка тарыхый-архитектуралык эстеликтер шаарыбыздын көркүнө көрк кошуп, улуттук баалуулуктарыбызды айгинелеп, дүйнө туристтерин өзүнө тартып турат. Арийне, Ош шаары азыркы күндө архитектуралык көрүнүшү кооз, заманбап, ошол эле учурда тарыхый өзгөчөлүгүн сактаган, ошонусу менен дүйнө элин суктандырган жаштардын сүйүктүү шаарына айланып бара жаткандыгы талашсыз факт.

## II бөлүм

# ШААР КӨЧӨЛӨРҮНҮН ПАЙДА БОЛУШУ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

### 2.1. Уезддик борбордун көчөлөрү

1876-жылдын 19-февралында Орус падышасынын «Кокон хандыгын жоюу жана анын ордуна Түркстан генерал-губернаторлугунун курамында Фергана областын түзүү» жөнүндөгү указы чыккан. Фергана областы 7 уездге бөлүнгөн. Алардын катарында Ош уезди да түзүлүп, анын административдик борбору Ош шаары болуп калган. Мына ошол мезгилден тартып Ош шаарынын дээрлик бир кылымдан ашык мезгилге созулган Орус мамлекетинин курамындагы (алгач падышалык Россия, кийин совет өлкөсү) тарыхый өнүгүүсү башталган. Ош уездинин биринчи начальниги болуп генерал М. Скобелевдин жакын адамы майор Михаил Ефремович Ионов дайындалган. Кийинчерээк ал генерал чинин алган жана «Алай ханышасы» Курманжан датка жана анын үй-бүлөсү менен эң жакын мамиледе болгон. М. Ионов Ош шаарынын европалаштырылышына

чоң салым кошкон[1]. Мына ушул мезгилден, б.а., 1976-жылдын эрте жазынан баштап, Ош шаарына орустар келип жайгаша баштаган. Алардын келиши Ош шаарынын жашоосун, көрүнүшүн, маданиятын өзгөрткөн. «Эски» шаардын түштүгүндө, Ак-Буура дарыясынын агымына каршы багытта кеткен шаардын «жаңы», «орус» бөлүгү деп аталган бөлүгү пайда болгон. Ошентип, шаардын тарыхында «эски» шаар, «жаңы» шаар деген түшүнүктөр келип чыккан.

Колониалдык доордо Оштун байыркы мезгилде пайда болуп, кылымдарды карытып, жашоо кечирип келе жаткан жергиликтүүлөр (орустар аларды «туземдер» деп аташкан – С.С.) жашаган «эски» шаар деген атка конгон бөлүгүндө көчөлөрдү жакшыртуу, жергиликтүү элдин жашоо-тиричилигин оңдоо маселесинде анчейин деле өзгөрүүлөр болгон эмес. Эски шаар борбордук базардын айланасынан, Ак-Буура дарыясынын алабынан башталып, Сулайман тоонун түндүк-чыгыш таманына ыктай жайгашып, бир нече кварталдардан (махалля) турган. Андагы кээ бир көчөлөрдүн аталыштары да белгилүү.

Ушул жерден квартал, махалля деген түшүнүктөрдүн этимологиясына токтоло кетүүнү туура деп эсептейбиз. «Квартал» – лат тилинде quarta – төрттөн бир бөлүк деген маанини берет. Квартал шаардын бир бөлүгү. «Махалля» – арабча сөз, «тургун жай», «адамдар турган жай» деген мааниде[2].

---

[1] Ош глазами русских исследователей (вторая половина XIX – начало XX вв.). Документы, материалы, фотографии, комментарии. – Б.: 2003. – С.26.

[2] *Исомиддинов З.* Она юртим Киргизистон, Уш... – Б., 2019. – 191-б.



Ар бир квартал өзүнүн аталышына ээ болгон, алардын көбү ошол кварталда жашаган кадыр-барктуу адамдын, аксакалдын атын алып жүргөн. Кварталдардын аталыштарынын айрымдары ошол жерде жашаган усталардын, кол өнөрчүлөрдүн кесибинин түрүнөн кабар берген. Мисалы, Сулайман тоонун түндүк таманында жайгашкан Бурлашлик (Алебастров) кварталында материалы алебастрдан (аны жергиликтүүлөр «бор-бур» дешкен. Ошондон көчө «Бурлашлик» деп аталып калган – С.С.), гипстен болгон ганчка (карапа, кумура) оймо-чийме салган усталар жашаган. Ошто ошондой эле карапа буюмдарын, ат шаймандарын (жабдыктарын) жасаган жана тери иштеткен усталардын, зергерлердин, токуучулардын жана куруучулардын кварталдары болгон. Кол өнөрчүлөр менен соодагерлердин кварталдары базар аймагында жайгашкан. Ал жерде кербен-сарай жана буюм-тайым сактоочу имараттар орун алган Рават, Сарай жана Сарай-көчө деген кварталдар болгон. Ал эми Шейхтер-гузар, Кожаган, Идоят кожо, Шайит тепе (дөбө) кварталдарында дин кызматкерлери жашагандыгы белгилүү. Ыйык мазарларга ыктай жайгашкан кварталдар, кээде шаардын бүтүндөй бир калктуу райондору алардын (мазарлардын) атын алып жүргөн. Мисалы, Хазрети Асаф ибн Бурхия кварталы, Хазрети Сар-Мазар аймагында жайгашкан Мазар Имам-Ата кварталы, Арча-Мазар кварталы ж.б. Изилдөөчү Антонина Захарова өзүнүн көп жылдык изилдөөлөрүнүн натыйжасында Оштун эски шаарындагы 33 кварталдын (махаллянын) аталышын аныктаган. Алар:

1. Кыргыз Алибай кварталы.
2. Жиндалик (балким, Жийделик) кварталы.
3. Жийде кварталы.
4. Туда кварталы.
5. Алимбай кварталы.
6. Азизбай кварталы.
7. Токмок Кайрагач кварталы.
8. Сарай кварталы.
9. Сарай-Көчө кварталы.
10. Кожаган кварталы.
11. Молдо Бай Ахунд кварталы.
12. Жалгыз-Бак (Якка-Баг) кварталы.
13. Тойчу Диванбеги кварталы.
14. Молдо Читик кварталы.
15. Дамылла Бекмухаммед Акун кварталы.
16. Нарботобай кварталы.
17. Шахидан-Тепе (Шейит-дөбө) кварталы.
18. Азирети Асаф ибн Бурхия кварталы.
19. Молдо Ибрагим кожо кварталы.
20. Махмуд кожо Кербенбашы кварталы.
21. Чим кварталы.
22. Жим (Зим) кварталы.
23. Анжиян-Көчө кварталы.
24. Азирети Дамылла Мухаммед-Сыдык-Ахунд-Аглам кварталы.
25. Чар-Көчө кварталы.
26. Баба-Курчи кварталы.
27. Идоят кожо кварталы.
28. Кожолор-гузар кварталы.
29. Мазар Имам-Ата кварталы.
30. Азирети Сар-Мазар кварталы.
31. Беш-Көпүрө (Биш-Куприк) кварталы.



32. Рават кварталы.
33. Арча Мазар кварталы[1].

Эски шаардагы айрым көчөлөрдүн аталыштары да белгилүү жана азыркы күнгө чейин сакталып калган. Бирок басымдуу көпчүлүгүнүн аталыштары унутулуп кетти. Мисалы, аты сакталып калган эң эски көчөлөрдүн бири – Төө таш (Туяташ) көчөсү же махаллясы. Ал базарды аралап өткөн Ак-Буура дарыясынын үстүнө салынган борбордук асма көпүрөгө жакын жерде, чыгыш тарапта жайгашкан. Анын мындай аталып калышынын себеби, ал жерде чоңчоң онго жакын таш болгон. Аларды жергиликтүү калк чоңдугунан төө таш (туяташ) деп атап коюшкан. Көчөнүн же махаллянын аты ошондон аталып калган. Ошондой эле эски шаардагы азыркы күнгө чейин аталыштарын сактап калган көчөлөргө же кварталдарга (махалля) Жим, Жийделик, Шамшад, Кошташ, Подаван, Ёрковок, Шейхтер-гузар, Алебастров, Дункуча, Мажрүм-тал, Кара-Суу, Анжиян, Араван, Ноокат[2] көчөлөрүн кошууга болот.

Каралып жаткан мезгилде эски шаар ылайдан жасалган, бири-бирине жабыштырылып курулган жепирейген, үстүнө топурак же ылай төшөлгөн кунарсыз үйлөрдөн турган. Көчөлөрү тар, ийри-буйру, туңгуюк, эки тарабы бийик дубалдар менен тосулган. Эски шаардын көрүнүшүн мечит, медресе, карыханалар сыяктуу диний имараттар гана бир аз

[1] *Захарова А.* Историко-архитектурное наследие города Ош (конец XIX начало XX вв.). – Б.,, 1997. – С. 78–79.

[2] *Исомиддинов З.* Она юртим Киргизистон, Уш... ... – 191–197-бб.

коздоп турган. Ош шаарында XIX к. аягында 154 мечит, 8 карыхана, 5 медресе болгон[1].

Ошентсе да орустардын келиши менен эски шаардын жашоосунда айрым бир прогрессивдүү мүнөздөгү жаңылыктар, өзгөрүүлөр болгон. Алсак, Оштун эски шаарынын аксакалдары жана миңбашылары молдо Султан менен анын иниси Кудрат Таирбаевдер жергиликтүүлөр үчүн орус-тузем мектебин ачуу маселесин шаар администрациясынан суранып, демилге көтөрүшкөн жана ага кетүүчү чыгымдарды өз моюндарына алышкан. Алардын суранычы Ош уездинин начальниги М. Ионовдун жана Түркстандын колониялык бийлигинин колдоосуна ээ болгон. Натыйжада, 1887-жылдын 15-январында эски шаарда (азыркы шоколад дүң базары турган жерде – С.С.) орус-тузем мектеби ачылып, ал туземдер арасында «Ордо» деп аталып калган[2]. Анын башчысы болуп, Василий Орлов дайындалган. Мектепте эки мугалим эжей иштеген. Кийинчерээк молдо Султандын баласы Балтыкожо Султанов мусулманча билим берүү боюнча мугалим болуп кирген. 1915-жылга чейин бул мектеп бир класстык мектеп болгон. Ушул жылдын январынан баштап Түркстан крайынын генерал-губернаторунун уруксаты менен мектеп эки класстык болуп кенейтилген жана кошумча 1 мугалимдик штат ачылган. Ал штатка ушул эле мектептин бүтүрүүчүсү Жорохон Зайнабиддинов мугалим болуп кирген. Мектептин имаратын кеңейтүү үчүн уезд башкармалыгы 740 рубль 39 тыйын бөл-

[1] *Захарова А., Иманбердиев Д.* Ош: первые учебные заведения. ... – С. 5.

[2] *Усмонов М.* Умр довани. – Ош, 2018. – 55-б.



гөн. Бул орус-тузем мектебин кыргыз элинин белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмери, Алымбек датка менен Курманжан датканын урпагы Далимырза Зульфибаев «эң мыкты» деген баалар менен аяктаган. Орус-тузем мектебинде Балты Султанов китепкана уюштурган. Бул китепкана Кыргызстандын түштүгүндөгү революцияга чейинки мезгилде ачылган эң алгачкы китепкана болгон. Октябрь революциясы жеңгенден кийин орус-тузем мектебинин базасында «Ватан» («Мекен») деп аталган 4 жылдык башталгыч өзбек мектеби ачылган. 1942-жылы Октябрь революциясынын 25 жылдык маарекесине байланыштуу мектеп «Октябрдын 25 жылдыгы» атындагы мектеп деп аталып калган. Жогоруда белгилегендей, мектеп Ак-Буура дарыясынын оң жээгинде, азыркы шоколад базардын ордунда жайгашкан.

Бул мектептен совет мезгилинде көп белгилүү адамдар билим алышкан. Мисалы, Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры Айтахун Таширов, Социалисттик Эмгектин Баатыры, белгилүү мамлекеттик ишмер Азиз Токтобаев, жазуучу Мамасалы Абдыкеримов, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн эмгек сиңирген ишмери Махмуд Атаджанов ж.б.[1]

Орустардын келиши менен Ошто энергетика пайда болгон. 1913-жылы «жаңы» шаарда Яккалик деген арыкта «Френсис» тибиндеги гидротурбина (240 ат күчү) коюлган анча чоң эмес ГЭС курулган. Ал жаңы шаардагы орус байларынын үйлөрүнө электр

[1] http://dipkurier.narod.ru/dip78/pamjat.htm; Акрам Валиев «Свет знаний неся через года» / Дипкурьер – приложение к газете «Эхо Оша». – №7. – июль, 2008.

жарыгын берген. Андан көп өтпөй 1914–1916-жж., инженер Лебедев менен «Шимонек» фирмасы тарабынан биргеликте экинчи ГЭСтин проекти иштелип чыккан. Кубаттуулугу 4500 ат күчүнө барабар болгон бул экинчи ГЭС эски шаардын аймагында, Ак-Буура дарыясында курулган. ГЭС эски шаардын байларынын үйлөрүнө жана дүкөндөрүнө электр жарыгын берген[1].

Жаңы шаардын аймагы азыркы шаардык оорукана жайгашкан райондон башталып, Ак-Буура дарыясынын агымына каршы жогору, түштүк багытты карап кеткен. «Эски» шаар менен «жаңы» шаардын аралыгы 2 чакырым болгон. Орустар келгенге чейин бул аймак жергиликтүүлөрдүн эгин аянттары, жайыттары, мөмө-жемиш бактары болгон. Орус аскер башчыларынан жана жергиликтүү казы-молдолордон түзүлгөн Аралаш комиссия, Ак-Бууранын сол жээгиндеги мына ушул түз аймактан орустардын аскер шаарчасы жана келечектеги «жаңы» шаардын курулушу үчүн 95 десятина жер тилкесин бөлгөн[2]. Ал жерге алгач аскер шаарчасын, лазарет жана жайкы аскер лагерин куруу каралган. Калган бөлүгү пландуу курулуучу административдик, соода, маданий-тиричилик имараттары, шаардыктардын жеке турак жайлары үчүн бөлүнгөн.

Чындыгында, жаңы шаар, же шаардын «орус» бөлүгү «эски» («туземдик») шаардан айырмаланып, пландуу курулган. Жаңы шаарда эң алгач аскер лагери (казармалар), лазарет, орус офицерлери жашаган примитивдүү барактар пайда болгон. Бирок

[1] http://dipkurier.narod.ru/dip78/pamjat.htm.

[2] *Галицкий В., Плоских В.* Старинный Ош. ... С. 108.



белгилөөчү жагдай, тарыхый булактар маалымдап тургандай, жаңы шаардын көчөлөрү түз жана кенен болуп, кесилишкен көчөлөр шахмат доскасын элестеткен.

Жаңы шаардын курулушуна эки орус офицерлери чоң салым кошкон. Алар Ошко келип жайгашкан 4-Түркстан батальонунун командири Сергей Топорнин жана Ош уездинин биринчи начальниги майор Михаил Ионов болгон. Ошол кездеги жобого ылайык, уезддин начальниги бир эле учурда шаар чарбасынын жана аны жакшыртуу (благоустройство) комиссиясынын төрагасы милдетин да аткарган. 1876-жылы штабс-капитан С. Топорнин Оштогу аскер гарнизонунун биринчи начальниги болуп дайындалган[1]. Мына ушул эки адамдын демилгеси менен Оштун «жаңы» («орус») бөлүгүнүн генералдык планы иштелип чыгып, алардын көзөмөлү астында мындагы негизги көчөлөрдүн, объекттердин курулушу башталган.

Жаңы шаарда түндүктөн түштүк багытты карай кеткен башкы эки көчө түшкөн. Алар белгилүү орус аскер адамдарынын ысымынан аталган жана ал аталыштар падышалык бийлик кулатылып, совет бийлиги орногон мезгилге чейин сакталган. Ошол башкы көчөлөрдүн бирине орус офицери В.Абрамовдун (Абрамов жөнүндө маалымат табуу азырынча мүмкүн болбоду) ысымы берилген (азыркы Ленин көчөсү – С.С.). Көп өтпөй эле бул көчө расмий документтерде белгисиз себептер менен Башкы (Главная) көчө деп аталып калган. Ал эми экинчи, азыркы

[1] *Нурматова С.* Русские в Оше (конец XIX – середина XX вв.): по материалам архивов. ... – С. 17–19.

Курманжан датка көчөсү, түштүк Кыргызстанды каратууга жигердүү салым кошкон белгилүү орус генералы Михаил Дмитриевич Скобелевдин[1] ысымын алган. Белгилүү болгондой, бул көчөлөр азыркы күндө да шаарыбыздын эң кооз борбордук көчөлөрүнөн болуп саналышат.

Орус генералы М.Скобелевдин ысымы Фергана областынын административдик борбору Фергана шаарына да ыйгарылган. Колониялык доордо (1876–1917-жж.) Фергана шаары Скобелев шаары деп аталган. Ал эми жергиликтүү калк үчүн, анын ичинде түштүк кыргыздар үчүн М.Скобелев каардуу баскынчы катары белгилүү. Ал 1875-жылдын декабрь айынын акыркы күндөрүндө жана 1876-жылдын январь айынын башында Эки-Суу арасына (Нарын менен Кара-Дарыянын ортосу – С.С.) кандуу баскынчылык жүрүш уюштурган. Бул аскерий жүрүш жергиликтүү элди ырайымсыз кыруу менен коштолгон[2]. Ал эми 1876-жылдын жаз жана жай айларында генерал Скобелев өз эркиндиги үчүн күрөшүп жаткан алай кыргыздарынын каршылыгын жоюу үчүн «Алай аскердик илимий экспедициясын» уюштурган. Бул кандуу жүрүш алай кыргыздарын орус империясына баш ийдирүү менен аяктаган[3]. Мына ошентип, Оштун эң алгачкы башкы көчөлөрүнүн бири колониалдык доордо, мына ушул адамдын ысымын алып жүргөн. Бирок орустар үчүн

[1] *Захарова А.* Историко-архитектурное наследие города Ош (конец XIX начало XX вв.). ... С. 79–84.

[2] *Кененсариев Т.* Кыргызстандын XIX кылымдын 50–70-жылдарындагы саясый өнүгүүсү. – Б., 2009. – 290–296-бб.

[3] *Өмүрзакова Т.* Курманжан датка. Доор. Инсан. Ишмердүүлүк.– Экинчи жолу толукталып чыгарылышы. – Б., 2015. – 163–175-бб.



генерал Скобелев чыныгы мекенчил, атактуу аскер ишмери болгон. Скобелев 1882-жылы 7-июлда Москвадагы «Англия» мейманканасында, Шарлотта Альтенроз деген аялдын номеринде, белгисиз кырдаалда көз жумган. Анда орус генералы 38 жашта болгон[1]. Анын өлүмүнүн кырдаалы азыркы күнгө чейин белгисиз бойдон калууда.

Скобелев көчөсүндөгү эң алгачкы имараттар аскер казармалары, лазарет, солдаттар үчүн азык-түлүк склады болгон. Алар Торговая (азыркы М. Аматов көчөсү – С.С.) жана Училищная (азыркы Заднепровский көчөсү – С.С.) көчөлөрүнүн аралыгында орун алган. Ал эми Скобелев менен Тюремная (азыркы К. Баялинов көч., – С.С.) көчөлөрүнүн кесилишинде түрмө жайгашкан, андан бир аз жогору же түштүгүрөөктө, Ош шаарында биринчи жолу 1900-жылы курулган, 15 койкалуу бир кабат оорукана орун алган. Тилекке каршы, бул тарыхый-архитектуралык имарат 2020-жылдан баштап бузулуп, анын ордуна азыр көп кабаттуу турак жай салынып калды. Азыркы «Магнат» ресторанын жайгашкан жерде шаар башчысынын (бургомистр) үй канцеляриясы, Училищная жана Церковная (аз. Асранкулов – С.С.) көчөлөрүнүн ортосундагы жерде, азыркы күнгө чейин сакталган чиркөө жана андан бир аз төмөнүрөөктө, приходдук училище курулган[2]. Андан башка көчө бойлой ирээттүү түрдө чиновниктердин, аскер адамдарынын, көпөстөрдүн,

[1] https://news.rambler.ru/other/39623276-mihail-skobelev-tayna-smerti-belogo-generala/.

[2] *Кравцов М.М., Сулина М.Г.* Ош: Путеводитель. – Ош, 1982. – С. 20.

ишкерлердин жеке менчик үйлөрү салынган. Миса-лы, «жаңы» шаарды көрктөндүрүү ишине олуттуу салым кошкон врач Николай Кондратьевдин, ошондой эле Свавильный, Медведев, Кокоянц ж. б. үйлөрү, Скобелев көчөсүн кесип өткөн Церковная жана Загородная (аз. Жиннах көч. – С.С.) көчөлөрүнүн аралыгында жайгашкан.

Жаңы шаардын экинчи башкы көчөсү Абрамов көчөсү болгон. Жогоруда белгилегендей, ал расмий документтерде Башкы (Главная) көчө деп да берилет. Алсак, 1919-жылдагы Оштун жаңы бөлүгүнүн планында ошондой берилген. Абрамов көчөсүндө жаңы шаардын башкы эс алуу паркы (азыркы Токтогул паркы – С.С.), «Түбөлүк оттун» айланасындагы бак-дарактар тигилген. Башкы парктын ичинде жайкы кинотеатр ачылган. Башкы (Абрамов) көчөдө азыркы Токтогул паркынын тушунан, стадиондун тушуна чейинки аралыкта: почта-телеграфтын, Аскер чогулушунун, казначействонун (азыркы айыл чарба техникумунун ордунда – С.С.) имараттары, Таранин-дин 10 бөлмөдөн турган мейманканасы, Апостолов-дун кинотеатры, Епифанов менен Щюкиндин дүкөндөрү, Гречкиндин пекарнясы, Варабиндин мончосу (азыркы «Сүйүү» паркынын ордунда – С.С.), андан төмөнүрөөктө Орловдун пиво заводу жайгашкан[1]. «Жаңы» шаардын түптөлүп өнүгүшүнө чоң салым кошкон Оштогу аскер горнизонунун биринчи начальниги Сергей Топорниндин үйү Башкы (Абрамов) жана Загородная көчөлөрүнүн кесилишкен жеринде болгон.

[1] *Захарова А., Иманбердиев Д.* Ош: первые учебные заведения. ... – С. 65; Кравцов М.М., Сулина М.Г. Ош: Путеводитель. ... – С. 20.



Ак-Буура дарыясынын оң жээгиндеги бийик дөңсөө жерге уезддин начальнигине үй курулган (курулуш иштери 4 жылга созулуп, 1880-ж. бүткөн – С.С.), айланасына бак-дарактар тигилген. Совет мезгилинде ал Эс алуу үйүнө (Дом отдыха – С.С.) айланып, анда союздун булуң-бурчунан келген миңдеген адамдар эс алып, ден соолуктарын чыңдашкан. Михаил Ионов эс алууга (отставка) чыккан аскер адамдарынын жеке менчик үй куруусуна да көмөк көрсөткөн. Ал үйлөр негизинен азыркы Ленин – Асранкулов – Жиннах көчөлөрүнүн аралыгына курулуп, ал «Солдат слободасы» («Солдатская слобода») деп аталган. «Слобода» деген сөз эркин тургун жай (свободное поселение) деген маанини берген[1].

Көчөлөрдү көрктөндүрүү, жашылдандыруу маселеси ошол колониялык доордо эле башталган. Бул гумандуу жана сыймыктуу иштин башында, уезд начальнигинен башка, Ош шаарындагы аскер лазаретинин биринчи башчысы, медик-фельдшер Кондратьев Николай Николаевич турган. Ал өзү медик болгону менен багбанчылык ишин да өтө мыкты өздөштүргөн адам болгон. Анын демилгеси жана жетекчилиги астында азыркы Токтогул эс алуу багында, «Түбөлүк оттун» айланасында скверде, Эс алуу үйүнүн айланасында бак-дарактар тигилген. Ал жерлер азыркы күндө да шаардыктардын бак-шактуу, жагымдуу эс алуучу жайлары. Абрамов проспектинин же Башкы көчөнүн эки тарабына акациялар, ал эми Скобелев

[1] Tatyana Vavilova / https://mytashkent.uz/2014/05/20soldatskaya-sloboda-i-alajskij-bazar/.

көчөсүнө «күмүштөй теректер» тигилген[1]. Алардын айрымдары биздин күнгө чейин сакталган.

Шаардын «орус» бөлүгүндөгү алгачкы жана азыркы күндө тарыхый баалуулукка ээ имараттардын бири – орус православ чиркөөсү. 1876-жылы аскер ведомствосу түндүгүнөн Училищная, түштүгүнөн Церковная, батышынан Скобелев, чыгышынан Абрамов (Башкы) көчөсү менен чектелген жерден чиркөө үчүн жер тилкесин бөлүп берген жана бул жерге алгач жыгачтан убактылуу чиркөө тургузулган. 1879-ж. чиркөөгө ыйык Михаил Архангелдин ысымы берилген (касиеттелген). Жыл өткөн сайын Ош шаарына көчүп келген православ динindeги адамдардын санынын көбөйгөндүгүнө байланыштуу, чиркөөнү кеңейтүү зарылдыгы келип чыккан. Кеңейтилген храмды куруу иштери 1904–1910-жж. жүргөн. 1910-жылдын ноябрь айында азыркы көрүнүштөгү Михайло-Архангель храмы кызматка берилип, «жаңы» шаардын руханий борборуна айланган[2].

Көңүл бурчу жагдай, колониалдык доордо Оштун «орус» бөлүгүндөгү көчөлөрдү адам ысмы менен атоо салты кеңири жайылган эмес. Мисалы, Скобелевдин жана Абрамовдун ысымы берилген эки борбордук көчөлөрдөн башка бир да көчөгө адам ысымы берилбеген. Көчөлөр көбүнчө жайгашкан рельефине, ошол көчөдө жайгашкан мекемеге жараша атала берген.

[1] *Нурматова С.* Русские в Оше (конец XIX – середина XX вв.): по материалам архивов. ... – С. 23–24.

[2] *Захарова А.* Историко-архитектурное наследие города Ош (конец XIX начало XX вв.). ... – С. 117–120.



Алсак, азыркы К. Баялинов атындагы көчө, ал жерде түрмө жайгашкандыгына байланыштуу Тюремная (Түрмө) көчөсү деп аталган. Айрым маалыматтар боюнча ошол түрмөнүн имараты Алымбек датка менен Курманжан датканын кенже уулу Камчыбек тарабынан мейманкана катары салынган. Кийин Камчыбек колониалдык бийлик тарабынан жалган жалаа менен өлүм жазасына тартылгандан кийин Камчыбектин мейманканасынын имараты түрмөгө айландырылган. Бул тарыхый имарат азыркы күндө да бар (СИЗО). Андан ары азыркы Заднепровский атындагы көчөдө, ал мезгилде приходдук училище жайгашкандыктан Училищная, азыркы Асранкулов көчөсүндө чиркөө тургандыктан Церковная, азыркы Жиннах көчөсү – Загородная, азыркы М. Алимбеков көчөсү – Полевая деп аталган. Ал эми шаардын азыркы эски көпүрөсүнүн (ал мезгилде, албетте, көпүрө болгон эмес – С.С.) алдындагы жерден түштүктү карай Ак-Бууранын агымына каршы дарыя бойлой, азыркы «Мээрим» паркына чейин кеткен көчө – Татарская (Татар көчөсү – С.С.) деп аталган. Анткени бул көчөдө негизинен татар улутундагылар жашаган.

Жаңы шаар өз жашоосун баштаган мезгилден көп өтпөй, шаардын бул бөлүгүндө да аскер шаарчасына жакыныраак жерге базар ачуу зарылдыгы келип чыккан. Бирок көпкө чейин бул ишти эч ким өз колуна алган эмес. Акыры уезддин начальнигинин жеке кийлигишүүсү менен 1883-жылы жергиликтүү жашоочу Мамат Итымов 16 күркөдөн (лавка) турган чакан базар ачкан. Келишим боюнча 10 жылга чейин базардан түшкөн кирешени М. Итымов ал-

ган, 10 жылдан кийин базарды толугу менен шаардын карамагына өткөрүп берген. Оштентип, уезд начальниги М. Ионов жергиликтүү ишкердин жардамы менен шаардын «орус» бөлүгүндө жакшынакай, чакан базар ачкан. Базар азыркы Э.Алиев жана М.Аматов көчөлөрүнүн кесилишинде орун алган «Байсал» ресторанынын ордунда жайгашып, эл арасында «Пьян» («Пьяный») базар деген атка конгон. Анын мындай аталып калышынын себеби, базарда ичимдик сатылгандыктан, кечинде базарда жана анын айланасында мас (пьяный) адамдар көп болгон. Мына ушул базардын ачылышына жана жайгашышына байланыштуу, ошол жерден өткөн жана Скобелев, Абрамов көчөлөрүнө параллель жайгашкан көчө, Ноокат көтөрүлүшүнө (Ноокатский подъем) чейин Базарная көчөсү деп аталып (азыркы Э. Алиев көчөсүнүн бир бөлүгү – С.С.), андан ары түштүк багытта уланып кеткен көчө – Кладбищенская деп аталган. Анткени көчө орус көрүстөнүнө алып барган. Ал көрүстөн азыркы күндө да бар. Ал эми Базарная көчөсүнөн башталып, Скобелев көчөсүн кесип өтүп, Абрамов көчөсүнө чейин келген азыркы М. Аматов көчөсү колониалдык мезгилде пайда болгон жана Торговая (Соода) көчөсү деп аталган. Анткени анда бир нече соода күркөлөрү жайгашкан.

Ош уездинин жер ченөөчүсү (землемер) Поповдун 1912-жылдын февраль айында түзгөн Оштун «орус» бөлүгүнүн планында «жаңы» шаардын бүт аймагы аркылуу Ак-Буура дарыясына параллель 3 негизги көчө өткөн. Алар – Скобелев, Абрамов (Башкы) жана аты сакталбаган үчүнчү көчө[1]. Биздин пикирибизче,

[1] *Захарова А.* Историко-архитектурное наследие города Ош (конец XIX начало XX вв.). ... – С. 80.



үчүнчү көчө, бул азыркы Э. Алиев көчөсү, ал мезгилде түндүктөн түштүктү карай кетип, эки бөлүктөн: Базарная жана Кладбищенская көчөлөрүнөн турган.

Колониалдык доордо «жаңы» шаарда, же шаардын орус бөлүгүндө, башкы (Скобелев жана Абрамов – С.С.) көчөлөрдү кесип өткөн, шахмат доскасын элестеткен көчөлөр түшкөн. Алар түндүктөн түштүктү карай атаганда: Түрмө (Тюремная) – азыркы К. Баялинов көчөсү, Соода (Торговая) – азыркы М. Аматов көчөсү, Ноокат (Наукатская) – азыркы Мамыров көчөсү. Эске алчу жагдай, Ноокат көчөсүнүн колониалдык доордогу аталышын тактай албадык. Андан ары Училищная – азыркы Заднепровский көчөсү, Церковная – азыркы Асранкулов көчөсү, Загородная – азыркы М. Жиннах көчөсү жана Полевая – азыркы М. Алимбеков көчөсү. Полевая көчөсү «жаңы» шаардын түштүк чеги болгон, андан ары талаа башталган.

XX кылымдын башында шаардын эки бөлүгүндө жалпы узундугу 126 чакырымды түзгөн 117 көчө жана 75 чолок көчө (переулок) болгон. 1910-жылга карата алардын жалпы узундугу 137 чакырымды түзгөн. Алардын ичинен таш төшөлгөн көчөлөр болгону 4 гана чакырым болгон. «Туура түзүлгөн» тротуарлар «жаңы» шаарда гана пайда болгон. Жыйырманчы кылымдын башында шаар администрациясы Оштун көчөлөрүндө жүрүү жылдын бардык мезгилинде ыңгайлуу болуш үчүн шашылыш түрдө бир топ сырткы жакшыртуу иштерин жүргүзгөн. Алсак, борбордук Скобелев жана Абрамов көчөлөрүнө гравий төгүлгөн. Айрым жерлерине тротуар салынган. Ошентсе да «Түркстан ведомосттору» газетасынын

1906-жылдын № 20 санындагы маалыматы боюнча Ош шаарындагы таш төшөлгөн көчөлөр шаар көчөлөрүнүн жалпы узундугунун болгону 1/30 бөлүгүн гана түзгөн[1].

Шаар көчөлөрүн жакшыртуунун дагы бир багыты көчөлөрдү жарыктандыруу болгон. XIX к. аягында Оштун көчөлөрүн жарыктандырган бир гана фонарь болгон. Он жылдан кийин фонарлардын саны 63кө жеткен. Орто эсеп менен көчөнүн 1,5–2 чакырым аралыгына 1 фонарь коюлган. Колониалдык доордо шаар калкынын жалпы пайдалануусундагы шаардык транспорт – арабакечтер (извозчиктер) пайда болгон. 1903-жылы шаар ичинде адам ташып, 11 арабакеч кызмат кылган. Алардын көчөнүн башына чейинки же 1 сааттык таксасы (баасы) «жаңы» шаарда – 15 тыйын, «эски» шаарда – 40 тыйын болгон[2]. Арабакечтердин баасынын эски шаарда кымбат болгондугунун себеби, эски шаардын тар, ийри-буйру түңгүюк, кыжылдаган адам көп көчөлөрүндө арабакечтер үчүн жүрүү өтө чоң кыйынчылыктарды туудурган.

Суу шаардын жашоосунда маанилүү ролду ойнору белгилүү. Колониалдык доордо шаар калкын ичүүчү, чарбада жана башка багыттарда колдонуучу суу менен камсыз кылуу мурдагы доорлордогу колдонулуп келген ыкма – Ак-Буура дарыясынан ар тарапка алынып чыккан арык-канал системасы менен эле жүргөн. Ошондуктан, Ак-Буура дарыясынан жана андан чыккан арык-каналдардан алыста орун алган шаар калкына көп учурда суу жетишсиз

[1] *Галицкий В., Плоских В.* Старинный Ош. ... – С. 108–109.

[2] Ошол эле жерде. – 109-б.



болгон. Мындай райондордун санитардык абалы да жакшы болгон эмес.

Колониалдык доордо Ош шаарынын калкынын саны, улуттук курамы өзгөрүүгө дуушар болуп өсүп-өнүккөн. Мисалы, расмий булактар боюнча 1880-жылы шаар калкынын саны аскерлерди кошпогондо – 3307 адам болсо, 1885-жылы – 15 миң, ал эми 1914-жылы – 51701 адамга жеткен. Шаар калкынын улуттук курамында буга чейин кездешпеген орус, татар, немис, еврей ж.б. улуттар пайда болуп, шаар калкынын этникалык курамынын ар түрдүүлүгүн өстүргөн. 1912-жылы шаардагы орустардын саны 1457 адам болгон. «Эски» шаардын калкынын арасындагы кыргыздар 1913-жылы 1000 адамды түзгөн[1]. Шаар калкынын демографиялык өнүгүүсү шаардын өнүгүүсүнүн көрсөткүчү болгон.

Колониалдык доордогу уезддин борбору болгон Ош шаарындагы өзгөрүүлөр жана анын көчөлөрүнүн калыптануу жана өнүгүү тарыхы негизинен мына ушундай абалда эле.

Келтирилген маалыматтарды талдап, колониалдык доордо Оштун «орус» бөлүгүндөгү көчөлөрдү адам ысмы менен атоо салты кеңири жайылбагандыгын белгилөөгө болот. Алсак, Скобелевдин жана Абрамовдун (ал да көп өтпөй эле Башкы (Главная) көчө деп аталып калган – С.С.) ысымы берилген эки борбордук көчөлөрдөн башка, бир да көчөгө адам ысымы берилбеген. Азыркы учурдагы көчөлөргө ат берүү саясатында, мына ушул принципти кармануу маанилүү го?!

[1] *Галицкий В., Плоских В.* Старинный Ош. ... – С. 113–116.

## 2.2. Советтик көчөлөр: жаңылануу жана өнүгүү

Совет мезгилинде (1917–1991-жж.) Ош шаарынын экономикасы, архитектуралык, социалдык көрүнүшү, инфраструктурасы таанылгыстай болуп өзгөрдү. Ошто совет бийлиги 1917-жылдын декабрь – 1918-жылдын январь айларында шаардык советти бельшевиктештирүүнүн натыйжасында тынчтык жолу менен орногон. 1918-жылдын апрель айынан 1924-жылдын октябрына чейин Ош шаары Түркстан Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын (Түркстан АССРи) Фергана областынын курамындагы Ош уездинин административдик борбору болуп турган. Башкача айтканда, Орто Азияда 1924-ж. улуттук-мамлекеттик жиктешүү жүргүзүлгөнгө чейин Ош шаары падышалык Россиянын мезгилиндегидей административдик-аймактык түзүмдүн курамында кала берген. Бул мезгилде Ош шаары жана оштуктар көп оор күндөрдү баштарынан өткөрүштү. Совет бийлигин коргоо жана бекемдөө, басмачылардан совет бийлигин жан аябай коргогон граждандык согуш жылдары, экономикалык бүлүнүү, кымбатчылык, ачарчылык шаарда социалисттик кайра курууларды токтоосуз жүргүзүүгө, анын көчөлөрүн жакшыртуу, көрктөндүрүү иштерин колго алууга советтик бийлик органдарына мүмкүнчүлүк берген эмес.

Бул иштер 1924-жылдын 14-октябрында, РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялык областы (ККАО) түзүлгөндөн кийин ургаалдуу жүргүзүлө баштаган. Совет мезгилинде Ош шаары 1924–1926-жж. – округдун борбору, 1926–1928-жж. – кантондун борбору, 1928–1930-жж. – Ош жана Жалал-Абад кантондорун бириктирүүнүн натыйжасында түзүлгөн Ош округунун борбору, 1930–1939-жж. – административдик райондун борбору, 1939-жылдан совет доору бүткөнгө чейин Ош областынын борбору болуп турган. Белгилөөчү жагдай, 1958-жылы Жалал-Абад областы жоюлуп, анын аймагы Ош областынын курамына кошулган. Ошентип, Ош областы Кыргызстандын бүтүндөй түштүк аймагын бириктирген область болуп калган. Ош шаарынын совет доорундагы мына ушул саясий-административдик макамы анын ар тараптуу өнүгүшүнө өбөлгө жараткан.



Шаар бийлигинин шаарды өсүп-өнүктүрүү, көрктөндүрүү иштеринин негизги багыттарынын бири – шаар көчөлөрүн жакшыртуу (благоустройство) болгон. Улуу Ата Мекендик согушка чейинки мезгилде шаардын башкы борбордук көчөлөрү мурдагы эле (революцияга чейинки) Башкы жана Скобелев көчөлөрү болгон. Бирок алардын аталыштары өзгөртүлгөн. Анткени совет бийлигинин, большевиктер (коммунисттер) партиясынын таптык көз карашка негизделген идеологиясы эзүүчү таптын өкүлдөрүн элдин келишкис душманы катары караган. Жаңы социалисттик коомду эскиден эч нерсе калтырбай таза курабыз деген идея үстөмдүк кылган. Скобелев көчөсүнө эми Россияда буржуазиялык Убактылуу өкмөттүн бийлигин кулатууга алып келген Октябрь революциясын (1917-ж. 25-октябрь (7-ноябрь)) уюштурган большевиктер (коммунисттер) партиясынын лидери, Со-

вет мамлекетинин негиздөөчүсү, Совет өкмөтүнүн (Эл комиссарлар кеңеши – С.С.) биринчи башчысы (1917–1924-жж.) Владимир Ильич Лениндин (1924–1870-жж.) ысымы ыйгарылган.

Ушул жерден белгилей кетүүчү жагдай, совет мезгилинде СССРдин курамындагы бардык шаарлардагы башкы көчөлөр Лениндин ысымын алып жүргөн. Советтик доордо бул жазылбаган мыйзамга, салтка айланган. Совет коомун, прогрессивдүү адамзатты Ленинсиз элестете албаган советтик идеология, аң-сезим калыптанган. Жаш муун советтик акын Л. Ошанин менен советтик композитор С. Туликовдун «Ленин дайым тирүү» («Ленин всегда живой») деген сыяктуу ырлары менен тарбияланган.

Ал эми «Ленин жил, Ленин жив, Ленин будет жить» деген саясий ураан Лениндин чоң тартылган сүрөтү менен кошо ар бир шаардын партиялык, советтик бийлик органдарынын имаратында, борбордук аянттарда илинип турган. Ошондой эле Борбордук аянттарга сөзсүз түрдө Лениндин эстелиги тургузулган. Лениндин эстелиги бир эле шаардын бир нече жеринде тургузулган учурлар да көп болгон. Бул салттан Ош шаары да четте калган эмес. Совет доорунда Ош шаарынын борбордук башкы көчөсү Лениндин ысымын алып жүргөн, борбордук аянттарга Лениндин эстелиги тургузулган.

Совет мезгилинде шаардын аянты да кеңейген. Алсак, 1940-жылга карата шаардын аймагы 1342 гектардан турган, ал эми көчөлөрдүн узундугу 42 км болуп, анын 10 километрине, анын ичинде Ленин көчөсүнө таш төшөлгөн[1]. Совет мезгилин-

[1] Байыркы жана түбөлүк жаш Ош шаары. Кыскача статистикалык жыйнак. – Ош, 2000. – 10-б.



деги Ош шаарындагы эң алгачкы курулуштардын бири – 1919-жылдын май айында курулган Ош чеби (крепость) болгон. Ал жаңы шаардын борборунда, солдат казармалары жайгашкан жерде, азыркы Курманжан датка көчөсү менен М. Аматов көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашып, басмачылардан коргонуу үчүн курулган. Казармалардын аймагы бийиктиги 3,5 м., калыңдыгы 1,5 м. дубал менен тосулган. Дубалда ар бир 2 м. аралыкта бойница болгон жана башкы көчө тарапта 3 пулеметтук аянтча курулган. Дубалдын сырты бир нече катар тикен зым менен курчалган. 1920-жылдын май айында Ош чебинде горнизондун жоокерлеринин алдында Түркстан фронтунун башкы командачысы М. В. Фрунзе келип сүйлөгөн[1]. Ал жөнүндө чептин кире беришиндеги дубалдагы мемориалдык тактайчадагы жазуу кабар берип турат.




[1] Ошская область. Энциклопедия. – Фрунзе, 1987. – С. 333.

Чептин дубалдары азыркы күндө да сакталган. Бирок Э. Алиев көчөсү тараптагы дубалдары бузулуп, талкаланып атканы, аны сактоо багытында эч кандай иш-чара алып барылбаганы өтө кейиштүү. Бул имаратты тарыхый-архитектуралык эстелик катары сактоо зарыл.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында, граждандык согуш мезгилинде, шаардын чукул чакырылган советтик бийлик органы – революциялык комитет, Скобелев көчөсү менен Тюремная көчөсүнүн кесилишиндеги мурдагы шаар бургомистринин үй канцеляриясында жайгашкан. Ал эми азыркы Кыргыз драма театрынын ордунда ВЧКнын өзгөчө бөлүмүнүн (особый отдел) имараты орун алган. Азыркы Курманжан датка көчөсү менен Баялинов көчөсүнүн кесилишинде, «Ош нуру» мейманканасынын каршысында банк имараттарынын түштүк тарабында, кыргыз элинин белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмери Далимырза Зульфибаевдин үйү болгон[1] Д. Зульфибаев кыргыз советтик улуттук мамлекетинин түптөлүшүнө жана өнүгүшүнө бараандуу салым кошкон, өткөн кылымдын 20–30-жылдарындагы Кыргызстандын белгилүү мамлекеттик ишмери. Ал 1915-жылы Оштогу орус-тузем мектебин Мактоо баракчасы менен аяктаган. Орус, өзбек тилдерин өз эне тилиндей сүйлөгөн. 1917-жылдын апрелине чейин Ош уезддик башкармалыгында котормочулук милдетти аткарган. 1917-жылдын октябрынан 1920-жылдын февралына

[1] https://www.facebook.com/notes/ошане/мы-ошане-судьба-дали-мырзы-по-рассказам-его-детей//



чейин коогаландуу жылдарда Кашкар-Кыштак[1] жана Ош болуштуктарынын революциялык комитетеринин катчысы болуп иштейт. Ушул эле мезгилде Ташкент шаарындагы кыска мөөнөттүк курсту аяктап келип, Ош шаарындагы мектепте өзбек тилинен сабак берет. 1920-жылдан баштап, партияга өткөн Д. Зульфибаев советтик жана партиялык кызматтарда иштеген. Алсак, ал 1920–1924-жж. Ош шаардык Жумушчу-дыйкандар инспекциясынын (РКИ) текшерүүчүсү, Кашкар-Кыштак райондук аткаруу комитетинин төрагасы, партиянын Ош шаардык комитетинин жооптуу катчысы, Ош шаардык депутаттар Кеңешинин төрагасынын орун басары жана бөлүм башчы, Ош уездинин прокурору болуп иштеген. 1924-жылдын октябрында жаңыдан түзүлгөн ККАОнун жогорку мамлекеттик бийлик жана башкаруу органы болгон ревкомдун (революциялык комитет – С.С.) төрагасынын орун басары болуп дайындалган. Ошол эле учурда Ош окуругунун ревкомунун (кийин аткаруу комитетинин – С.С.) төрагасы болуп иштеп турган жана Кара Кыргыз областынын партиялык бюросунун мүчөлүгүнө бекитилген. Кийинки жылдары Д. Зульфибаев Кыргыз АССРинин өкмөтүнүн төрагасы Ж. Абдрахмановдун орун басары, Кыргыз АССРинин БАКынын (Борбордук аткаруу кимтети – С.С.) төрагасы А. Орозбековдун орун басары, Жер иштетүү наркому кызматтарында иштеген. 1937-жылы күнөөсүз жерден репрессияла-

[1] Ош шаарынын түндүк тарабында Кара-Суу жолунда шаарга чектеш жайгашкан элдик пункт. Кыштак бул жерге XIX к. экинчи жарымында Кашкар шаарынан уйгурлар көчүп келип жайгашканда пайда болгон. Ошондуктан, ал Кашкар кыштак (кашкарлыктардын кыштагы) деп аталып калган.

нып атылган. Сөөгү Ата-Бейит көрүстөнүндө. 1957-жылы атуулдук жактан акталган[1]. Биздин пикиризче, азыркы К. Баялинов же Ломоносов (азыркы М. Аматов) көчөсүн Далимырза Зульфибаев атындагы көчө деп атасак туура болмок, тарыхый адилеттүүлүк калыбына келтирилмек.

Ленин көчөсү совет доорунда бир топ кеңейтилип, асфальтталып, 3–4 кабаттуу турак жайлар, мамлекеттик жана коомдук имараттар түшүп, бак-дарактар тигилип жашылдандырылып, кооз көчөгө айланды. Алсак, 1929-жылы Ош типографиясы ачылып, анын имараты курулуп, ишке берилген. Совет мезгилинде Ош типографиясында «Ленин жолу», «Ленинский путь», «Ленин йули» областтык газеталары, көп тираждуу «Текстильщик» (Ош жибек комбинатынын басма сөз органы – С.С.), «Голос текстильщика» (ОПХБО) газеталары басылып чыгып турган. Имараттын төбөсүндө «Печать – трибуна народа» («Басма сөз – элдик трибуна») деген ураан – жазуу болгон.

Шаардын көчөлөрүн жакшыртуу, көрктөндүрүү иштери Улуу Ата Мекендик согуштан (1941–1945-жж.) кийинки мезгилде, айрыкча XX к. 50–80-жж. ургаалдуу жүргөн. Алсак, Ленин көчөсүн кеңейтип, түздөп куруу иштери 1953-ж. негизинен бүтүрүлгөн. Көчөнү курууда тоскоолдук кылган менчик үйлөрдүн ээлерине шаардык советтин чечими менен башка жактан участкалар берилип көчүрүлгөн. Көчөнү реконструкциялоо иштерине шаар кал-

---

[1] *Смадияров С.* Абдыкадыр Орозбековдун замандашы жана кесиптеши, даткалардын урпагы Далимырза Зульфибаев // Абдыкадыр Орозбековдун кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүн түзүүдөгү орду. – Б., 2017. – 235–244-бб.



кы жарпырт кол кабыш кылган. Алар курулуш материалдарын: таш, шагыл, кумду автомашиналарга кол менен жүктөп, төгүп иштешкен[1].

Көчөдө акырындап шаардын жашоочулары үчүн 3–4 кабаттуу бышкан кирпичтен тургузулган турак үйлөр, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун студенттик жатаканалары, Бакыт үйү, ОшМУнун чет тилдер факультетинин окуу имараты, шаардык оорукана, «Айчүрөк» универмагы (бул 5 кабаттуу имараттын үстүнкү 4 кабаты шаар жашоочуларына турак жай катары курулган – С.С.), шаардык аскер комиссариатынын имараты, шаардыктардын эң сүйүктүү соода түйүнү болгон – «Кыргызстан» гастроному, М. Ломоносов атындагы орто мектеп, эл арасында «Фрунзе рыногу» деген атка конгон базардын имараты ж.б. у.с. курулуштар курулган. «Фрунзе рыногунун» мындай аталып калганынын себеби, Ленин көчөсүн кесип өткөн мурдагы Полевая көчөсү, совет мезгилинде Фрунзе көчөсү деп аталып турган. Ошондуктан, Ленин жана Фрунзе көчөлөрүнүн кесилишине түшкөн базар ушундай элдик аталышка ээ болуп калган.

Ленин көчөсүндө совет мезгилинде шаардык борбордук оорукана жайгашкан. Ош шаарынын борбордук ооруканасы 1968-жылы курулуп бүтүп, ишке берилген. Ал алгач революцияга чейин курулган оорукананын имараттарында жайгаштырылган. Акырындап шаардык оорукананын тармактары кеңейип, зарылдыкка байланыштуу кошумча жаңы имараттар курулган. Оорукана жалпы 320 орунга

---

[1] *Базарбаев Е.Т.* Ош: үч миң жылдын үч жылы// Все про Ош... Вып.2. – Ош, 1999. – С. 70.

эсептелип, анын 8 – терапия, чоңдордун жана балдардын жугуштуу оорулары, хирургия, травматология, гинекология, офтальмология, отоларингология сыяктуу адистештирилген бөлүмдөрү болгон. Ооруканын врачтары миңдеген адамдардын өмүрлөрүн сактап, ден соолуктарынын чыңдалышына жардам берди. Мисалы, 1985-жылы эле шаардын борбордук ооруканасында 8100 адам дарыланып, 3 миңге жакын операция жасалган[1]. Азыр «Ак-Тилек» кичирайонунда Түркия Республикасынын жардамы менен заманбап имарат курулуп, ал «Ош шаардык клиникалык ооруканасы» деп аталып, мындагы көп бөлүмдөр ошол имаратка көчтү.

1974-жылы Ленин көчөсүнүн борбордук бөлүгүндө, Сулайман тоонун чыгыш таманындагы аянтчада, Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан компартиясынын түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгына арналган монумент тургузулган. Бул аянтча совет мезгилинде



[1] Ошская область. Энциклопедия. – Фрунзе, 1987. – С. 337.



Эмгек даңкынын аллеясы деп аталып, шаар жашоочуларынын кечинде эс алуучу эң сүйүктүү жайына айланган.

1978-жылы азыркы ОшМУнун чет тилдер факультетинин окуу корпусунун каршысында «Бакыт үйү» ачылган, кийинчерээк анын алдындагы аянтчада скульптор Дүйшөн Жолчуевдин «Бактылуу үй-бүлө» деген скульптурасы тургузулган. Шаар тургуну Анара Кадырбаеванын маалыматы боюнча скульптуранын персонаждарынын прототиптери – «художник Авас, анын аялы искусство таануучу Тамара жана алардын уулу Нур»[1] экен. Мына ошол мезгилден азыркы күнгө чейин «Бакыт үйү» миңдеген оштуктардын бактылуу үй-бүлө куруусуна күбө болуп, никесин расмий каттоодон өткөрүп, шаар тургундарына кызмат кылып келүүдө.

Шаардын бул борбордук бөлүгү эл арасында «Aравanская» деп аталып, азыркы күнгө чейин ушундай аталып келүүдө. Анткени Свердлов көчөсүнөн башталып, Ленин көчөсүн кесип өтүп, Араван багытына кеткен азыркы Гапар Айтиев көчөсү алгач жаңыдан салынганда Араван (орусча Араванская) көчөсү деп аталып, Г. Айтиев атындагы сүрөт мектебинин жанындагы аянтчадагы аялдама «Араванская» аялдамасы деп аталган. Мына ошого байланыштуу, шаардын бул борбордук району эл арасында «Араванская» (остановка «Араванская» деген сөздөн улам) аталып калган.

Өткөн кылымдын 80-жылдарында Ленин көчөсүндө Т. Сатылганов атындагы областтык китепкананын имараты курулуп, ишке берилген. Китепканынын

[1] https://m.facebook.com/oshane.kg/posts/1685510364881898

имараты бир жагынан шаарыбызга заманбап көрк берсе, экинчи жагынан китепкана жана анын жамааты миңдеген китеп сүйүүчүлөргө азыркы күнгө чейин кызмат көрсөтүп келүүдө.

Шаардын экинчи борбордук көчөсү Абрамов проспекти же Башкы көчө, совет бийлиги орногондон кийин Коммунисттик (Коммунистическая улица) көчө деп аталган. Сталиндин керт башына сыйынуучулук күч алып турган жылдары (өткөн кылымдын 30–50-жж. – С.С.) бул борбордук көчө совет мамлекетинин лидери, ВКП (б) БКнын генералдык катчысы И. В. Сталиндин ысымын алып жүргөн.

*Иосиф Виссарионович Сталин (чыныгы фамилиясы Жугашвили, 1879–1953) белгилүү советтик партиялык жана мамлекеттик ишмер. 1917–1922-жж. РСФСРдин Улуттар советинин төрагасы, 1922-жылдан 1953-жылга чейин ВКП (б) БКнын генералдык катчысы болгон. Улуту грузин. 1953-ж. өлгөн. Сөөгү алгач Лениндин мавзолейине коюлуп, кийин (1956-ж.) андан алынып, Кремлдин дубалына коюлган. Сталиндин башкаруу мезгилине Совет өлкөсүнүн тарыхындагы бир катар маанилүү окуялар туура келет. Алар өлкөнү индустриялаштыруу, коллективдештирүү, маданий революцияны ишке ашыруу, кулакка тартуу, Улуу Ата Мекендик согуш, дүйнөлүк социалисттик лагерди (системаны) түзүү, массалык репрессиялар, ядролук куралды жаратуу ж.б. Сталин агрардык өлкөнү сверхдержавага айландырган, ошол эле учурда миллиондогон күнөөсүз советтик адамдарга карата эч нерсе менен актоого мүмкүн болбогон репрессия саясатын жүргүзгөн. Ошондуктан, бүгүнкү күндө Сталиндин*



*ишмердүүлүгүнө бир кылка баа берүү толук мүмкүн эмес.*

1956-жылы партиянын XX съездинде, КПССтин ошол кездеги биринчи катчысы Н. Хрущевдун «Керт башына сыйынуучулук жана анын кесепеттери» деген докладында, Сталин жана анын репрессиялык саясаты катуу сынга алынган. Ошондон кийин өлкөдө (СССРде – С.С.) десталиндештирүү саясаты кулач жайган. Сталиндин ысымы менен байланышкан бардык нерселерге тыюу салынып, жок кылына баштаган. Бул саясат, албетте, Ош шаарына да жеткен. Шаардын башкы көчөсү болгон Сталин көчөсүнөн анын ысымы алынып, ал көчөгө эми большевиктер партиясынын лидерлеринин бири, В.И. Лениндин соратниги, партиялык жана мамлекеттик ишмер Яков Свердловдун ысымы ыйгарылган. Көчөнүн мындай аталышы Союз кулаган мезгилге чейин сакталды. Ошентип, совет мезгилинде, азыркы Ленин көчөсү Коммунисттик, Сталин, Свердлов аталыштарын алып жүргөн.

*Яков Свердлов (1885–1919-жж.) Россияда Октябрь социалисттик революциясынын ишке ашуусуна, совет мамлекетинин түптөлүшүнө олуттуу салым кошкон белгилүү революционер, большевиктер партиясынын лидери В. И. Лениндин жакын ишенимдүү адамы болгон. Улуту еврей. Россияда Октябрь революциясы жеңип, совет бийлиги орногондон кийин жаш совет мамлекетинин жогорку мамлекеттик бийлик органдары түзүлгөн. 1917-жылдын 8-ноябрында Я. Свердлов совет өлкөсүнүн эң жогорку мамлекеттик бийлик органы – Бүткүл россиялык борбордук аткаруу комитетинин*

*(ВЦИК) жана анын Президиумунун төрагасы болуп шайланган. Башкача айтканда, совет мамлекетиндеги экинчи (Лениннен кийин) адам болуп калган. Совет мамлекетинин бекемделип, чыңдалышына өзгөчө салым кошкон. 1918-жылдын 30-августунда солчул эсерлер (Фанни Каплан) Ленинге кол салып, аны жарадар кылганда, Ленин айыкканга чейин партияны жана совет мамлекетин иш жүзүндө Я. Свердлов башкарып турган. Совет өкмөтүнүн «кызыл террор» саясатынын демилгечиси. Аны эл арасында «революциянын кара азезили» деп да аташкан. 1919-жылы 16-мартта күтпөгөн жерден каза болгон. Расмий версия боюнча испан тумоосунан өлгөн. Сөөгү Кремль дубалына коюлган.* Совет мезгилинде Свердловдун аты шаар-кыштактарга, ишканаларга көчөлөргө берилген. Совет доорунда ар бир шаарда сөзсүз анын ысымын алып жүргөн көчө болгон. Ош шаарынын борбордук көчөсү да 30 жылдан ашык мезгил Свердловдун ысымы менен аталган.

Белгилөөчү жагдай, совет мезгилинде көчөлөргө адам ысымын берүү салты өтө кеңири жайылган. Алар белгилүү революционерлер, партиялык жана мамлекеттик көрүнүктүү ишмерлер, граждандык жана Улуу Ата Мекендик согуштун Баатырлары, эмгек каармандары, аскер адамдары, илимпоздор, маданият жана искусство чеберлери ж. б. болушкан.

Свердлов көчөсүн жакшыртуу иштери ага параллель жайгашкан Ленин көчөсү менен бирдей эле жүргөн. Свердлов көчөсүнө жеке турак жайлар менен кошо шаардын негизги мамлекеттик, коомдук жана илим-билим имараттары түшкөн. 1952–53-жж. Сулайман тоосунун чыгыш тарабындагы Ленин жана Свердлов (бул жылдары көчө Сталин атында болгон – С.С.) көчөлөрүнүн ортосундагы жер участкасы тандалып, ал жердеги 200 – 300гө жакын жеке менчик бир кабат үйлөр башка жакка көчүрүлүп, бул жерге Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун (азыркы ОшМУ) башкы корпусунун курулушу башталган. Ал 1959-жылы курулуп бүтүп, студенттерге эшигин ачкан[1]. Ошол мезгилде жаңы курулган ОМПИнин башкы корпусу Ош шаарындагы архитектуралык жактан эң кооз имарат болгон. ОМПИнин башкы имараты архитектуралык комплекс катары курулган. Ушул эле жылдары Свердлов көчөсүндө Пионерлер үйүнүн имараты курулуп, 1962-ж. ишке берилген. Ушул окуяга байланыштуу, Свердлов көчөсүнөн башталып, Ленин көчөсүн кесип өтүп, Араван багытына кеткен Араванская көчөсү Пионерская (азыркы Г.Айтиев көчөсү) көчөсү деп аталган. Свердлов жана Пионерская көчөлөрүнүн кесилишине кооз имарат – телеграфтын имараты түшкөн. Азыркы күндө бул имарат шаардагы мамлекет тарабынан корголуучу тарыхый-архитектуралык эстеликтердин тизмесине кирген.

1966-жылы шаардын ошол кездеги борбордук аянтында борбордук универмаг (ЦУМ) – «Ош» универмагы, ошондой эле анын жанына «Ширин» гастроному ачылган. «Ош» борбордук универмагынын ачылышы шаардыктар үчүн чоң окуя болгон. Көп жылга чейин «Ош» универмагы шаардын эң



[1] *Базарбаев Е. Т.* Ош: үч миң жылдын үч жылы//Все про Ош... Вып.2. ... – С.70.

чоң соода аянтчасы болуп турган. Ошол эле жылы (1966-ж.) аянтта турган С.Кировдун эстелигинин ордуна Лениндин эстелиги тургузулган, ал эми Кировдун эстелиги ушул эле көчөдө орун алган Киров атындагы орто мектептин короосуна көчүрүлгөн[1]. Эстелик бүгүнкү күнү да аталган мектептин короосунда турат. Бирок ага көңүл бурган эч ким жок. Эстеликтин абалы өтө кейиштүү. Мектептин окуучулары, атүгүл мугалимдердин көпчүлүгү С. Кировдун ким экенин билишпесе керек...

Эстеликтин тарыхына кайрылсак, анын «Ош» универмагынын алдындагы аянтта пайда болушунун себеби мындайча болгон. Совет мезгилинде курулган керек-жарак союзунун имаратынын ордунда 1874-жылы курулган Ишмухаммед Түрк Халмуратбайдын медресеси (Түрк медресе – С.С.) болгон. 1929-жылы медресенин имараты жаңы эле түзүлгөн Ош өзбек музыкалык-драма театрына берилген. Театр бул тарыхый имаратта дээрлик 50 жыл жайгашып иштеп турган. 1936-жылы театрга С. М. Кировдун ысымы ыйгарылган жана көп өтпөй театрдын алдына Кировдун эстелиги тургузулган. Согуштан кийин эстелик Сталин көчөсүнүн (аз. Ленин көч. – С.С.) батыш тарабындагы аянтка, азыркы Курманжан датканын эстелиги турган жерге көчүрүлгөн. Театр болсо 1979-жылы жаңы курулуп бүткөн азыркы имаратына көчкөн. Постсоветтик мезгилде (1992-ж.), театрга М. Бабырдын ысымы ыйгарылган. Бүгүн аталган театрдын имаратын реконструкциялоо иштери жүргүзүлүүдө. Ушул жерден эске салчу кейиштүү окуя: 1988-жылы 100 жылдан ашык сакталып турган жана тарыхый-архитектуралык баалуулукка ээ Түрк медресенин имараты бузулуп, ордуна областтык керек-жарак союзунун имараты курулган.

[1] http://incredibleosh.kg/?p=2118 Osh. А вы знаете, где находится Ошский ЦУМ 30 3030ыкл. Автор INCREDIBLEOSH 30 марта 2020года



1950-жылдардын экинчи жарымында Свердлов жана Тельман (азыркы Навои) көчөлөрүнүн кесилишинде «Алай» мейманканасынын 1-корпусу курулуп, ишке берилген. Шаарга келген коноктор, туристтер мына ушул жайлуу мейманканага жайгашышкан. Ал эми анын чыгыш каршысындагы имаратта 1963-жылы «Космос» кинотеатры ачылып (азыркы филармония жайгашкан имарат – С.С.), шаардыктарга кызмат көрсөтө баштаган.

1974-жылы андан эки жыл мурда негизделген Ош кыргыз драма театрынын кооз жана заманбап имараты курулуп бүтүп, ишке берилген. Улуу муундагылардын айтканына караганда, 70–80-жылдары Ош шаары жөнүндө болгону 2 гана открытка болгон. Мына ошол открыткалардын биринде дайыма Ош кыргыз драма театрынын имаратынын сүрөтү турган. Ошондой эле совет доорунда Свердлов көчөсүндө С. Киров жана Ю. Гагарин атындагы орто мектептердин, №1 балдар музыкалык мектебинин, Ниязалы атындагы музыкалык окуу жайдын, айыл чарба техникумунун, ДОСААФтын, «Луч» кинотеатрынын имараттары жайгашып, өз тармактарында элге кызмат көрсөтүп турган.

Шаардын генпланына ылайык, 1974-жылы Ош пединститутунун жана М. Бабыр атындагы өзбек музыкалык-драма театрынын каршысындагы оргума (фонтан) аянтчасы курулуп бүтүп ишке бери-

лип, шаардыктардын эң сүйүктүү эс алуучу жайына (айрыкча жайдын ысык күндөрүндө) айланган. Азыркы күндө оргума заман табитине ылайык реконструкцияланып, заманбап кооз жана жагымдуу көрүнүшкө ээ болуп, шаар калкына, келген конокторго кызмат көрсөтүүдө.

Өткөн кылымдын 50-жылдарынын аягына чейин азыркы «Түбөлүк от» мемориалдык комплексинин ордунда И. Сталиндин эстелиги турган. Ал мезгилде жогоруда белгилегендей, көчө (аз. Ленин көчөсү – С.С.) Иосиф Сталиндин атында болгон. 1964-жылы бул жерде Совет бийлигин орнотууда курман болгондордун ысымдарын түбөлүк калтыруу максатында Боордоштук бейити (Братская могила) мемориалы ачылган. Анын мында ачылышы кокустук болгон эмес. Бул жерге 1919–1926-жылдар аралыгында, совет бийлиги үчүн курман болгондордун сөөгү коюлган. Эң биринчи, мында 1919-жылы сентябрь айында басмачылар тарабынан мыкаачылык менен өлтүрүлгөн Ош милициясынын жана Ош уездинин ЧКсынын биринчи начальниги Балтыкожо Султановдун, агартуучу Фазылбек Касымбековдун, жалпы 100 адамдын сөөгү коюлган. Ошентип, бул жер шаарыбыздын эң ыйык жайына айланган. 1975-жылы Улуу Ата Мекендик согуштагы совет элинин Жеңишинин 30 жылдык мааракесине байланыштуу, Боордоштук бейити эстелиги реконструкцияланып, ал жерге Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго арналган «Түбөлүк от» мемориалдык комплекси курулат. 1990-жылы бул мемориалдык комплекске «Азалуу эне» («Скорбящая мать») скульптурасы кошулган. Азыркы күндө бул жер Ош



шаарынын эң ыйык тарыхый жери болуп саналат. Ошко келген чет элдик расмий коноктор, жаңы баш кошкондор «Түбөлүк отко» келип гүл чамбар коюп, таазим этишет.

Ош шаарынын 1971-жылдагы жана кийин 1985-жылы корректировка болгон генпланына ылайык, XX к. 80-жылдарынын биринчи жарымында Ош шаарынын азыркы борбордук аянты, андагы партиянын областтык комитетинин жана облисполкомдун имараттары курулуп (1984), аянтка 1985-жылдын май айында Орто Азиядагы эң бийик Лениндин эстелиги тургузулган. Анын бийиктиги постаменти менен бирге 25 метрди түзөт. Авторлору скульптор Н. Томский жана архитектор П. Баландин[1].

1991-жылдын 10-февралындагы Ош шаарынынын администрациясынын №292 токтомуна ылайык Ленин көчөсүнө Курманжан датканын аты берилип, ал эми Свердлов көчөсү Ленин атындагы көчө болуп өзгөртүлгөн.

Революцияга чейинки «жаңы» шаардагы тарыхый көчөлөрдүн бири – азыркы генерал Эргеш Алиев атындагы көчө эсептелет. Ал мурдагы бөлүмдө баяндагандай, эки бөлүктөн турган. К.Баялинов көчөсүнөн Мамыров көчөсүнө чейинки бөлүгү Базарная, ал эми андан ары түштүк багытта кеткен бөлүгү Кладбищенская деп аталган. Совет мезгилинде көчөгө башынан аягына чейин Т.Хохловдун аты берилген. *Тимофей Хохлов (1895–1929-жж.) совет бийлигин орнотуу, коргоо, бекемдөө үчүн активдүү күрөшкөн коммунист-чекист. 1926-жылдан Ош чек ара участкасынын*

[1] https://autotravel.ru/otklik.php/25965

комендантынын орун басары болгон. Жер-суу реформасын ишке ашырууга олуттуу салым кошуп, кулактар менен күрөшкөн. Кыргыз өкмөтүнүн бир нече сыйлыктары менен сыйланган. 1929-жылы Чаткал өрөөнүндө басмачылар менен күрөшүп жатып, курман болгон. Мына ошондон кийин Ош шаарындагы көчөгө анын ысымы берилип, ал аталыш 1996-жылга чейин сакталды. Хохлов атындагы көчө Касымалы Баялинов көчөсүнөн башталып, Шахтерская (азыркы А. Сүйүмбаев) көчөсү менен бүткөн. Хохлов көчөсүндө Кыргызстандын түштүгүндө совет бийлигин орнотуу үчүн болгон күрөштө курман болгон комсомолдорго арналган «Комсомолдор паркы» ачылып, ал жерге комсомолдук төш белгинин (значок) эстелиги коюлган. Азыркы күндө ал жер шаартургундарынын эс алуучу жайы. Өкүнүчтүүсү, комсомол төш белгисинин эстелигине, анын маанисине, эмне үчүн тургузулгандыгына көңүл бурган (айрыкча жаш муундарда) адамдардын аздыгы. Бул биздин тарыхыбызга болгон мамилебиздин көрсөткүчү го...

Ошондой эле Хохлов көчөсүндө бир катар тарыхый жайлар бар. Алар «Пьян базар» (Пьян базардын этимологиясын жогорку бөлүмдө баяндадык – С.С.) жана 1919-жылы курулган Ош чеби (крепость). «Пьян базар» өткөн кылымдын 90-жылдарына келгенде бузулуп, жок кылынды. Азыр ал жерде «Байсал» рестораны жана АЗС жайгашкан. Ал эми Ош чеби азыркы күндө да турат. Бирок тарыхый чептин дубалдарынын айрым жерлери каралбай бузулуп баратканы (айрыкча, батыш Э. Алиев көчөсү тарабындагы дубалдары – С.С.) өкүнүчтүү. Азыркы күндө бул жерде Ош областынын ИИМ башкармалыгынын милициянын кайгуул күзөт кызматынын өзгөчө батальону жана милициянын генерал-майору Ж. Шабиров атындагы республикалык окуу борборунун Ош шаардык филиалы жайгашып турат. Андан сырткары аталган көчөдө 1937-жылы шаардык санитардык-эпидемиологиялык станция ачылып, анын имараты ушул көчөдөгү имаратка жайгашып, ишин баштаган. Шаардык СЭС, анын имараты азыркы күндө да ошол даректе.



Совет мезгилинде шаардын бул бөлүгүндөгү борбордук көчөлөрдү кесип өткөн бардык көчөлөрдүн аталыштары өзгөргөн, жаңы көчөлөр салынган. Алсак, Тьюремная көчөсү – К. Баялинов атындагы, Торговая – Ломоносов атындагы, Церковная – Дзержинский атындагы, Загородная – Совет көчөсү, Полевая – Фрунзе көчөсү болуп жаңы аталыштарды алган. Андан ары шаар кеңейип, жаңы көчөлөр салынган. Түштүк багытта пайда болгон Мичурин, Чапаев, Лермонтов, Горький атындагы көчөлөр жана Шахтер (Шахтерская) көчөсү. Аларды кесип өткөн Л. Толстой жана Вишнёвая көчөлөрү салынып, шаардын бул бөлүгүндө Геологдор шаарчасы пайда болгон.

Совет доорунда Ак-Буура дарыясынын оң жээгинде Кыргызстан, Гагарин көчөлөрү, Юбилейный проспекти, аларды кесип өткөн Тельман атындагы көчө салынып, өсүп-өнүктү. Алар да Ленин жана Свердлов көчөлөрү сыяктуу эле шаардын негизги көчөлөрү болуп калышты.

Кыргызстан көчөсүнүн тарыхы биринчи беш жылдыктын мезгилинде башталган. 1927-жылы Ошто пилла (Грензавод) заводу ишке кирген, ал эми

бир жылдан кийин пилла түрүү фабрикасы иштей баштаган. Ал 1942-жылы Ош жибек комбинатына айланган. Азыркы Масалиев, мурдагы Кыргызстан көчөсүнүн пайда болуусу мына ушул окуяларга байланыштуу. Жаңы көчө алгач Жумушчу-дыйкан (Рабоче-крестьянская – С.С.) көчөсү деп аталган. Көчөгө жумушчулар үчүн турак жайлар, жатакалар салынган. Ошол мезгилде Грензаводдун жана пилла түрүү фабрикасынын курулушунда иштеген жумушчулар үчүн Ош Эс алуу үйү (Дом отдыха) да жатакана катары берилген. 1952-жылы Ош шаарынын партиялык комитетинин биринчи катчылыгына шайланган Ешен Базарбаев көчөнү жакшыртуу иштерине өзү катышып жетекчилик кылган. Ал окуялар жөнүндө Е. Базарбаев мындай деп жазат: «Бул көчөнү Грензавод участкасынан ОшМУнун (ал кезде Ош мамлекеттик педагогикалык институту – С.С.) филология факультетинин имаратына чейин элдин кол күчү менен бүтүрүлгөн. Грензаводдон шаардык мончого же Ленинград көчөсүнө чейин (азыр Жеңишбек Шамшиев көчөсү – С.С.) көчөнүн ортосуна канал казылып, суу чыгарылып, шаар үчүн кубаттуулугу 3000 квт. сааттык электростанция курулуп, 1954-жылы шаар боюнча электр жарыгы берилген. Бул жумуштар жергиликтүү артелдердин мүчөлөрүнүн күчү менен бүткөрүлгөн»[1]. Жумушчу-дыйкан көчөсү 50-жылдардын аягынан тартып Кыргызстан көчөсү деп аталып калган.

Кыргызстан көчөсү Ош кичирайонунан (Каныкейдин эстелигинен – С.С.) башталып, түштүк ба-

[1] *Базарбаев Е. Т.* Ош: үч миң жылдын үч жылы// Все про Ош... Вып.2. ... – С. 70.



гытта уланып, У. Салиева мектеп интернатынан өтүп, Гагарин көчөсү менен кошулган жерге чейин барган. Кыргызстан көчөсүндө шаардын өнүгүү тарыхындагы олуттуу окуяларды камтыган бир катар тарыхый мамлекеттик, коомдук имараттар жайгашкан. Алардын эң белгилүүсү – Ош мамлекеттик университетинин филология факультетинин окуу корпусу. Эки кабаттан турган, өз учурунун бул кооз имараты Улуу Ата Мекендик согуштун алдында, 1939-жылы ачылган 2 жылдык Ош мугалимдер институтунун административдик жана окуу корпусу катары курулган. Мына ошол мезгилден бери дээрлик 80 жыл көп улуттуу элибиздин билим берүүсүнө ак кызмат кылып келүүдө. Имараттын архитектуралык стили да өзгөчө кайталангыс кооз. Анын Кыргызстан көчөсүн (азыркы Масалиев проспекти – С.С.) карап турган фасады узунча тегерек (овал) формасында салынган. Бул имараттан миңдеген жогорку билимдүү педагог адистер даярдалып чыкты. Алардын арасында атагы алыска кеткен белгилүү инсандар да бир топ. Алсак, Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз эл акыны Сооронбай Жусуев Ош мугалимдер институтун 1949-жылы артыкчылык диплому менен бүтүргөн[1]. Мугалимдер институту 1951-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институту, ал эми 1992-жылы Ош мамлекеттик университети болуп кайра түзүлдү.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында 1942-жылдын 20-сентябрынан 1944-жылдын 2-майына чейин бул имаратта Ростов шаарынан эва-

[1] Ош мугалимдер институтунан башталган жол. ОшМУнун 75 жылдык мааракесине арналат. – 76–83-бб.

куациялanып келген Ростов мамлекеттик университети жана аны менен бириктирилген педагогикалык институт жайгашкан. Бул жөнүндө имараттын кире беришиндеги дубалдагы тактайча да кабарлап турат.

Ростов мамлекеттик университетинин бул жерде жайгашуусу жана анын профессордук-окутуучулук жамаатынын оор шарттарга карабай, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүн активдүү алып баруусу 1941-ж. октябрь айында жабылып калган Ош мугалимдер институтунун кайра ачылышына өбөлгө жаратты жана окуу жайдын илимий-педагогикалык потенциялынын жогорулашына, андан ары өнүгүшүнө олуттуу салым кошту.

Ошондой эле Кыргызстан көчөсүндө совет мезгилинде курулуп, азыркы күнгө чейин элибизге кызмат көрсөтүп келаткан № 22 С. Шарипов атындагы мектеп-гимназия, № 6 А. Макаренко атындагы мектеп, № 18 А. Навои атындагы мектеп-гимназия, курулуш техникуму, бухгалтерлер мектеби (азыр жабылган), № 8 М. Горький атындагы мектеп-гимназия, У. Салиева атындагы таланттуу балдардын мектеп-интернаты жайгашкан. 1980-жылы Кыргызстан көчөсү менен Интернациональная (азыркы Р.Абдыкадыров) көчөсүнүн кесилишинде көп тармактуу Тиричилик үйү (Дом быта) курулуп, ишке берилген жана азыркы күнгө чейин шаардыктарды тейлеп келүүдө. Кыргызстан көчөсүндөгү совет мезгилинен калган дагы бир тарыхый-архитектуралык эстелик – бул Кыргызстан жана Кара-Суу көчөлөрүнүн кесилишиндеги аянтчадагы өткөн кылымдын 80-ж. ортосунда курулган жети кабаттуу турак үй жана анын алдындагы Каныкей энебиздин эстелиги.



Турак үй ошол мезгилдеги эң бийик көп кабаттуу үйлөрдүн бири болсо, Каныкей энебиздин эстелиги улуттук маданиятыбыздын, шаарыбыздын меймандостугунун символу катары тургузулган. Белгилөөчү жагдай, XX к. 70-жылдарынын экинчи жарымынан башталып, 80-жылдары курулган шаардагы турак жайлар 30–40-жж. бийик шыптуу 2–3 кабаттуу сталиндик жана 50–60-жж. подъезддери тар, шыптары жапыз 3–4 кабаттуу хрущевдук турак жайлардан айырмаланып, негизинен, 5 кабаттуу жана андан көп болуп салынган. Үйлөрдүн ички планы да бир топ жакшы жагына өзгөргөн. Бул, албетте, шаар калкы үчүн совет мамлекетинин кам көрүүсү болгон. Кыргызстан көчөсүндөгү дагы бир тарыхый эстелик – бул эл арасында «полуторка» деген атка конгон автомобиль «ГАЗ – АА» эстелиги. Эстелик Памирде кызмат өтөгөн чек арачылардын урматына, 1987-жылы Кыргызстан көчөсү менен Зайнабетдинов көчөсүнүн кесилишкен жериндеги аянтка коюлган. Кыргызстан көчөсү өз аталышын советтик система кулагандан кийин да сактап калды. Анын аталышы 2005-жылы гана өзгөртүлгөн.

Ош районунан баштап, Кара-Суу багытында Кыргызстан көчөсүн улап кеткен дагы бир борбордук көчө Совет мезгилинде Юбилейный проспекти (азыркы И. Раззаков проспекти – С.С.) деп аталган. Көчөнүн алгачкы аталышы Кара-Суу багытына кеткендиктен, Кара-Суу көчөсү болгон. Кара-Суу көчөсү согуштан кийинки мезгилде кеңейтилип салынган. Көчө Тельман көчөсүнөн башталып, түндүк багытта кеткен. Көңүл бурчу жагдай, мына ушул Кара-Суу көчөсүн жакшыртуу, кеңейтүү багытында жүргөн курулуш

иштерине байланыштуу, 1946-жылы Ош шаарындагы революцияга чейинки мезгилдеги архитектурасы боюнча эң кооз, тарыхый-архитектуралык эстелик катары чоң баалуулукка ээ, 1850-жылдары салынган Алымбек датканын Ак Медресеси бузулган[1]. Бул, албетте, совет өкмөтүнүн, ошол кездеги шаар бийлигинин тарыхый эстеликтерге карата жүргүзгөн кечирилгис туура эмес саясаты болгон.

1974-жылы Кыргыз мамлекетинин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдык юбилейинин урматына Кара-Суу көчөсү Юбилейный проспекти деп аталган. Юбилейный кең көчөсүнүн башында Космонавттар сквери бар. Алгач ал Советтер Союзунун баатыры Д. Пичугин атындагы сквер деп ачылган. Баарыбызга белгилүү 1961-жылы 12-апрелде Юрий Гагарин биринчи жолу космоско учкан. Бул дүйнөнү дүңгүрөткөн окуя болгон. Мына ушул совет эли үчүн даңктуу жана сыймыктуу окуядан кийин Пичугин сквери Космонавттар сквери деп аталып, ал жерге космонавттарга арналган эстелик коюлган. Ошондой эле Юбилейный проспектинде шаардыктардын эс алуусу үчүн Комсомол паркы ачылган (азыркы И. Раззаков эс алуу паркы – С.С.), 1973-жылы «Гүлкайыр» универмагы, ал эми 1976-жылы «Семетей кинотеатры ишке берилип, шаардыктарга кызмат өтөй баштаган. Бир нече 5 кабаттуу ири панелдүү турак жайлар салынган. 1990-жылдын октябрь айында, кыргыз элинин белгилүү советтик жана партиялык кызматкери И. Раззаковдун 80 жылдык

[1] *Захарова А.* Историко-архитектурное наследие города Ош (конец XIX начало XX вв.). ... – С.45–51.



маарекесине байланыштуу, Юбилейный кең көчөсүнө анын ысымы берилген.

Өткөн кылымдын 60-ж. шаардын түндүк-чыгыш бөлүгүндө Ош өндүрүштүк пахтадан кездеме токуу комбинаты (ОПХБО) жана Жылуулук электр борбору (ТЭЦ) курулуп, ишке кирген. Анда иштеген жумушчулар үчүн турак үйлөр, социалдык мекемелер курулган. Ошентип, шаардын бул бөлүгүндө, жаңы кичирайон – текстильщиктердин шаарчасы пайда болгон. Кичирайондун башкы көчөлөрүнүн бирине Уркуя Салиеванын ысымы берилген.

*У. Салиева (1907–1934-жж.) колхоздоштуруу ишине активдүү катышкан, аялдардын азаттыгы үчүн күрөшкөн, түштүк Кыргызстандагы аялдардан чыккан биринчи колхоз раиси.* Ал 27 жашында басмачылардын колунан курман болгон. Совет мезгилинде анын ысымы мектептерге, колхоздорго, көчөлөргө берилген. Ош шаарында У. Салиеванын ысымын алып жүргөн бир орто мектеп (Масалиев проспектинде жайгашкан – С.С.) жана биз сөз кылып жаткан көчө болгон. У.Салиева атындагы көчө шаардын Ош районунан азыркы И. Раззаков кең көчөсүнөн башталып, түндүк багытка кетип, дагы бир тарыхый инсандын аты менен аталган көчө – С. Касымбеков атындагы көчөгө келип бүткөн. Санжар Касымбеков көчөсү И.Раззаков кең көчөсүнөн башталып, шаардын түндүк чети менен батышка карай кетип, Курманжан датка көчөсүндөгү шаардык МАИнин жанындагы айлампага чейин барган. Шаардыктардын көпчүлүгү, айрыкча жаш муун эмне үчүн бул көчөгө С. Касымбековдун ысымы берилгендигин, ал ким болгондугун биле

*беришпейт. Санжар Касымбеков (1902–1924-жж.) Ош шаарындагы эң биринчи комсомолдордон бол-гон. Совет бийлигин орнотууга активдүү катыш-кан. Анын атасы Фазылбек Касымбеков өз дооpу-нун белгилүү билимдүү адамы, агартуучу болгон. Ал 1863-ж. Тоолуу Бадахшандын Шугнан деген жеринде туулган. Атасы Касымбек Шугнандын беги болгон. Фазылбек Маргеландагы медреседен билим алган. XIX к. аягынан Ош шаарында жашаган. Ал өз доо-рунун билимдүү адамы болгондуктан, бир нече орус окумуштууларынын илимий экспедицияларына ка-тышкан. Мисалы, Громбчевскийдин, Грушевскийдин Памир, Гималай, Хотанга жасаган экспедиция-рына катышып, Орус Императордук Географиялык коомунун эки алтын, күмүш жана коло медалдарын алган. Фазылбек кожону 1919-ж. корбашы Калкожо-нун баш кесерлери атып өлтүрүшкөн. Сөөгү үйүнө көмүлүп, кийин 1950-жылдары азыркы «Түбөлүк от» эстелиги турган жайга кайра көмүлгөн. Анын уулу Санжар Касымбеков 1902-ж. Ошто туулган. Анжияндагы реалдык училищени бүткөн. 1917-ж. май айында Ошко келип, революциялык иштерге активдүү аралаша баштаган. Ош шаардык мили-циясынын биринчи начальниги Б. Султанов менен бирге иштеген. 1918-ж. Большевиктер партиясына өткөн. Атасынын өлүмүн Ташкент шаарында Оси-повдун совет бийлигине каршы козголоңун басуу-га катышып жүргөн күндөрү уккан. Ош шаарына 1919-ж. август айында гана келген. Келээри менен аны шаардын партиялык ыктыярдуу отрядынын башчысы кылып дайындашкан. Мына ушул мез-гилден баштап анын советтик органдардагы ка-*



*рьерасы башталган. 1921-ж. Түркстан фронтунун Бүткүлроссиялык дыйкандар союзунун Самарканд обкомунун төрагалыгына шайланган. С. Касымбе-ковду 1924-жылдын ноябрь айында Самаркандда совет өкмөтүнүн душмандары мыкаачылык менен өлтүрүшкөн. Ал болгону 22 жашта болгон.*

Касымбеков көчөсүндө совет мезгилиндеги Ош шаарынын эле эмес, Кыргызстандын сыймы-гы болгон өнөр жай гиганттарынын бири, союз-дук маанидеги Октябрдын 50 жылдыгы атындагы Ош өндүрүштүк пахта тазалоочу комбинаты (ОПХ-БО) жайгашып, иштеп турган. Анын жаралуу та-рыхына партиянын XXI съезди жол салган. Ошол КПССтин XXI съездинин (1959-ж.) директивасында 81 млн метр даяр кездемени өндүрүүгө эсептелген Ош пахта тазалоочу комбинатын куруу каралган. Бул Орто Азиядагы эле эмес, Союздагы ири ишканалар-дан болгон. Натыйжада, ОПХБОнун курулушу 1961-жылы башталып, 1967-жылы бүтүп ишке берилген. 1986-жылга карата өндүрүштүк бирикмеде 53 не-гизги жана көмөкчү цех иштеп, жылына чыгарган продукциясынын көлөмү 99,2 млн погон метрди түз-гөн. 12 миңге жакын жумушчу иштеген. Алар үчүн 61 турак үй (204, 7 миң кв.м.), 1790 орундуу 8 жата-кана, аз үй-бүлөлөр үчүн 10 жатакана курулуп, текс-тильщиктер шаарчасы (азыркы «Манас ата» кичи-району – С.С.) пайда болгон. Мында 9 бала бакча, 2 мектеп, 2 кинотеатр, 1 клуб, 2 поликлиника, 11 коомдук тамактануучу жана тейлөө кызматы-нын ишканалары иштеп турган. Комбинат жалпы 130 гектарды ээлеп, кичирайондо 17 миң адам жа-шаган. Проекттин башкы инженери Ф. И. Сивашев,

архитектору П. В. Баландин болгон[1]. Мына ушул текстильчилер шаарчасындагы негизги көчөлөр У.Салиева жана С.Касымбеков атындагы көчөлөр азыркы күндө да өздөрүнүн баштапкы аталыштарын сактап калышты.

Ал эми шаардын түштүк-чыгыш бөлүгүндөгү, Кыргызстан жана Гагарин көчөлөрү кошулган жерден түштүккө карап уланып кеткен көчө, 1968-жылдан баштап ВЛКСМдын 50 жылдыгы көчөсү болгон. Ага чейин бул көчө Фабричная көчөсү деп аталган. Анткени бул көчөдө Оштогу эң эски өнөр жай ишканасы – Пилла заводу (Грензавод, 1927-ж.), 1928-жылы Пилла түрүү (Кокономотальная) фабрикасы курулган. 1942-жылы анын базасында Ош жибек комбинаты ачылган. Фабричная көчөсү азыркы Б. Нурматов атындагы көчөдөн башталып (бул көчө да башында Фабричная деп аталган – С.С.), Карл Маркс атындагы мектепке, Ташкент көчөсүнө чейин барган. Комбинаттын тарыхы жогоруда маалымдагандай, өткөн кылымдын 20-жылдарынын экинчи жарымынан эле башталып, 60–80-жж. комбинаттын продукциясы бир нече чет өлкөлөргө экспорттолуп турган. Комбинат өткөн кылымдын 90-жылдарына карата кездеменин 15 түрүн чыгарган жана анын үчөөнө мамлекеттик Сапат белгиси ыйгарылган. Ал эми кубаттуулугуна келсек, комбинат жылына 13 млн кв м. жибек кездеме чыгарып турган. Мына ушул комбинаттын курулушу шаардын бул бөлүгүндө жаңы жумушчу кичирайондун пайда болушун шарттаган. 20-жылдардын аягы – 40-жылдары мында

[1] https://www.open.kg/about-kyrgyzstan/cities/osh-city/osh-3000/35497-oshskiy-hlopchatobumazhnyy-kombinat.html



жумушчулар үчүн барак үйлөр салынып, Текстильная, Прядильная, Гренажная аттуу ж.б. жумушчу көчөлөр пайда болгон. 1950–80-жылдары шаардын инфраструктурасын жакшыртуу, көчөлөрдү реконструкциялоо иштери ургаалдуу жүрө баштаган. Шаар андан ары кеңейип, жаңы Түштүк-Чыгыш кичирайону пайда болгон. Ушул мезгилде Ошто курулуш иштери дүркүрөп жүрүп, жаңы административдик, социалдык, билим берүү мекемелери курулган. Жумушчулар жана шаардын башка социалдык катмарлары үчүн мурдагы барак үйлөрдүн көбү бузулуп, алардын ордуна көп (көбүнчө 4–5) кабаттуу кирпичтен жана ири панелден турак жайлар салынган. Мындагы башкы көчө – Фабричная көчөсү ВЛКСМдын 50 жылдык маарекесине байланыштуу 1968-жылдан ВЛКСМдын 50 жылдыгы көчөсү деп аталган. 1965-жылы Жибек комбинатынын финансылык жардамы менен Карл Маркс атындагы орто мектеп курулуп, ишке берилген (азыркы имараты – С.С.). Андан сырткары, башкы көчөдө Жибек комбинатынын башкармалыгынын имараты, клуб, поликлиника, «Асыл» гастроному, сквер жайгашкан. Ошондой эле мында аянты 5 га болгон стадион, оорукана, мончо ж.б. социалдык мекемелер салынган. Стадионго алып барчу көчө – Спортивная, ооруканага барчу көчө – Больничная деп аталган. Шаарды кеңейтүү иштери андан ары улантылып, жаңы Түштүк-Чыгыш кичирайону пайда болгон. Мында Ош педагогикалык окуу жайынын (азыркы Ош мамлекеттик педагогикалык университети – С.С.), соода техникумунун, кооперативдик жана технологиялык техникумдардын окуу имараттары, студенттик жатаканалар курулуп, ишке берилген. Түштүк-

Чыгыш кичирайону студенттик шаарчага айланган. Ал эми ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы көчө Жибек комбинаты районунун жана Түштүк-Чыгыш кичирайонунун башкы көчөсүнө айланган. Көчөнү кичирайондаштыруу, жакшыртуу (асфальт төшөө) иштери жүргөн. 1980-жылы Жеңиш паркы негизделген. Ош шаарында 1976-жылы биринчи жолу ХБК жана Түштүк-Чыгыш кичирайондору маршруту боюнча жүргөн троллейбус линиясы ачылып, троллейбустар Касымбеков көчөсү, Юбилейный праспекти, Кыргызстан, ВЛКСМдын 50 жылдыгы көчөлөрү аркылуу жүрө баштаган. 1991-жылдын акыркы айынын күндөрүндө ВЛКСМдын 50 жылдыгы көчөсүнө Насирдин Исановдун ысымы берилген.

Совет мезгилинде пайда болгон Ак-Буура дарыясынын оң жээгинен орун алган дагы бир борбордук көчө – Ю. Гагарин атындагы көчө (азыркы А. Шакиров – С.С.) болгон. *Юрий Гагарин (1934–1968-жж.) 1961-жылдын 12-апрелинде адамзат тарыхында космоско биринчи жолу учкан советтик учкуч-космонавт, Советтер Союзунун Баатыры. Бул окуя дүйнөнү дүңгүрөткөн советтик илимдин-техниканын болуп көрбөгөндөй жетишкендиги болгон. Ю. Гагарин дүйнөнүн көп шаарларынын ардактуу атуулу болгон. Советтик шаарлардын көчөлөрүнө, мектептерге анын ысымы ыйгарылган.* Ош шаарындагы Свердлов көчөсүндө жайгашкан №17 кыргыз тилдүү орто мектепке жана биз сөз кылып жаткан көчөгө 1961-жылы Ю. Гагариндин ысымы берилген. Ага чейин бул көчө Тажик (Таджикская) көчөсү деп аталган. Көчөнүн мындай аталышынын себеби, анда тажиктер жашагандыктан эмес, Тажик көчөсү менен Гүлчө көчөсүнүн кесилишинде Памир



автотранспорт башкармалыгы (ПАТУ) жайгашкандыгына байланыштуу болгон. Гагарин көчөсү Гүлчө көчөсүнөн (азыркы Ы. Монуев көчөсү – С.С.) башталып, Ташкентская көчөсүнө чейин барган. Совет мезгилинде Гагарин көчөсүндө негизинен жеке турак үйлөр салынган[1]. Ленин көчөсүндөгү №17 мектеп азыркы күндө да атактуу советтик учкучтун ысымын сыймык менен алып жүрөт. Мектептин короосуна Ю. Гагариндин бюсту коюлган. Ю. Гагарин атындагы көчөгө 2010-жылы июнь каргашалуу окуясында элдерди ынтымакка чакырып жүргөн учурунда көркоолордун колунан каза болгон, Ош шаардык советинин депутаты, шаардын тургуну Аскар Шакировдун аты берилди. Биздин пикирибизче, А. Шакировдун ысымын башка көчөгө берип, бул көчөнүн аталышында дүйнөлүк масштабдагы инсан Юрий Гагариндин ысымын сактап калсак туура болмок. Албетте, акыйкаттык үчүн айта кетчү нерсе, шаар кеңешинин ошол эле токтому менен кийинки Демократическая көчөсүнө Ю. Гагариндин ысымы берилди, бирок ал маселенин маңызын өзгөртпөйт.

Совет мезгилинде курулган шаардын борбордук көчөлөрүнүн бири – Э. Тельман көчөсү болгон. Тельман көчөсү Ак-Буура дарыясынын эки жээгин бириктирген көчө, Ош темир жол станциясынан башталып, батыш багытка кеткен. Ал Кыргызстан көчөсүн кесип өтүп, Ак-Буура дарыясындагы көпүрө (Навои паркы менен Борбордук базардын ортосундагы мурдагы көпүрө – С.С.) аркылуу, ошол мезгилдеги Свердлов, Ленин көчөлөрүн кесип өтүп, Сулайман тоонун түндүк тарабы менен барып,

[1] Ошская область. Энциклопедия. ... – С.215.

Пионерская (азыркы Г. Айтиев) көчөсүнө кошулган. *Эрнст Тельман (1886–1944-жж.) Эл аралык жумушчу кыймылынын лидери, Германиянын компартиясынын жетекчиси болгон. Ал өмүрүнүн акыркы 11 жылын фашисттик түрмөдө өткөргөн. 1944-ж. август айында Бухенвальд түрмөсүндө Гитлердин түздөн-түз буйругу менен атылган.* Өткөн кылымдын 50–60-жылдары, аталган көчө бир топ кеңейтилип асфальтталган, көптөгөн кооз имараттар түшкөн. Алсак, 1959-жылы эксплуатацияга берилген союздук маанидеги Ош насос заводу, 1964-жылы курулган автовокзал, андан бир жыл мурда иштей баштаган «Космос» кинотеатры, «Алай» мейманканасынын эки имараты, «Чолпон» рестораны, № 10 В. И. Ленин атындагы орто мектеп, областтык МАИнин имараты, турак жайлар, поликлиника ж.б. Мында, тагыраагы Тельман көчөсүнүн Алебастров (азыркы Кол өнөрчүлөр көчөсү – С.С.) көчөсү менен кесилишкен жеринде, XX кылымдын башында курулган тарыхый-архитектуралык баалуулукка ээ эстелик – Мухаммад Юсуф Байходжа уулунун мечити сакталган[1]. Мечит азыркы күндө шаардык мусулмандардын аракеттеги мечити. Тельман көчөсүндөгү дагы бир уникалдуу жай, 1947–1950-жж. курулган Ак-Буура дарыясынын эки жээгин бириктирген чакан көпүрө болгон. Көпүрө Навои паркы менен Борбордук базардын ортосундагы жерде орун алган. 60-жылдардын аягында, көпүрөнүн алдынан жөө адамдар үчүн өтмөк (подземный переход) ачылган. Бул Ош шаарынын тарыхындагы жалгыз

[1] *Захарова А.* Историко-архитектурное наследие города Ош (конец XIX начало XX вв.). ... – С. 109.



жер алдынан өткөн өтмөк болгон. Шаардын башка бир да жеринде мындай өтмөк болгон эмес жана азыркыга чейин курула элек. Жер алдындагы өтмөк 2015-жылы эстакадалык көпүрөнүн курулушуна байланыштуу бузулду. 1959-жылы анын түштүк тарабындагы аянтчада өзбек адабиятынын негиздөөчүсү А. Навоиге эстелик тургузулган. Автору Давид Хеидзе[1]. Андан ары Ак-Буура дарыясын бойлой шаардыктардын эң жагымдуу эс алуу жайы болгон борбордук парктын бири – А. Навои атындагы маданий эс алуу паркы орун алган. Бул эс алуу паркы 1924-жылы негизделген[2]. Э. Тельман көчөсүнүн аталышы 1991-жылы Алишер Навои атындагы көчө болуп өзгөртүлдү.

Совет мезгилиндеги шаардын өсүп-өнүгүүсүнүн дагы бир багыты анын аймагынын кеңейиши, жаңы кичирайондордун пайда болуусу болгон. Өткөн кылымдын 50–60-жылдары Оштун батышында «Черёмушки» кичирайону пайда болуп өнүксө, 60–80-жылдары андан ары «Батыш» («Западный»), «Төлөйкөн», «Анар» кичирайондору пайда болгон. Жаңы көчөлөр салынып көрктөндүрүлгөн. Шаардын чыгышынан батышына кетип, Ак-Буура дарыясынын эки жээгин бириктирген дагы бир көчө – Интернациональная көчөсү. Интернациональная көчөсү Ак-Буура дарыясынын оң жээгиндеги Кыргызстан көчөсүнөн башталып, батыш багытка кетип, Свердлов, Ленин, Калинин (азыркы Амир-Тимур – С.С.) көчөлөрүн кесип өтүп, «Черёмушки», «Төлөйкөн», «Анар» кичирайондору аркылуу Бек-

[1] Ошская область. Энциклопедия. ... – С. 157.

[2] Ошол эле жерде.

мамат Осмонов көчөсүнө чейин барган. 1984-жылы 18-апрелде Интернациональная көчөсүндө Ак-Буура дарыясынын үстүнө совет мезгилиндеги шаардагы эң чоң көпүрө салынып, ишке берилген. 2015-жылга чейин («Достук» көпүрөсү салынганга чейин – С.С.), аталган көпүрө шаардын башкы көпүрөсү болуп келди. Көпүрө азыркы күндө да шаарыбызга кызмат кылууда. Интернациональная көчөсүндө совет мезгилинде мамлекеттик социалдык мекемелерден № 1 поликлиника, № 13 балдар бакчасы, шаардык мамлекеттик архив, шаардык чумага каршы борбор, учук (туберкулез) ооруканасы, көптөгөн көп кабаттуу (негизинен, беш кабаттуу ири панелдүү) турак үйлөр салынган.

Ош шаарындагы дарыянын эки жээгин жана борбордук Свердлов менен Кыргызстан көчөлөрүн бириктирген чакан (кыска), бирок тарыхый мааниси бар көчө – азыркы Б. Нурматов атындагы көчө. Совет мезгилинде бул көчө алгач Фабричная көчөсү деп аталып, кийин ага Владимир Голубевдин аты берилген.

*Владимир Голубев (1899–1919-жж.) Ошто жайгашкан Памир чек ара полкунун жоокери, Ош шаарындагы алгачкы комсомолдордон. Кыргызстандын түштүгүндө жаш совет бийлигин бекемдөө үчүн активдүү күрөшкөн. 1919-ж. басмачылар менен болгон күрөштө курман болгон. Сөөгү өзүнүн суранычы боюнча Токтогул паркынын чыгыш бөлүгүнө коюлган. 1959-ж. анын бейитине обелиск тургузулуп, ал эми 1974-ж. колодон бюсту орнотулган. Автору скульптор Д. Хеидзе*[1]. Ак-Буура дарыясынын эки

[1] Ошская область. Энциклопедия. ... – С. 216.



жээгин бириктирген мына ушул көчөдөгү көпүрө колониалдык доордо, 1907–1908-жж. курулган Ош шаарындагы эң биринчи бетон көпүрө болгон[1]. Албетте, ал кийин совет мезгилинде реконструкцияланган. Ага чейин Ак-Буура дарыясына салынган көпүрөлөр жыгачтан жасалган асма көпүрөлөр болгон жана аларды жыл сайын жаз мезгилинде дарыянын кирген суусу агызып кетип турган. Революцияга чейинки мезгилде бул көпүрө аркылуу өткөн жол Эс алуу үйүндө (Дом отдыха) орун алган Ош уездинин начальнигинин үйүнө алып барган.

Ошентип, совет доорундагы шаарыбыздын көчөлөрүнүн өзгөрүүсүнө, өсүп-өнүгүүсүнө жасалган чакан тарыхый экскурсия, төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет:

Совет мезгилиндеги саясий, социалдык-экономикалык жана маданий кайра куруулар Ош шаарынын социалдык-экономикалык жана маданий абалын, архитектуралык көрүнүшүн болуп көрбөгөндөй өзгөрттү. Ош шаары экономикалык, маданий, илимий ири борборго айланды. Албетте, мында совет өкмөтүнүн саясий, социалдык-экономикалык, маданий багыттагы жалпы саясаты, анын ичинде улут саясаты, ушундай өзгөрүүлөргө алып келди. Ошол эле учурда шаарыбыздын саясий-экономикалык макамы да бул иштерди ургаалдуу жүргүзүүгө шарт түзгөн башкы факторлордон болду десек жаңылышпайбыз. Анткени Ош шаары совет доорунда округдун, кантондун, акырында бүтүндөй түштүк Кыргызстандын аймагын бириктирген областтын борбору болуп турган. Мына ушундай иш-чаралардын натыйжасын-

[1] *Галицкий В., Плоских В.* Старинный Ош. ... – С. 109.

да шаар калкынын саны өстү, шаардын аймагы кеңейди, жаңы кичирайондор пайда болду. Шаардын көчөлөрү жакшыртылды, көрктөндүрүлдү, кооз административдик, коомдук-маданий, социалдык имараттар, турак үйлөр салынды. Шаар «бийиктикти» карай өстү.

Көчө аталыштарында болсо, советтик коммунисттик таптык идеологияга байланыштуу, шаардын эски көчөлөрүнүн аталыштары өзгөртүлдү. Көчөлөргө негизинен марксизм-ленинизм окуусунун негиздөөчүлөрүнүн, революционерлердин, граждандык жана Улуу Ата Мекендик согуштун каармандарынын, атактуу илимпоздордун, акын-жазуучулардын ысымдары, б.а., адам аттары берилди. Бул совет мезгилиндеги көчөлөргө ат берүү саясатынын өзгөчөлүгү болуп калды. Ошол ысымы берилген адамдардын басымдуу көпчүлүгү Ош шаарында болгон да эмес, Ош деген шаар бар экендигин билген да эмес. Бул саясатта белгилүү деңгээлде бир жактуулукка, аша чаап кетүүчүлүккө да жол берилген.

Совет мезгилинде шаардын негизги көчөлөрүнүн дээрлик баары заманбап, кооз, көрктүү, асфальтталган, жарыктандырылган, шаардык транспорт жүргөн көчөлөргө айланды. Ошол эле учурда өкүнүчтүүсү, көчө салуу, имараттарды куруу иштерине байланыштуу, андагы тарыхый-архитектуралык мааниге ээ бир катар эстеликтердин бузулушуна жол берилди. Бул, албетте, коммунисттик атеисттик идеологияга байланыштуу болду жана орду толгус тарыхый-маданий жоготууга алып келди. Мындай катачылыктарды, азыркы саясатыбызда кайталабашыбыз керек. Бул архимаанилүү.



## 2.3. Эгемендүүлүк жылдарында өзгөргөн көчөлөр

1985-жылы М. С. Горбачевдун бийликке келиши менен башталган «тездетүү», «айкындуулук» ураандарынын астында жүргөн кайра куруу саясаты, 1991-жылы СССРдин, дүйнөлүк социалисттик системанын кулашына алып келди. Мурдагы советтик республикалар, анын ичинде Кыргызстан эгемендүү өлкө болуп калышты. Эгемен Кыргыз Республикасы рынок экономикасына багыт алып, коомду демократиялаштыруу саясатын ургаалдуу ишке ашыра баштады, батыш өлкөлөрүндө «демократия аралы» деген сыймыктуу баага да татыктуу болду. Мына ушул кайра куруу саястынан башталган коомдук-саясий өнүгүүдөгү терең өзгөрүүлөр кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин жогорулашына алып келди. Коомдо өз тарыхыбызга, тарыхый инсандарыбызга болгон кызыгуулар тереңдеди. Бул тенденция борбор калаабыздын тарыхый аталышын калыбына келтирүүгө алып келди. 1991-жылдын 5-февралында Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин токтому менен Фрунзе шаары Бишкек болуп өзгөртүлдү. Бул жараян республикабыздын аймагындагы жер-суу аттарынын тарыхый аталыштарын кайтаруу, шаар көчөлөрүнө улуттук тарыхый инсандарыбыздын ысымдарын берүү менен уланды.

Ош шаарындагы аталышы өзгөртүлгөн эң алгачкы көчө Юбилейная проспекти болгон. 1990-жылы кыргыз элинин белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмери, улуу инсан Исхак Раззаковдун 80 жылдык маарекесине байланыштуу Ош шаардык адми-

нистрациясынын 1990-жылдын 26-октябрындагы №301 токтомуна ылайык, Юбилейная проспектине И.Раззаковдун ысымы берилди.

*Исхак Раззаков (1910–1979-жж.) кыргыз элинин мамлекеттик жана саясий ишмери, Лейлек районунун Коросон айылында туулган. Кожент шаарындагы балдар үйүндө тарбияланган. Ташкенттеги мектеп-интернатта билим алып, 1929-жылы Ташкенттеги педагогикалык техникумду, 1936-жылы Москвадан пландоо институтун бүтүргөн. 1936–1945-жж. Өзбекстандын жогорку мамлекеттик жана партиялык кызматтарында иштеген. 1945–1950-жж. Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин төрагасы, 1950–1961-жж. Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы кызматында иштеген. И.Раззаков республиканы башкарып турган жылдары Кыргызстандын экономикасы, маданияты, илим-билими дүркүрөп өнүгүп, калктын жашоо-тиричилиги жакшырган. 1957-жылы эл чарбасындагы жетишкендиктери үчүн Кыргыз ССРи биринчи жолу Ленин ордени менен сыйланган. Бирок 1961-ж. Раззаков «улутчул» деп күнөөлөнүп, адилетсиз кызматынан алынган. Москвага кетүүгө аргасыз болуп, 1967-жылга чейин СССРдин министрлер кеңешинин мамлекеттик пландоо бөлүмүнүн башчысы кызматында иштеп жүрүп пенсияга чыккан. 1979-ж. каза болгон. Сөөгү Москвадагы Кунцево көрүстөнүнө коюлган. 2000-жылы сөөгү Кыргызстанга алынып келинип, Ала-Арча көрүстөнүнө коюлду. 2010-жылдын декабрь айында, 100 жылдык маарекесине байланыштуу Исхак Раззаковго «Кыргыз Республикасынын Баатыры» эң жогорку наамы ыйгарылган (өлгөндөн кийин).*



И. Раззаков атындагы кең көчө шаардын түндүк чегинен, Нариман көчөсүнөн башталып, азыркы Масалиев көчөсүнө (Каныкейдин эстелиги турган аянтча) чейин келет. Биздин пикирибизче шаардын борбордук көчөлөрүнөн болгон ушул эң узун көчөнү башынан аягына чейин толук эле И. Раззаков атындагы көчө деп атап койсо туура болмок. Анткени И. Раззаков мамлекеттик ишмер катары ага татыктуу. И. Раззаков проспекти эгемендик жылдарында бир топ жакшыртылды, көрктөндүрүлдү. Алсак, анда И. Раззаковдун эстелиги ачылды, ал эми 2019-жылы эстеликтин артындагы мурдагы Комсомол паркы оңдолуп, И. Раззаков атындагы эс алуу паркына айланды. Азыр ал жер «Манас-Ата» (мурдагы «Текстильщик») кичирайонундагы эң кооз, жагымдуу эс алуу багы болуп калды. Акыркы жылдары Семетей кинотеатры жана анын алдындагы сквер реконструкцияланып, ал жер да кичирайондун тургундарынын эс алуучу жагымдуу жайына айланды. Ошондой эле аталган кең көчөдө ОшМУнун тарых, эл аралык мамилелер факультеттери, «Касиет», «Өмүр» жеке менчик медициналык клиникалары жайгашкан. Бирок И. Раззаков кең көчөсү дагы да жакшыртууну, көрктөндүрүүнү талап кылат. Айрыкча адамдар басуучу тротуарларды тартипке келтирүү күн тартибинде турган маселе.

1991-жылы шаардын бир катар борбордук көчөлөрүнүн аталыштары өзгөрүүгө дуушар болду. Ош шаардык администрациясынын 1991-жылдын 10-февралындагы №292 токтому менен Ленин көчөсүнө Курманжан датканын аты берилди. Ошол эле күнкү №272 токтом менен Свердлов көчөсү Ленин атындагы көчө болуп өзгөртүлдү.

*Курманжан датка (1811–1907-жж.) айтылуу Алымбек датканын жубайы. 1862-жылы Алымбек датка Кокондогу ордо кутумунун кесепетинен курман болгондон кийин Алай кыргыздарын башкарып калган. Бухара эмири Музаффар шаанын, андан кийин Кокон ханы Кудаярдын колунан датка наамын алган. Орустар тарабынан «Алай ханышасы» деген сыймыктуу наамга ээ болгон. Орус башкаруучулары менен акылдуулук менен ымала түзүп, элин сактап башкарып келген. 1907-жылы дүйнөдөн кайткан. Кыргызстандын эгемендиги жарыялангандан кийинки биринчи жалпы элдик майрам 1991-жылы Алай өрөөнүндө өткөрүлгөн Курманжан датканын 180 жылдык мааракеси болгон. Гүлчөдө Курманжан датканын музейи ачылып, эстелиги тургузулган. Ошондон тартып анын ысымы көчөлөргө, аянттарга, мектептерге коюлуп келүүдө, ага арналган илимий макалалар, китептер чыгып жатат. Курманжан датканын образы, анын өмүрү жана тагдыры көптөгөн драмалык чыгармаларда чагылдырылды. Көркөм тасма тартылды. 2016-жылы «Курманжан датка» ордени уюштурулду. Курманжан датка – сейрек көрүнүш. Ал чынында эле Чыгыштын атактуу адамы, Борбордук Азиядагы эле эмес, бүткүл мусулман дүйнөсүндөгү масштабдуу инсан. Курманжан датка бейпилдиктин, сулуулуктун, кайраттуулуктун жана кемengерликтин символу. Кыргызстан кылдат, акылман саясатчысы, ал эми кыргыз эли өзүнүн улуу Энеси менен сыймыктанат. Курманжан датка Кыргызстандын жана бүтүндөй Борбордук Азиянын көрүнүктүү тарыхый инсандарынын даңктуу плеядасына кирет*[1].



Эгемендик жылдарында Ош шаарынын борбордук көчөсүнө Курманжан датканын ысымы гана берилбестен, көчөнү жакшыртуу багытында да көп иштер жасалды. Алсак, шаардын борбордук бөлүгүндө, Сулайман тоонун чыгыш тарабындагы совет доорундагы «Эмгек даңкынын аллеясы» деп аталган аянтчада «Алымбек датка» этнографиялык айылы ачылды. Мында абдан кооз түрдүү түс берип турууучу музыка менен коштолгон оргума (фонтан) курулду, Алымбек датканын эстелиги тургузулду (1999-ж.), Таласта өткөн «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесинде 1-орунду алып келген 3 кабат боз үй ушул жерге орнотулуп, анда Алымбек датканын музейи ачылды. Азыркы күндө «Алымбек датка» этнографиялык айылы шаарыбыздын улуттук колориттеги маданий-этнографиялык борборуна айланып калды десек жаңылышпайбыз. Шаарга келген туристтер сөзсүз бул жерге келишет. Ошондой эле бул жерде Сулайман тоонун таманында «Сулайман тоо» улуттук тарыхый-археологиялык музей- комплекси орун алган. Курманжан датка көчөсүндө эгемендик жылдарында Областтык мамлекеттик администрациянын имаратынын артында кыргыз элинин белгилүү мамлекетик ишмери, кыргыз советтик улуттук мамлекеттүүлүгүнүн башатында турган инсан Абдыкадыр Орозбековдун эстелиги тургузулду. Биздин пикирибизче, бул бир аз туура эмес болуп калды. А. Орозбековдун эстелиги шаары-

[1] *Бектурганова К.* Кыргызстандын асыл кыздары. – Б., 2006. – 50–58-бб.

быздын белгилүү аянттарынын бирине коюлса бол-
мок. Анткени ал инсан ошондой мамилеге татыктуу.
Андан жогоруураак басканда, мурдагы Училищная
көчөсүнө, Ош шаарынын 3000 миң жылдык жашын
илимий далилдөөгө олуттуу салым кошкон бел-
гилүү окумуштуу-археолог, ленинграддык илимпоз
Ю.А. Заднепровскийдин ысымы ыйгарылды жана
ошол жердеги бактын түндүк-батыш бурчуна анын
бюсту орнотулду.

Ленин көчөсүнө Курманжан датканын ысымын
ыйгаруу менен бирге эле Свердлов көчөсүнө Ленин-
дин ысымын ыйгаруу маселеси каралган. Бул туу-
ра тандалган саясий позиция болгон деп эсептейбиз.
Анткени В.И. Ленин, анын жетекчилиги астында
орногон совет бийлиги кыргыз элинин тагдырында
өтө чоң прогрессивдүү ролду ойногондугу талашсыз.
Совет бийлиги мезгилинде кыргыз эли саясий, со-
циалдык-экономикалык жана маданий жактан өз
тарыхында болуп көрбөгөндөй ийгиликтерге же-
тишти. Совет мезгилиндеги улуттук мамлекетибиз-
дин өсүп-өнүгүүсү 1991-жылы 31-августта эч кандай
саясий татаалдыктарсыз эле өз эгемендүүлүгүбүздү
жарыялоого мүмкүндүк берди. Бул тарыхый чын-
дык. Аны четке кагуу тарыхый калыстыктан таюу
болуп эсептелет. Ошондуктан, шаар бийлиги Ле-
ниндин ысымын биротоло өчүрүп салбай, Свердлов
көчөсүнө анын ысымын берүүнү чечкен. Ошентип,
эми Свердлов көчөсү 1991-жылдын 10-февралынан
тартып Ленин атындагы көчө болуп калды. Көп өт-
пөй жаңыдан эле В.И. Ленин ысымына ээ болгон
борбордук көчөдө жайгашкан «Ош» универмагынын
алдындагы сквердеги Лениндин эстелиги алынып,



анын ордуна Курманжан датканын ат үстүндөгү
эстелиги тургузулду. Бул окуяны улуттук аң-сезим-
дин, патриоттуулуктун, өз тарыхыбызды баалоо се-
зиминин өскөндүгүнүн көрсөткүчү катары гана ка-
роо абзел. Ал эми Лениндин эстелигинин кийинки
тагдыры эмне болгондугу азыркы күнгө чейин бел-
гисиз. Ошол эле учурда айрым псевдопатриоттор-
дун койгон талабына карабай, борбордук аянттагы
В.И. Лениндин эстелигинин сакталып турушу (бул
эстелик азыркы күндө Борбор Азиядагы Лениндин
эң чоң эстелиги болуп калды – С.С.), шаар бийли-
гинин өткөн тарыхыбызга, совет дооруна адилет ка-
рап, калыс баа бергендиги. Адистердин пикирине
таянсак, эгемендик жылдарындагы Ленин көчөсүн-
дөгү жаңы архитектуралык стилде түшкөн көрүнүк-
түү имарат – бул Оштун 3000 жылдык мааракесине
карата курулган ЭлТР телестудиясынын имараты
болуп саналат. Ошондой эле акыркы жылдары Ле-
нин көчөсү менен Моминова көчөсүнүн кесилишин-
де заманбап Кыргыз-Түрк эл аралык көп профилдүү
клиникасынын курулуп ишке берилгендиги шаары-
быздын маданий-социалдык жактан өсүп жаткан-
дыгынын көрсөткүчү. Эгемендик жылдарында Совет
мезгилиндеги коомдук жана мамлекеттик мекеме-
имараттардын функциялары өзгөрдү же жеке мен-
чик ээлерине өтүп кетти. Мисалы, мурдагы «Алай»
мейманканасынын имаратында «Истамбул» кафеси,
окуу борборлору ж.б. у.с. чакан ишканалар жай-
гашып калды, мурдагы «Космос» кинотеатрынын
имараты Р. Абдыкадыров атындагы филормония-
га берилип, анын алдында белгилүү кыргыз ком-
позитору Р. Абдыкадыровдун эстелиги тургузулду,

Совет мезгилиндеги Пионерлер үйү «Келечек» балдар чыгармачылыгы борборуна айланды, анын алдына С. Ибраимовдун эстелиги коюлду. Ал эми мурдагы белгилүү шаардык төрөт үйү балдарды реабилитациялоо борбору болуп калды ж.б.

Ушул эле жылдын (1991-ж.) октябрь айында, Э. Тельман көчөсүнө А. Навоинин аты берилген.

*Алишер Навои (1441–1501-жж.) өзбек элинин белгилүү акыны, гуманист, мамлекеттик ишмер. Атасы монголдордун барлас уруусунан болгон. Гератта туулган. Өзбек адабий тилинин негиздөөчүсү катары эсептелет.* Навои көчөсүндөгү чоң өзгөрүү 2015-жылдын октябрь айында, узундугу 265 м., туурасы 24 м. болгон эстакадалык көпүрөнүн курулуп, ишке берилгендиги болду. Бирок тилекке каршы, ушул көчөдө жайгашкан совет мезгилиндеги Ош шаарынын өнөр жай гиганттарынын бири болгон союздук маанидеги Насос заводунун банкрот деп жарыяланып, жеке менчикке берилип, акыры барып жабылып калгандыгы эң өкүнүчтүү көрүнүш болду. Азыр заводдун аймагында «Келечек» жеке менчик базары жайгашкан. Ошондой эле Навои көчөсүндө «Пекин» жеке менчик мейманканасы, «Асман Ордо» көп кабаттуу жеке менчик турак үйү пайда болду. Бул 12 кабаттуу турак үйдүн эң үстүнкү 12-кабатында, ушундай аталыштагы заманбап, улуттук колориттеги ресторан жайгашып, шаардыктарга жана конокторго жогорку деңгээлдеги кызмат көрсөтүп келүүдө. Навои көчөсү менен Курманжан датка көчөсүнүн кесилишинде орун алган «Алай» мейманканасынын экинчи корпусу, анын бет маңдайындагы «Кара-Алма» чайханасы да жеке



менчик ээлерине берилип реконструкцияланып, архитектуралык жактан заманбап кооз көрүнүшкө ээ болгон жаңы соода жана тейлөө ишканаларынын имараттарына айланды. Бул, албетте, шаарыбыздын заман агымынан артта калбай өнүгүп жаткандыгынын көрсөткүчү.

1991-жылдын акыркы айынын күнүндө (31-декабрь) Ош шаардык администрациясынын № 706 токтому менен Түштүк-Чыгыш кичирайонунун башкы көчөсү болгон ВЛКСМдын 50 жылдыгы көчөсү Насирдин Исанов атындагы көчө болуп өзгөртүлдү.

*Насирдин Исанов (1943–1991-жж.) кыргыз элинин белгилүү мамлекеттик ишмери. Москвадагы инженер-куруу институтун бүткөн. Кыргызстандын курулуш министри, Ысык-Көл областынын аткаруу комитетинин төрагасы, Эгемен Кыргызстандын биринчи премьер-министри (1991-ж. январь-ноябрь) кызматтарында иштеген. Кыргызстандын эл чарбасынын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон. 1991-жылы 29-ноябрда автокатастрофадан көз жумган. Өлүмү азыркы күнгө чейин бүдөмүк.*

Н. Исанов атындагы көчө азыркы күндө Курманжан датка (мурдагы Түштүк-Чыгыш – С.С.) кичирайонунун башкы көчөсү. Ал Ташкент көчөсүнөн башталып, Гагарин (азыркы А. Шакиров – С.С.) көчөсүн түштүк багытта улап кетет жана шаардын түштүк-чыгыштагы чегине чейин барат. Бул кичирайон совет мезгилиндегидей эле студенттик шаарча болуп саналат. Мында ОшМУнун табият таануу, теология, медицина, эл аралык медицина факультеттеринин, медициналык клиникасынын, медколледжинин, ОшТУнун, ОшМПУнун, КУУнун, Со-

ода техникумунун окуу корпустары, студенттик жатаканалар, жеке менчик турак үйлөр, кафе-ресторандар ж.б. имараттар жайгашкан. Эгемендүүлүк жылдарында курулган заманбап имараттарга: ОшМУнун медицина, эл аралык медицина жана медициналык клиникасы, теология факультетинин жатаканасы, Эрдем мечити, ОшМПУнун башкы административдик корпусу кирет. 2016-жылы мында Исанов жана Ленин көчөлөрүн бириктирген кенен автотранспорт жүрө турган жаңы көчө жана көпүрө салынды. Көчөгө Санавар Бахапованын аты берилди. Ошондой эле «Жеңиш» паркы оңдолуп түздөлүп, көрктөндүрүлдү. Бул иштердин баары шаарыбыздын көркүнө көрк кошту. Бул талашсыз факт.

Ушул эле № 706 токтомго (1991-ж. 31-декабрь) ылайык шаардын борборундагы Ленин көчөсүнөн башталып, батыш багытта кеткен Пионерская көчөсү Гапар Айтиев атындагы көчө болуп өзгөртүлдү.

*Гапар Айтиев (1912–1984-жж.) – кыргыз элинин туңгуч сүрөтчүсү, кыргыз улуттук профессионал сүрөт искусствосунун негиздөөчүлөрүнүн бири. Оштун жанындагы Төлөйкөн айылында туулган. Кыргыз ССРинин искусствосунун эмгек сиңирген ишмери, СССРдин, Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү, СССР Көркөм академиясынын мүчө-корреспонденти (1973-ж.), Социалисттик Эмгектин Баатыры, Т. Сатылганов атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. Ал Кыргызстан Сүрөтчүлөр союзун 20 жылдан ашык жетектеген.*

Гапар Айтиев атындагы көчө Ленин көчөсүнөн башталып, Т. Кулатов (мурдагы Западный – С.С.) кичирайонунун айлампасына чейин барат. Гапар



Айтиев атындагы көчөдө ОшМУнун искусство колледжи, Оштогу Г. Айтиев атындагы атайын балдар көркөм мектеби, № 20 И. Раззаков атындагы орто мектеп-гимназиясы (мурдагы Панфилов атындагы орто мектеп – С.С.), «Ош – Билим ордо» жалпы билим берүүчү орто мектеби, Кыргыз-Өзбек университети ж. б. жайгашкан. Эгемендик жылдарында курулган имараттардан КӨУнун, «Сулайман-Тоо» мечитинин, «Энесай» ресторанынын имараттарын айтууга болот. «Сулайман-Тоо» мечити Суад Арабиясынын финансылык колдоосу менен курулган. Г. Айтиев көчөсүнүн батыш башындагы айлампага 2011-жылы ошол мезгилдеги шаар мэри М. Мырзакматовдун демилгеси менен кыргыз элинин белгилүү тарыхый инсаны Барсбек кагандын эстелиги тургузулган. Бул, албетте, шаарыбызга тарыхый улуттук колорит берген эстелик болуп калды.

Ош шаарынын көчөлөрүнүн эски аталыштарын эң көп өзгөрткөн жыл – 1996-жыл болгон десек болчудай. Бул жылы шаардын 15 көчөсүнө шаар администрациясынын, кийин шаар кеңешинин сессияларынын чечимдери менен жаңы аталыштар берилген. Алсак, Айыл чарба (Сельскохозяйственная) көчөсү – С. Ибраимов атындагы көчө, Шахтер (Шахтерская) көчөсү – А. Сүйүмбаев атындагы көчө, Хохлов көчөсү – Э. Алиев атындагы көчө, Комсомольская көчөсү – Р. Моминова атындагы көчө, Калинин көчөсү – Амир Тимур көчөсү ж. б. болуп өзгөргөн. Ушул жерден көңүл бурчу жагдай, айрым көчөлөрдүн жаңы аталыштары расмий кагаздарда, жарнактарда, ММКларда туура эмес жазылып жүрөт. Мисалы, 1993-жылы мурдагы Нагорная көчөсүнө кыргыз

элинин революцияга чейинки белгилүү жазгыч акыны Молдо Нияздын ысымы берилген. Бирок көчөнүн аталышы көп жерлерде Молдониязов көчөсү болуп жазылып жүргөндүгү өкүндүрөт. Бул коомубуздун, өзгөчө бул ишке жооптуулардын сабатсыздыгы…

Ош шаарынын дагы бир борбордук көчөсү болгон Кыргызстан көчөсүнө 2005-жылдын 14-апрелинде Ош шаардык кеңешинин XIII сессиясынын №94 токтому менен Кыргыз Республикасынын Баатыры *Апсамат Масалиевдин ысымы ыйгарылды жана Ленинград көчөсү менен кесилишкен жериндеги аянтчага баатырдын эстелиги коюлду. Апсамат Масалиев (1933–2004-жж.) кыргыз элинин советтик, партиялык жана мамлекеттик ишмери, Кыргыз Республикасынын Баатыры. А. Масалиев Ош областынын Кадамжай районунун Алыш айылында туулган. Кызыл-Кыя тоо-кен техникумун, Москвадагы тоо-кен институтун, Алма-Атадагы жогорку партиялык мектепти аяктаган. Фрунзе шаарынын аткаруу комитетинин төрагасы (1972–1974-жж.), Ысык-Көл областынын партиялык комитетинин 1-катчысы (1979–1985-жж.), Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы (1985–1990-жж.), СССРдин эл депутаты, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. 2004-жылы көз жумган. 2005-жылдын 25-июнунда эң жогорку сыйлык – Кыргыз Республикасынын Баатыры наамы ыйгарылган (өлгөндөн кийин).*

А. Масалиев көчөсү эгемендик жылдарында бир топ жакшыртылды (айрыкча Ош шаарынын 3000 жылдык маарекесине карата), жаңы заманбап имараттар түштү. Алсак, «Рамазан» соода борборунун



имараты, «Асман Ордо» көп кабаттуу турак үйү, ОшМУнун Бизнес жана менеджмент факультетинин окуу корпусу, Өзбек Республикасынын колдоосу менен курулган Навои атындагы гимназия-мектеби, имам аль-Бухарий – Алай мечити ж.б. Көчөнүн башындагы Каныкей энебиздин эстелиги турган сквер ирээттелип көрктөндүрүлдү. Бул жасалган иштердин баары көчөнүн, демек, шаарыбыздын көркүнө көрк кошту.

Ош шаарында 2010-жылдын июнь айында чоң кайгылуу окуя болуп өткөндүгү белгилүү. Кыргыздар менен өзбектердин ортосунда кандуу кагылышуу болуп, көп адам каза болду, шаар көчөлөрү бүлгүнгө учурады. Мына ошол коогаландуу күндөрү эки элди бириктирем, жараштырам деп жүргөн Ош шаардык кеңешинин депутаты Аскар Шакиров 11-июнь күнү снайпердин огунан курман болгон. Ошол эле жылдын 30-июлунда Ош шаардык кеңеши өзүнүн XXIV сессиясында шаардын борбордук көчөлөрүнүн бири болгон Гагарин көчөсүн Аскар Шакиров көчөсү деп атоо жөнүндө өзүнүн № 191 токтомун чыгарды. Ушул эле токтом менен Гагарин көчөсүнө параллель жайгашкан кийинки Демократическая көчөсүнө Гагариндин ысымы берилди.

*Шакиров Аскар Абидинович (1964–2010-жж.) Кара-Суу районунун Шарк айыл округунун Фуркат айылында туулган. Улуту кыргыз. Ош шаардык кеңешинин депутаты. 2010-жылдын 10-июнь күнү коогаландын эң курч учурунда эки элди тынчтандырууга, элдештирүүгө аракеттенип жүргөн мезгилде желкесине снайпердин огу тийип, ошол жерде көз жумган. Айылдаштары Аскар Шакировдун ысы-*

*мын өзүнүн туулуп өскөн айылы Фуркатка берүүнү сураныышып, КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты Жылдыз Жолдошевага кайрылышкан. Бирок ал кайрылуу жоопсуз калган.*

А. Шакиров көчөсү Ташкент көчөсүнөн башталып, түндүк-чыгыш багытта кетип, Монуев (мурдагы Гүлчө (Гульчинская) – С.С.) көчөсүнө чейин барат. Бул көчөдө орун алган совет мезгилиндеги Ош шаарынын өнөр жай гиганттарынын бири, шаардын эң алгачкы өнөр жай ишканасы болгон ВЛКСМ атындагы Ош – Жибек комбинаты эгемендүүлүк жылдарында приватташтырылып, акыры барып жок болду. Ошол совет мезгилинде продукциясы союздук республикаларга, чет өлкөлөргө экспорттолуп турган комбинаттын аймагында, азыр «Таатан» соода борбору (кытай базары) орун алган. Бул өтө өкүнүчтүү. Ошентсе да акыркы жылдары Шакиров (мурдагы Гагарин) көчөсү бир топ жакшыртылды, тротуарлар ирээтке келтирилип, көчө кеңейтилип асфальтталып, андагы мыйзамсыз салынган имараттар бузулду. Жаңы салынган Кардио Азия Плюс жеке менчик медициналык клиникасы, Планета электроника дүкөнү, жеке менчик кафе-ресторандар, «Глобус» соода-көңүл ачуу борбору ж.б. Шакиров көчөсүнө заманбап көрк берип турары шексиз.

Шаарыбызда архитектуралык жактан чоң өзгөрүүлөргө дуушар болуп жаткан дагы бир белгилүү көчө совет мезгилиндеги Гүлчө (Гульчинская), азыркы Исакбек Монуев көчөсү. Совет доорунда пайда болгон бул көчөнүн мындай аталышы, Гүлчө – Алай багытына кеткендигине байланыштуу болгон. Гүлчө көчөсү Ак-Буура көчөсүнөн башталып, чыгыш



багытта Алай – Гүлчө жолуна алып чыккан. Совет мезгилинде Гүлчө көчөсү менен Тажик көчөсүнүн кесилишинде Памир автотранспорт башкармалыгы (ПАТУ) жайгашкан жана мында белгилүү социалдык мекеме – көп тармактуу Ош областтык ооруканасы орун алган. Эгемендик жылдарында, 2004-жылдын 22-октябрында шаар кеңешинин VIII сессиясынын №66 токтому менен Гүлчө көчөсүнө Исакбек Монуевдин ысымы берилди.

*Исакбек Монуев (1902–1949-жж.), Шинжаң (КЭР) элинин улуттук баатыры, кыргыздын биринчи генералы. 1930–1940-жылдары Шинжаңдагы улуттук-боштондук кыймылын жетектеген генерал-лейтенант. Совет бийлигине каршы чыгып, Шиңжанга качып өткөн басмачылар менен күрөшкөн. Бул максатта өз айылындагы кыргыз жаштарынын катарынан ыктыярдуу отряд түзгөн. Ысакбектин отрядына 1934-жылы Советтер Союзу тараптан да ыктыярдуулар келип кошулган. Мурдагыдан да кубаттуу отряддын даңазасы ошондон кийин бүткүл провинцияга тарап кеткен. 1935-жылы аталган отряддын негизинде «Кыргыз кавалерлер полку» түзүлгөн. Ысакбек Монуев кийинчерээк Советтер Союзундагы аскердик окуу жайларда окуган. Согуштук-теориялык билимин өркүндөтүп, армиянын тактикалык тажрыйбаларын өздөштүргөн. 1937-жылы ага бригаданын генералы наамы ыйгарылган. 1944-жылы жай мезгилинде Кытайдын Иле округунда жанданган революциячыл-демократиялык кыймылдын улуттук-боштондук армиясын жетектеген. Анын армиясы гоминданчыларды бул аймактан сүрүп чыгар-*

*ган. 1944-жылы 12-ноябрда Кулжа шаарында үч аймактын (Иле, Алтай, Тарбагатай) убактылуу өкмөтү түзүлүп, көз карандысыз Чыгыш Түркстан Республикасы жарыяланган. Жаңы түзүлгөн өкмөттү генерал Ысакбек Монуев жана А. Касымов сыяктуу атактуу саясий лидерлер жетектей башта-ган. Көтөрүлүштөгү баатырдыгы үчүн Ысакбек Монуевге 1945-жылы 14-октябрда аскердик генерал-лейтенант даражасы ыйгарылган. Тилекке кар-шы, ал 1949-жылы 27-августта Кытайдын мамлекеттик биринчи саясий жыйынына катышуу үчүн Бээжинге учуп бараткандагы авиакырсыкта курман болгон. Анын өлүмүнүн жагдайы али күнгө чейин белгисиз. Сөөгү Кулжа шаарына коюлган.*

Азыркы күндө И. Монуев көчөсү заман талабына ылайык бир топ өзгөрдү. Кооз имараттар түштү. Алсак, Монуев көчөсү менен Т. Турсунбаева көчөлөрүнүн кесилишинде шаарыбыздагы «Шаар мунарасы» деген атка конгон көп кабаттуу заманбап турак жай шаарыбыздын көркүнө көрк кошуп турат. Андан сырткары бир катар жеке менчик ресторан-кафелер салынып, калкка кызмат кылууда. Албетте, аталган көчөдөгү белгилүү тарыхый-архитектуралык эстеликтерди айтпай кетүүгө болбойт. Алсак, шаардын «чыгыш дарбазасы» деп эсептелинген көчөнүн бөлүгүндөгү боз үйдүн түндүгүн элестеткен бийиктиги 20 м Арка, көчөнүн эки тарабындагы дубалдардагы кыргыздардын жана Улуу Жибек жолунун тарыхын чагылдырган узундугу 500 м «Кыргыз көчү» монументалдык комплекси (мозаикадан) жана Арканын алдындагы Алай тарапты карап бараткан айтылуу Алымбек датканын ат үстүндөгү эстелиги (2011-ж.)



шаарыбыздын архитектуралык көрүнүшүнө улуттук колорит берип турат. Ал эми көчөдөгү тээ совет мезгилинде курулуп, азыр да калкка кызмат кылып келе жаткан облустук ооруканаңы билбеген адам аз чыгаар. Мына ушул облусттук оорукананын алдындагы аянтчага 2006-жылы кыргыздын алгачкы генералы Ысакбек Монуевдин айкели тургузулган. Бул азыркы муундун өз тарыхына, андагы улуу адамдарга кылган таазими.

Арийне, акыркы мезгилдерде Ош шаарында жеке менчик курулуш компаниялары тарабынан курулган көп кабаттуу турак үйлөр жамгырдан кийинки козу карындай эле көбөйүүдө. Балким, бул заман талабыдыр. Анткени шаар калкы жыл сайын өсүүдө. Экинчиден, алар шаарыбыздын архитектуралык көрүнүшүн жакшы жагына өзгөртөөр. Бирок ошол эле учурда алардын сапаты, Оштун сейсмикалык өзгөчөлүгүн эске албай курулуп жаткандыктары, албетте, шаар калкын тынчсыздандырат. Тарыхчы катары дагы бир көңүл бурчу жагдай, жаңы үйлөрдү салуу максатында (башка себептери да болушу мүмкүн) бузулуп жаткан эски имараттардын тарыхый-архитектуралык эстелик катары баалуулуктарына көңүл буруу, аныктоо. Тарыхый-архитектуралык баалуулукка ээ имараттарды сактап калуу. Мына ушул маселе шаар бийлигинин ар дайым көңүл борборунда болуусу шарт.

Ошол эле учурда көчөлөргө берилген жаңы аталыштар (негизинен, адам аттары берилүүдө), б.а., ысымы берилген адамдардын коомчулукка белгисиздиги. Ошондуктан ар бир көчөнүн башына, мерчемдүү жерлерге, көчөгө ысымы берилген адам

жөнүндө кыскача маалымат жазылган тактайча илип коюу максатка ылайык деп эсептейбиз.

Эгемендүүлүк жылдарындагы жаңы көчөлөргө ат берүү же эски аталышын жаңылоо, өзгөртүү саясаты дайыма эле туура жүрүп жатат деп айтууга болбойт. Бул жерде кемчиликтер да жок эмес. Алар:

1. Көчөлөргө ат берүү саясатынын туруксуздугу. Мисалы, 1991-жылы Жданов атындагы көчөнүн аталышы Вишневая деп өзгөртүлүп, 2005-жылы У.Карабаев атындагы көчө болуп кайрадан өзгөртүлгөн. Ошондой эле Фабричная көчөсү 1996-жылы Петров көчөсү аталып, 2012-жылы кайрадан Абакир уулу Төрөбек көчөсүнө өзгөртүлгөн ж.б. у.с. көрүнүштөр.

2. Көчөлөргө татыктуу адамдардын ысымдары берилип жатабы? Бул маселе өтө олуттуу, мында коомчулуктун пикирин эске алуу, сурамжылоо жүргүзүү зарыл. Ошондон кийин гана тийиштүү бийлик органдары чечим кабыл алуусу шарт.

Ошентип, турмуштук фактылар көрсөтүп тургандай, эгемендүүлүк жылдарында Ош шаарынын бордук көчөлөрүнүн дээрлик баарынын аталыштары өзгөрдү. Аларга негизинен кыргыз элинин белгилүү тарыхый инсандарынын, мамлекеттик ишмерлеринин ысымдары ыйгарылды. Бул көрүнүштү коомдук саясий кырдаалдын өзгөргөндүгүнүн натыйжасында элибиздин улуттук аң-сезиминин өскөндүгү, өз тарыхына болгон кызыгуунун жогорулагандыгы катары кароого болот. Ошол эле учурда шаар көчөлөрүнө ат берүүдө совет мезгилиндеги кемчиликтердин кайталангандыгын байкоого болот. Кыргыз элинде,

# СҮРӨТТӨР СҮЙЛӨЙТ

## I. Колониалдык доор



*Ош шаарынын 1908-ж. бекитилген Герби.*



*Эски (туземдик) шаардын көчөлөрүнүн бири. XX к. башы*



*Борбордук базардын атырабындагы эски кварталдагы (махалля) көчө. 1906-ж.*



*Борбордук базардын жака-бели. Ак-Буура дарыясындагы жыгач көпүрө. XX к. башы.*



*Эски шаардын дагы бир көчөсү.*



*Ак-Бууранын сол жээгиндеги эски шаардын кварталдары (махалля). XX к. башы.*



*Сулайман тоонун түндүк-чыгыш тарабы. Эски шаардын кварталы (махалля). 1898-ж.*



*Алымбек датканын Ак медресеси, XIX к. 50-жылдары курулган. Совет мезгилинде (1946-ж.) бузулган. Ак-Буура дарыясынын оң жээгинде, борбордук базардын каршысында орун алган.*

# II. Совет доору




*Ош шаарынын орус бөлүгүнүн («жаңы» шаар) карта-схемасы. 1919-ж.*



Ош шаарынын Сулайман тоодон жалпы көрүнүшү.
1926-ж. Г. Зельманын фотосу.



Ош шаарынын борбордук бөлүгү. Свердлов жана
Тельман көчөлөрүнүн кесилиши. 1967-ж.



ОМПИнин (азыркы ОшМУнун) жаңы бүткөн
(1959-ж.) башкы корпусу. Свердлов
(азыркы Ленин) көчөсү. 1960-ж.




Жаңы курулган үйлөр. Ленин жана Пионер
(Пионерская) көчөлөрүнүн кесилиши.
(Араванская). 1982-ж.



*Сулайман тоонун туштук-чыгыш таманындагы «Достук» монументи. Ленин көчөсү. 1974-ж.*




*Шаардын борбордук бөлүгү. «Алай» мейманканасы. Ленин жана Тельман көчөлөрүнүн кесилиши. 1980-ж.*



*Ош шаарында алгачкы оргума (фонтан) 1974-ж. ачылган. Свердлов көчөсү.*




*Жаңы бүткөн Тиричилик үйү (Дом быта). Кыргызстан көчөсү. 1980-ж.*



*Навои паркы менен Борбордук базарды бириктирген жалгыз жер алдындагы өтмөк (подземный переход). Тельман көчөсү. 1980-ж.*







*Свердлов жана Тельман көчөлөрүнүн кесилишиндеги борбордук аянттагы Ош универмагы (ЦУМ) жана Ширин гастрономү. 1966-ж.*



*И. Сталиндин эстелиги. Азыркы «Түбөлүк от» мемориалынын ордунда турган (Рауф Дусеевдин архивиндеги фото). XX к. 40–50-жж. азыркы Ленин көчөсү Сталин көчөсү деп аталган. КПССтин XX съездинен кийин көчөгө Свердловдун ысымы берилип, эстелик алынган. Эстеликтин тагдыры белгисиз.*



*Свердлов жана Тельман көчөлөрүнүн кесилишиндеги шаардын борбордук аянты. Мында С. Кировдун эстелигин көрүүгө болот. Ал 1966-ж. алынып, ордуна В.И. Лениндин эстелиги коюлган. С. Кировдун эстелиги ушул эле көчөдөгү Киров атындагы орто мектептин короосуна жылдырылган. Эстелик азыркы күндө да ошол жерде.*



*XX кылымдын 80-жылдары салынган советтик көп кабаттуу үйлөр. Ош району, Кара-Суу көчөсү.*



*Өткөн кылымдын 80-жылдарынын ортосунда курулган, Кыргызстан кең көчөсү менен Кара-Суу көчөсүнүн кесилишиндеги жети кабаттуу (ошол мезгилдеги эң бийик турак жайлардын бири – С.С.) турак жай. Анын алдындагы аянтчага улуттук маданиятыбыздын, шаарыбыздын меймандостугунун символу катары Каныкей энебиздин эстелиги тургузулган. Азыркы күндө «Каныкей сквери» деп аталат.*

# III. Эгемендүүлүк доору



*Ош шаарынын борбордук аянты. КРнын мамлекеттик Туусу, шаар мэриясынын жана обладминистрациянын имараты (имарат совет мезгилинде курулган – С.С.) жана анын каршысында Лениндин 1985-ж. тургузулган (Борбор Азиядагы эң бийик – С.С.) эстелиги. Ленин көчөсү.*



*Ош шаарынын борбордук бөлүгүндө жайгашкан Алымбек датка этнографиялык борбору. Алымбек датканын эстелиги. Арткы фондо: «Достук» монументи, «Сулайман тоо» улуттук тарыхый-архитектуралык музей комплекси жана ыйык Сулайман тоо. Курманжан датка көчөсү.*



*Ош мамлекеттик университетинин башкы корпусу. Ленин көчөсү, 331.*



*«Ош нуру» мейманканасы. Ленин жана Баялинов көчөлөрүнүн кесилиши.*



*«Келечек» балдар чыгармачылыгы борбору (совет мезгилиндеги «Пионерлер үйү») жана С. Ибраимовдун эстелиги. Ленин көчөсү.*




*«Достук» эстакадалык көпүрөсү (2015-ж. курулган). А.Навои көчөсү.*



*Шаардын «Чыгыш дарбазасындагы» Алымбек датканын эстелиги жана боз үйдүн түндүгүн элестеткен Арка. Жолдун эки тарабындагы дубалдарда «Кыргыз көчү» монументалдык комплекси. Арткы фондо: «Шаар мунарасы» («Башня города») көп кабаттуу турак жайы. И. Монуев көчөсү.*



*Шаардын борбордук бөлүгү, «Достук» көпүрөсүнүн атырабы. Акыркы жылдары салынган жана заманбап кооз көп кабаттуу үйлөр. Ош «бийиктикке» карай өсүүдө.*



*Сулайман тоонун чыгыш тамаңында жайгашкан «Сулайман тоо» мечити. Г. Айтиев көчөсү.*




*Ош Эл аралык аэропортунан келаткан айлампадагы Айкөл Манастын эстелиги (Кыргызстандагы эң бийик эстелик). 2013-ж. тургузулган.*



Барсбек кагандын эстелиги 2013-ж. тургузулган. Шаардын «Батыш дарбазасындагы» айлампа. Т. Кулатов кичирайону.




Ак-Буура дарыясынын эки жээгин бириктирген көпүрө (1984-ж. курулган). Р. Абдыкадыров (мурдагы Интернациональная) көчөсү.



Шаар мэриясынын иш күнү башталууда.



Түнкү Ош. «Сулайман тоо» мечити. Сулайман тоонун түштүк тарабы. Г. Айтиев көчөсү.




*Бакыт өргөөсү (Дворец счастья).*
*Курманжан датка көчөсү.*




*Р. Абдыкадыров көчөсү. Төлөйкөн кичирайону.*



*«Нурзаман Плаза» соода борбору. А. Шакиров (мурдагы Ю. Гагарин) көчөсү.*



*Заманбап жеке менчик турак жай. Н. Исанов көчөсү, Түштүк-чыгыш (Юго-восток) кичирайону.*



*Кыргыз Республикасынын Баатыры А. Масалиевдин айкели. А. Масалиев проспекти.*



*С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театры. Ленин көчөсү.*



«Көч бара-бара түздөлөт» деген макал бар. Ошол сыяктуу, бул маселе да бара-бара оңолоор.

Эгемендүүлүк жылдарындагы шаарыбыздын жалпы архитектуралык көрүнүшүнө, анын көчөлөрүнүн көркүнө көрк кошуп турган, мурунку доорлордо болбогон же тымызын тыюу салынган жаңы көрүнүштү, өзгөчөлүктү айтпай кетүүгө болбойт. Ал биринчиден, шаарыбыздын чыгыш, түндүк жана батыш кире беришине тургузулган Алымбек датканын, Айкөл Манастын, Барсбек кагандын жана ошондой эле кыргыз элинин белгилүү тарыхый инсандарына тургузулган шаар ичиндеги бир катар эстеликтер. Экинчиден, шаар көчөлөрүндө курулган жана курулуп жаткан «Шаар мунарасы» (Башня города»), «Асман Ордо» ж.б. у.с. көп кабаттуу заманбап кооз турак жайлар. Үчүнчүдөн, заманбап, архитектуралык жактан кооз «Эрдем», «Ал-Бухари – Алай», «Сулайман тоо» ж.б. диний имараттар, мечиттер.

Жалпылап айтканда, эгемендүүлүк жылдарында шаар көчөлөрү заман талабына, табитине ылайык жакшырууда, жашылдандырылууда. Аларда (көчөлөрдө) заманбап ар түрдүү архитектуралык стилдеги кооз имараттар түшүүдө, шаар «бийиктикти» карап өсүүдө. Албетте, бул көрүнүштөр шаарыбыздын көркүнө көрк кошуп, шаардын архитектуралык көрүнүшүн заман талабына ылайык кооз жана сулуу кылып өзгөртөт. Карт тарыхтуу Ош шаары заманбап шаарга айланат. Ошол эле учурда, шаарыбыздын өзгөчөлүгүн, б.а., тарыхыйлуулугун сактап калуу шаар бийлигинин, жалпы коомчулуктун архимаанилүү милдети.

Арийне, бул багыттагы иштерди аткарууда Ош шаарынын башчысынын (мэрдин), шаар мэриясынын жана анын түзүмдөрүнүн, шаардык кеңештин орду олуттуу. Шаарыбыздын жана анын көчөлөрүнүн социалдык-маданий, архитектуралык көрүнүшүн жакшыртуу жана өнүктүрүү иштери мына ушул шаардык башкаруу органдарынын жетекчилиги астында аткарылып келди жана аткарылууда. Калыстык үчүн бул иштерди жүзөгө ашырууда шаар мэрлери: Мелис Мырзакматовдун (2009–2013-жж.), Таалай Сарыбашевдин (2018–2021-жж.) эмгектерин өзгөчө белгилөө шарт. Ошондой эле азыркы учурда да шаар мэриясы тарабынан бул багытта алгылыктуу иштер алып барылууда. Ал иштер бир саат, бир мүнөт да токтобошу абзел.

## Корутунду

Кыргызстандын түштүк борбору болгон, 3000 жылдан ашык тарыхка ээ Ош шаары азыркы күндө заманбап, тез темп менен болбосо да мезгилден артта калбай өнүгүп жаткан шаар. Бир доорлордогу Сулайман тоого ыктай жайгашкан үч дарбазасы бар чеп-шаар колониалдык доордо, өзгөчө совет доорунда, андан кийин эгемендүүлүк жылдарында болуп көрбөгөндөй өнүгүүгө жетишти. Шаардын аймагы кеңейди, жаңы кичирайондор пайда болуп, калктын саны өстү, өнөр жай ишканалары, билим берүү, илимий жана маданий мекемелер, социалдык жана соода объектилери, кооз жана бийик турак жайлар курулду ж.б.

Ар бир шаардын тарыхый жана маданий өнүгүүсүн даана чагылдырган – бул анын көчөлөрү, андагы имараттар, алардын өсүп-өнүгүүсү, өзгөрүүсү. Арийне, ар бир шаардын көчөлөрүнүн жаралуу, өнүгүү, аталышынын өзгөрүү тарыхы, шаар тарыхы менен тыгыз байланышкан. Көчөлөрдүн аталышынын этимологиясы, анда курулган социалдык-маданий ж.б. имараттардын пайда болуу тарыхы, архитектурасы ошол доордун, коомдун, саясий системанын идеологиясын, табитин, философиясын, өнүгүү деӊ-

гээлин чагылдырып турат. Башкача айтканда, баалуу тарыхый булак болуп саналат. Аларды изилдөө, шаардын тарыхын изилдөө ишине олуттуу салым кошот. Демек, бул ишти колго алуу, өнүктүрүү шарт. Бул ишке биз аз да болсо салым кошууга аракеттендик.

Ош шаарында азыркы күндө 187 көчө бар. Алардын саны жыл сайын өсүүдө, жаңы көчөлөр пайда болууда. Албетте, биз бул чакан китебибизге алардын баарынын тарых-таржымалын киргизе албадык. Ал мүмкүн да эмес. Китепте 3 тарыхый доорду (колониалдык, советтик жана эгемендик) камтыган, хронологиялык жактан 150 жылга созулган мезгилдеги Ош шаарынын башкы көчөлөрүнүн колдо бар маалыматтарга таянып жазылган тарыхы окурмандарга сунушталды. Анын оң-терс, жетишкен-жетишпеген жактары окурмандын таразасында. Айтаарыбыз, бул биринчи китеп, б.а., изилдөөбүздүн башаты жана бул иш уланат. Китеп жөнүндөгү окурмандардын ой-пикирлерин угуп, дагы маалыматтарды жыйнап, толуктап, китептин экинчи бөлүгүн чыгарабыз деген ой тилегибиз бар.

## Колдонулган булактар жана адабияттар

**1. Булактар**

1.1. Байыркы жана түбөлүк жаш Ош шаары. Кыскача статистикалык жыйнак. – Ош, 2000.

1.2. Ош глазами русских исследователей (вторая половина XIX – начало XX вв.). Документы, материалы, фотографии, комментарии. – Б.: 2003.

1.3. **Зимин Л.** Мусульманское сказание о городе Оше. – Ташкент, 1913.

1.4. Ош областтык мамлекеттик саясий документациялар архиви (ООСДМА). 50-фонд,1-опись, иш кагазы-12.

1.5. ООСДМА, ф.2, оп.3, иш кагазы 288, 166-барак.

1.6. ООСДМА, ф.2, оп.2, иш кагазы 140, 4-барак.

1.7. ООСДМА, ф.2, оп.3, иш кагазы 296, 9-барак.

**2. Жалпы адабияттар**

2.8. **Галицкий В., Плоских В.** Старинный Ош. – Фрунзе, 1987.

2.9. **Касымов Г.К.** Город Ош: Краткий исторический очерк. – Ош, 1960.

2.10. **Айдашев А.** Город Ош: Краткий краеведческий очерк. – Фрунзе, 1968.

2.11. **Исаев А., Картавов М.М.** Город Ош: Краткий краеведческий очерк. Путеводитель. – Фрунзе, 1974.

2.12. **Кравцов М.М., Сулина М.Г.** Ош: Путеводитель. – Ош, 1982.

2.13. Ош шаары. Город Ош./ текстин түзгөндөр: Абдурасулов А., Примкулова А. – Ош, 1994.

2.14. **Нурматова С.** Русские в Оше (конец XIX– середина XXвв.): по материалам архивов. – Ош, 2007.

2.15. **Нуридинова Т.** и др. Древний Ош в истории Кыргызстана. – Ош, 2004.

2.16. **Захарова А.** Историко-архитектурное наследие города Ош (конец XIX – начало XX вв.). – Б., 1997.

2.17. **Захарова А., Иманбердиев Д.** Ош: первые учебные заведения. – Б., 2004.

2.18. Ош глазами русских исследователей (вторая половина XIX– начало XX вв.). Документы. Материалы. Фотографии. Комментарии. – Б., 2003.

2.19. **Малтаев К.Ж.** Сулайман тоо – древнейший поднебесный храм в Центральной Азии. – Ош, 2000.

2.20. Сулайман-Тоо символ мира и согласия// Вестник ОшГУ. – №3. – Выпуск 1. – 2014.

2.21. **Абытов Б.** Ош: факты, события и личности. – Ош, 2000.

2.22. **Исаев А.** Кыргыз мектептери Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында. 1941–1945. – Ош, 2005.

2.23. Все про Ош... Вып.1. (Из материалов международной конференции «Ош на пороге XXI века: Из глубин истории в цивилизованное будущее». Ош 9–12-октября 1997г.). – Ош, 1998.

2.24. Все про Ош ... Вып.2. (Из материалов международных конференций «Ош на пороге XXI века: Из глубин истории в цивилизованное будущее». Ош 9–12-октября 1997 г. и «История и культура Оша и Ошской области в домонгольскую эпоху» Ош 28-30-октября 1998г.). – Ош, 1999.

2.25. **Лосев Д.С., Кочкунов А.С.** О чем рассказывают улицы. – Фрунзе, 1990.





2.26. **Боровкова Л. А.** Запад Центральной Азии во II веке до н.э. – в VII веке н.э. (историко-географический обзор по древнекитайским источникам). – М., 1989.

2.27. Бабур. Бабур –наме (Записки Бабура). – Ташкент, 1982.

2.28. Восточные авторы о кыргызах: Сб. /Составитель О. Караев. – Б., 1994.

2.29. **Исомиддинов З.** Она юртим Киргизистон, Уш... – Б., 2019.

2.30. **Өмүрбеков Т.Н.** Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду: (XIX к. ортосу – XX к. башы). – Б., 2003.

2.31. История Киргизской ССР. – Том II. -Книга первая. – Фрунзе, 1968.

2.32. **Смадияров С.** Кыргыз мамлекети автономия жылдарында (1924–1936-жж.): түзүмү, ишмердиги, ишмерлери. – Ош, 2016.

2.33. Ошская область. Энциклопедия. – Фрунзе, 1987.

2.34. Ош мугалимдер институтунан башталган жол. ОшМУнун 75 жылдык маарекесине арналат. – Ош, 2014.

2.35. **Низамиев А.** Современный Ош: возрождение как центра путешествий. – Ош, 2004.

2.36. **Усмонов М.** Умр довани. – Ош, 2018.

2.37. **Кененсариев Т.** Кыргызстандын XIX кылымдын 50–70-жылдарындагы саясый өнүгүүсү. – Б., 2009.

2.38. **Өмүрзакова Т.** Курманжан датка. Доор. Инсан. Ишмердүүлүк. – Экинчи жолу толукталып чыгарылышы. – Б., 2015.

2.39. **Бектурганова К.** Кыргызстандын асыл кыздары. – Б., 2006.

2.40. **Воропаева В., Джунушалиев Д., Плоских В.** История отечества. Краткий курс лекция по истории Кыргызстана. – Б.

**3. Макалалар**

3.41. **Ташбаева К.И.** Давань: государственное устройство, этническая принадлежность и хозяйство населения.// Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында: Борбордук Азиядагы Улуу Кыргыз каганатынын түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган II эл аралык илимий жыйындагы баяндамалардын жыйнагы. – Б., 2014.

3.42. **Кененсариев Т.** Алымбек датканын табыттуу тарыхый ордун табуу жөнүндө...//Алымбек датка жана анын доору. Кыргыздын чыгаан мамлекеттик ишмери Асан бий уулу Алымбек датканын (1799–1862) 215 жылдык маарекесине арналган жыйнак. – Б., 2016.

3.43. **Эркебаев М.** Алымбек датка // Кыргыздар. 3-том. Түзгөн: Кеңеш Жусупов. – Б., 1995.

3.44. **Абдылдаева А., Абдылдаев Ж.** Ош и ошане в годы Великой отечественной войны // Вестник ОшГУ. – №1. – 2005.

3.45. **Абытов** и др. Эвакуированные предприятия и населения в Кыргызстан в годы войны// Вестник ОшГУ. – №1. – 2005.

3.46. **Смадияров С.** Абдыкадыр Орозбековдун замандашы жана кесиптеши, даткалардын урпагы Далимырза Зульфибаев // Абдыкадыр Орозбековдун кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүн түзүүдөгү орду. – Б., 2017. – 235-244-бб.

3.47. Абдыкадыр Орозбековдун кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүн түзүүдөгү орду. – Б., 2017.

3.48. **Базарбаев Е. Т.** Ош: үч миң жылдын үч жылы// Все про Ош... Вып.2. – Ош, 1999.

**4. Интернет булактар**

4.48. https://ru.wikipedia.org/wiki/Ош (город_Киргизия).



4.49. http://dipkurier.narod.ru/dip78/pamjat.htm; Акрам Валиев «Свет знаний неся через года» /Дипкурьер – приложение к газете «Эхо Оша». – №7. – июль, 2008.

4.50. http://dipkurier.narod.ru/dip78/pamjat.htm.

4.51. https://news.rambler.ru/other/39623276-mihail-skobelev-tayna-smerti-belogo-generala/.

4.52. Tatyana Vavilova / https://mytashkent.uz/2014/05/20/soldatskaya-sloboda-i-alajskij-bazar/.

4.53. https://www.facebook.com/notes/ ошане/мы-ошане-судьба-дали-мырзы-по-рассказам-его-детей/992168454216096/

4.54. https://m.facebook.com/oshane.kg/posts/1685510364881898

4.55. https://autotravel.ru/otklik.php/25965

4.56. https://www.open.kg/about-kyrgyzstan/cities/osh-city/osh-3000/35497-oshskiy-hlopchatobumazhnyy-kombinat.html

4.57. http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:597

4.58. http://incredibleosh.kg/?p=2118, Osh. А вы знаете, где находится Ошский ЦУМ? //Автор INCREDIBLEOSH 30 марта 2020года

## Тиркеме:

# Доорлор жана көчөлөр

| | | Колониал-дык доор | Кеңеш (совет) доору | Эгемендүүлүк жылдары | Ким тарабынан, качан өзгөртүлгөн |
|---|---|---|---|---|---|
| Доорлор | | | | | |
| | 1. | Скобелев | Ленин | Курманжан датка | Ош шаардык мамадминистрациясынын № 292 токтому. 10.02. 1991-ж. |
| | 2. | Абрамов (Башкы) | Коммунисттик - И. Сталин - Я. Свердлов | Ленин | Ош шаардык мамадминистрациясынын № 292 токтому. 10.02. 1991-ж. |
| | 3. | Базарная; (анын уландысы) - Кладбищен-ская | Т. Хохлов | Алиев | Ош шаарынын мамадминистрациясынын токтому. ? 08.01. 1996 |
| | 4. | Тюремная (Түрмө) | К. Баялинов | К. Баялинов | Өзгөрбөгөн |
| | 5. | Торговая (Соода) | М. Ломоносов | М. Аматов | Шаар кеңешинин VI сессиясынын №55 токтому 26.12.2016 |
| | 6. | Училищная | Училищная | Заднепровский | Шаар кеңешинин VIII сессиясынын №48 токтому |
| | 7. | Церковная | Дзержинский | А. Асранкулов | Шаар кеңешинин II сессиясынын № 11 токтому. 17. 01.00 |
| | 8. | Загородная | Совет | М. Жиннах | Шаар кеңешинин XIV сессиясынын № 69 токтому 22. 12. 2004 |
| | 9. | Полевая | Фрунзе | М. Алымбеков | Шаар кеңешинин X сессиясынын № 85 токтому 22.12.2004 |
| | 10. | Татарская | - | - | |
| | 11. | Бурлашлик | Ул. Алебастрова | Кол өнөрчүлөр көч. | Шаар кеңешинин XVI сессиясынын № 141 токтому 19.11.2009 |
| | 12. | - | Клуб (Клубная) | Мухтар Нургазиев | Шаар кеңешинин VI сессиясынын №55 токтому 26.12.2016 |
| | 13. | - | Интернациональная | Р. Абдыкадыров | Шаар кеңешинин VIII сессиясынын №55 токтому 26.12.2016 |
| | 14. | - | Фабричная – В.Голубев | Б. Нурматов | Шаар кеңешинин XXIV сессиясынын № 129 токтому 26.12.2016 |
| Көчөлөр | 15. | - | Ноокат (Наукатская) | А. Мамыров | Шаар кеңешинин XXIII сессиясынын № 119 токтому. 26.12.2016. |



| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 16. | - | Араван (Араванская) – Пионер (Пионерская) | Г. Айтиев | Ош шаарынын мамадминистрациясынын №706 токтому. 31.12.1991. |
| | 17. | - | Э. Тельман | А. Навои | Ош шаарынын мамадминистрациясынын № 553 токтому. 29.10.1991. |
| | 18. | - | Жумушчу-дыйкан (Рабоче-крестьянская) - Кыргызстан | А. Масалиев кең көчөсү | Ош шаардык кеңешинин XIII сессиясынын № 94 токтому. 14.04.2005. |
| | 19. | - | Кара-Суу көч. – Юбилейный кең көчөсү | И. Раззаков ат. кең көчө | Ош шаарынын мамадминистрациясынын № 301 токтому. 26.10.1990. |
| | 20. | - | Тажик (Таджикская) – Ю. Гагарин | А. Шакиров | Ош шаардык кеңешинин XXIV сессиясынын № 191 токтому. 30.07. 2010.. |
| | 21. | - | Уркуя Салиева | Уркуя Салиева | Өзгөрбөгөн |
| | 22. | - | Санжарбек Касымбеков | Санжарбек Касымбеков | Өзгөрбөгөн |
| | 23. | - | Фабричная – ВЛКСМдын 50 жылдыгы | Н. Исанов | Ош шаарынын мамадминистрациясынын № 706 токтому. 31.12.1991. |
| | 24. | - | Лев Толстой | Лев Толстой | Өзгөрбөгөн |
| | 25. | - | Ю. Лермонтов | Ю. Лермонтов | Өзгөрбөгөн |
| | 26. | - | М. Горький | М. Горький | Өзгөрбөгөн |
| | 27. | - | А. Жданов | Вишневая | Ош шаарынын мамадминистрациясынын № 553 токтому. 29.10..1991. |
| | | | | У. Карабаев | Ош шаардык кеңешинин XIII сессиясынын № 191 токтому. 14.04.2005. |
| | 28. | - | Мичурин | С. Маатов | Ош шаардык кеңешинин VI сессиясынын № 55 токтому. 26.12. 2016. |
| | 29. | - | В. Чапаев | А. Жунусов | Ош шаардык кеңешинин V сессиясынын № 43 токтому. 11.05.2004.. |
| | 30. | - | Шахтер (Шахтарская) | А. Сүйүмбаев | Ош шаарынын мамадминистрациясынын токтому. 08.01. 1996. |
| | 31. | - | Сельскохозяйственная | С. Ибраимов | Ош шаарынын мамадминистрациясынын токтому. 1994-ж. |
| | 32. | - | Ашхабад (Ашхабадская) | Дооронбек Садырбаев | Ош шаардык кеңешинин XXII сессиясынын № 174 токтому. 27.05.2010.. |
| | 33. | - | Нагорная | Молдо Нияз | Ош шаарынын мамадминистрациясынын № 9 токтому. 29.12.1993. |
| | 34. | - | Калинин | Амир Тимур | Ош шаарынын мамадминистрациясынын токтому. 08.01. 1996. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 35. | - | Айланма жол (Объездная) | Б. Осмонов | Ош шаардык кеңешинин II сессиясынын ... токтому. 17.01.2000. |
| | 36. | - | Подгорная | Көкүм бий | Ош шаардык кеңешинин XXV сессиясынын № 253 токтому. 10.08.2007.. |
| | 37. | - | Привокзальная | Таттыбүбү Турсунбаева | Ош шаардык кеңешинин XXIV сессиясынын № 134 токтому. 17.03.2003. |
| | 38. | - | Гүлчө (Гульчинская) | Исакбек Монуев | Ош шаардык кеңешинин VIII сессиясынын № 66 токтому. 22.10.2004. |
| | 39. | - | Степная | И. Закиров | Ош шаардык кеңешинин XIII сессиясынын № 96 токтому. 14.04.2005. |
| | 40. | - | Зайнабетдинов | Ж. Раимбеков | Ош шаар кеңешинин V сессиясынын № 69 токтому. 18.12.2012. |
| | 41. | - | Ленинград (Ленинградская) | Женишбек Шамшиев | Ош шаардык кеңешинин VI сессиясынын № 55 токтому. 26.12.2016. |
| | 42. | - | Ак-Буура (Ак-Буринская) | Тилеке баатыр | Ош шаардык кеңешинин V сессиясынын № 67 токтому. 18.12.2012. |
| | 43. | - | Институт (Институтская) | А. Бөрүбаев | Ош шаардык кеңешинин VI сессиясынын ... токтому. 21.05.1996. |
| | 44. | - | Комсомол (Комсомольская) | Р. Муминова | Ош шаарынын мамадминистрациясынын токтому. 08.01.1996. |
| | 45. | - | Коммунисттик (Коммунистическая) | Т. Жумабаев | Ош шаарынын мамадминистрациясынын токтому. 08.01.1996. |
| | 46. | - | Фабрика (Фабричная) | Петров | Ош шаарынын мамадминистрациясынын токтому. 08.01.1996. |
| | | | | Абакир уулу Төробек | Ош шаардык кеңешинин V сессиясынын № 63 токтому 18.12.2012 |
| | 47. | - | Гренажная | Таш Мияшев | Ош шаардык кеңешинин XV сессиясынын #123 токтому. 08. 10. 2009 |
| | 48. | - | Карл Маркс | Сагынбек Супаналиев | Ош шаардык кеңешинин XXVIII сессиясынын № 149 токтому. 17. 03. 2003. |
| | 49. | - | Патрис Лумумба | К. Бобулов | Ош шаардык кеңешинин XXVIII сессиясынын № 149 токтому. 17. 03. 2003. |
| | 50. | - | Вяземская | Ешен Базарбаев | Ош шаардык кеңешинин XIX сессиясынын № 97 токтому. 30. 07. 2002. |
| | 51. | - | Школьная | Насирдин Байтемиров | Ош шаардык кеңешинин XXIV сессиясынын № 131 токтому. 17. 03. 2003. |
| | 52. | - | Париж Коммунасы (Парижская Коммуна) | Саламатхан Касымова | Ош шаардык кеңешинин VI сессиясынын №55 токтому. 26. 12. 2016. |

## МАЗМУНУ

**Алгы сөз** .................................................... 3

**I бөлүм**

**Ош шаарынын кыскача тарыхы**

1.1. Ош шаары революцияга чейинки мезгилде ................................ 5

1.2. Ош совет доорунда жана эгемендүүлүк жылдарында ...................... 25

**II бөлүм**

**Шаар көчөлөрүнүн пайда болушу жана өнүгүшү**

2.1. Уезддик борбордун көчөлөрү.................. 47

2.2. Советтик көчөлөр: жаңылануу жана өнүгүү ........................................ 66

2.3. Эгемендүүлүк жылдарында өзгөргөн көчөлөр ....................................103

Корутунду................................................ 123

Колдонулган булактар жана адабияттар............125

*Тиркеме:* Доорлор жана көчөлөр ......................130

## СУНУШТАР жана ПИКИРЛЕР

*Тарыхый басылма*

**Смадияров Сыдык**

# ОШ:
# КӨЧӨЛӨРДӨ КАТЫЛГАН ТАРЫХ

*Тарыхый очерк*

Биринчи китеп

Бишкек, «Турар» басмасы
*(Кыргыз тилинде)*

Редактору *Ж. Теңирбергенова*
Көркөмдөгөн жана компьютерде калыпка салган *А. Эгембердиева*

Басууга 27.12.2022-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84 1/16.
Көлөмү 8,5 б.т. + 24 б. вкл. кара, түстүү. Нускасы 500.
Заказ № 2360.

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.

